63.3(2Кы)
М 45

Карыбек Молдобаев
Karıbek MOLDOBAYEV



# МЕЗГИЛ ЖАНА ӨЗҮМ ТУУРАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР

# BİR DEVRİN TANIĞI

# РАЗМЫШЛЕНИЯ О ВРЕМЕНИ И О СЕБЕ



Карыбек Молдобаевдин энеси Уулжан.
Karıbek Moldobayev'in annesi Uulcan Hanım
Мать Карыбека Молдобаева Уулжан

Карыбек Молдобаев

# МЕЗГИЛ ЖАНА ӨЗҮМ ТУУРАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР

Karıbek MOLDOBAYEV

# BİR DEVRİN TANIĞI

Карыбек Молдобаев

# РАЗМЫШЛЕНИЯ О ВРЕМЕНИ И О СЕБЕ

Бишкек / Bişkek-2012

63.3 (2Кп)

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 75

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин басылмалары: 158

М 75 Молдобаев Карыбек. Мезгил жана өзүм тууралуу ой жүгүртүүлөр. – Б.: 2012. – 384 б.

ISBN 978-9967-26-684-1

Бул китепте профессор Карыбек Молдобаевдин кылган кызматы, аткарган иштери, чыгармачылыгы автор өзү тууурасында ой жүгуртүүлөр орун алды.

Китеп К. Молдобаевдин биографиялык чыгармасына кызыккан бүтүн окурмандарга арналат.

**Карыбек Молдобаев. Мезгил жана өзүм тууралуу ой жүгүртүүлөр ........... 3**
**Сүрөттөр ........................................................................................ 329**

**Karıbek MOLDOBAYEV. Bir Devrin Tanığı ............................................ 123**
**Fotoğraflar ..................................................................................... 329**

**Карыбек Молдобаев. Размышления о времени и о себе ........................ 215**
**Фотографии .................................................................................. 329**

М 4702300100-12

ISBN 978-9967-26-684-1

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
**© Молдобаев К., КТМУ, 2012**

# МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ....................4
БАЛАЛЫК КЕЗ ЖӨНҮНДӨ....................6
ОКУУЧУЛУК ЖЫЛДАР....................8
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ИШ ТАЖРЫЙБАМ....................13
САЯСИЙ КАРЬЕРАМ....................18
Фрунзе – менин шаарым....................24
Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин катчылык кызматында....................30
Дин иштери боюнча Кеңештеги эмгек жолум....................34
ЭКИ БООРДОШ ӨЛКӨ КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ АЛТЫН КӨПҮРӨ БОЛГОН КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИН ТҮЗҮҮ....................39
Университетти өнүктүрүү жөнүндөгү башкы планды ишке киргизүү....................47
Университеттин илимий жашоосу....................49
МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ....................57
РЕДАКТОРДОН....................60
КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ: БИЗДИН ТАРМАКТА ДА АТААНДАШТЫК ЧӨЙРӨ ТҮЗҮЛСҮН: БОРБОР ШААРДЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫ....................61
«МЕНИН ТАМЫРЫМ – ЭНЕНИН ЖАНА ТАБИЙГАТТЫН ГАРМОНИЯСЫНДА »....................68
ТАРЫХ ЧАКЫРЫГЫ ЖАНА БИЗДИН КЕРЕҢДИГИБИЗ....................72
БЕРМЕТТЕН БУУРЧАККА ЖАНА БУУРЧАКТАН БЕРМЕТКЕ....................77
ШААРДЫН ГЕНЕРАЛЬНЫЙ ПЛАНЫ КУШТУН КАНАТЫНДАЙ....................81
АЧЫК ТЕРЕЗЕЛҮҮ ҮЙ....................85
«АЙГАЙГАК ТАЛААСЫ» ӨКСҮК КОМПЛЕКСИ ЖЕ УЛУТТУК КОНСОЛИДАЦИЯ БОЮНЧА ОЙЛОР....................90
КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ: КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН РЕПУТАЦИЯСЫ ТАЗА....................94
КАРЫБЕК МОДОБАЕВ: БИЗДИН КЕМЧИЛИГИБИЗ – РАЦИОНАЛИЗМДИН ЖОКТУГУ....................99
ИДЕОЛОГИЯ ОЙЛОНУП ТАБЫЛБАЙТ, ТОЛГОНУУ МЕНЕН ИШТЕЛИП ЧЫГАТ....................104
АДАМТААНУУНУН НЕГИЗДЕРИ....................108
ЧЫНДЫКТЫН СУБЪЕКТИВДҮҮ СӨЗҮ....................111
«АЛТЫН КӨПҮРӨНҮН» АРХИТЕКТОРУ – КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ....................115
К. М. МОЛДОБАЕВДИН «МЕЗГИЛ ЖАНА ӨЗҮМ ТУУРАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР» КИТЕБИ ЖӨНҮНДӨ....................117
КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ К.М. МОЛДОБАЕВДИН РОЛУ....................119

# АЛГЫ СӨЗ

Жакындарым менен досторум мурда эле мага мемуар жазууга абдан өтүнүп, кеңеш беришкен эле. Сенин турмуш жолуң абдан узак, талыкпаган түзүүчүлүк эмгек менен коштолгон, кызыктуу адамдар менен болгон жолугушууларга бай. Сен ал нерселерди кийинки муундарга айтып беришиң керек деп, мени ишендиришкен. Мен да акырында чыгынып, колума калем алып, бул ишти жасоону туура деп таптым. Ак кагазды маңдайыма коюп, мен эмнелерге токтолуп, эмнеге басым жасаарымды, эскерүүлөрүмдү кимге арнасам деген теманын үстүндө өтө көпкө ойлондум. Анан, жогорку мектептеги 13 жылдык иштеген ишимди жазышым керек деген жооп келгендей болду. Өсүп келе жаткан муундардын өткөн кылымдарды бардык кыйынчылыктары жана өзгөчөлүктөрү менен билүүсү өтө маанилүү. Өткөн нерсе ошол кылымдарда жашаган адамдар менен бирге эле изсиз өтүп кетпейт эмеспи. Ал нерсе коомдун өнүгүшүнүн кийинки этаптарында тигил же бул формада өзгөрүлүп кайталанат. Алар тигил же бул ыңгайда коомдун кийинки өнүгүш этаптарынан чагылат. Ошондуктан, кийинки муундар унутууну кайрып, кайдан келгенин, кимдин мойнунда отурганын, келечек жөнүндө ойлонгондо, өткөндөн эмне сабак алыш керектигин, эмнени унуткарыш керек да, адашуудан алыстап, эмнеден чечкиндүү обочолонуу керек деген сыяктуу маселелерди билүүсү абзел.

Мен жашап өткөн дээрлик 80 жылдыкта биздин муун өтө татаал жана оор да, түп тамырынан бери кайра жаңырган эки өткөөл доорду: социалисттик жана рыноктук кайра куруулары жана ошондой эле коомдун бүткүл турмушуна дүрбөлөң түшүргөн экинчи дүйнөлүк согушту башынан өткөрдү. Албетте, өлкөбүздүн эгемендүүлүккө ээ болушу жогорку окуялардын катарында үлкөн өзгөрүүлөрдөн болуп эсептелет.

Биздин тагдырыбыз өтө татаал жана ошол эле учурда кызыктуу доорго туура келди. Биз баштан өткөргөн коомдук жараяндарды бир жактуу, коюу же ачык түс менен чагылдыруу мүмкүн эмес.

Бардык башка татаал кубулуштардай эле, биздин муундун жашоосуна туш келген коомдук жараяндар өз ичине карама-каршылыктарды камтуу менен жагымдуу да, жагымсыз да көрүнүштөрдөн турат. Дал ушул жерде Англиялык улуу тарыхчы, социолог, жыйырманчы кылымдын ири ойчулу Арнольд Тойнбинин «коом өз жашоосунда мезгилге ыңгайлаштырып чече турган замандын көптөгөн талаптарына туш болору жөнүндөгү, «Мындай ар бир проблема - тарыхтын жазмышы»[1], экендиги тууралуу ойу келет. Ал эми

[1] Тойнби А.Дж. Постижение истории. Москва: Изд-во «Прогресс», 1992. С. 26.

ар бир жаңы муун ата-бабанын калтырган мурастарынын кайсы жакшы жактарына таянып, кайсы жаман нерселеринен кутулушубуз керек деген суроого жооп таба билиши керек. Ой-туйумдардагы «каршы» жана «макул» көз караштарымды салыштырып-салмактап көргөн соң, турмушумду ой-сыдыргыга салып, өмүрүм агып өткөн доордун негизги мүнөздүү белгилерин ошол доордун контекстинде сүрөттөп берүү чечимине келдим. Ушул максатта колума калем алып, бул ишти баштоону туура таптым.

# ОКУУЧУЛУК ЖЫЛДАР

1940-жылы сегиз жашымда Кызыл-Дөбө толук эмес орто мектебине биринчи класска кирдим. Ошону менен капарсыз балалык күндөргө чекит коюлуп, окуучулук күндөр башталды. Баарыбызга белгилүү болгондой, окуу жараяны чыныгы көп эмгекти талап кылат эмеспи. Ошол мектепте мен тогузунчу класска чейин окудум. Окууну андан ары улантыш үчүн 1947-жылы улуу агамдыкына, Токуш байкемдин үйүнө көчүп бардым. Ал Ысык-Көл областынын Тоң районунун аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштечү. Жети жыл ичинде тогуз классты бүтүрүп коюшума сабактагы жакшы жетишкендиктерим себепчи болуп, 2 жолу мөөнөтүнөн мурда бир класстан жогорулатып которуп коюшту. Ошол учурда мындай практика колдонулуп келген.

1948-жылы М.Горький атындагы орто мектепти бүтүргөн соң, Токуш байкенин досу, кыргыз профессионалдык музыкасынын негиздөөчүсү Малдыбаев Абдылас Малдыбаевичтин кеңеши менен, 1951-жылы университет болуп кайра түзүлгөн Кыргыз педагогикалык институтунун филология факультетине тапшырдым. Ошол жылдары Абдылас Малдыбаевич ар жылы жайкы эс алуусунда биздин жайлоого туугандарыныкына келип турчу. Ал киши суур уулаганды абдан жакшы көрчү. Суур ал жакта абдан көп болчу. Ал киши ууга чыкканда дайым биз топ балдар болуп коштоп жүрчүбүз. Аң уулоодон кийин биз менен маек курганды жакшы көрчү. Бизге опера балет театрында спектаклдер кантип коюлат, белгилүү искусство адамдары башынан өткөргөн окуялар сыяктуу көп кызыктуу нерселерди айтып берчү. Ошондой күндөрдүн биринде Абдылас Малдыбаевич биздикинде конокто отурганда менин улуу агаларым ал киши менен кеңешип көрүп, акыркы чечимге келишип, мени Кыргыз мамлекеттик growинституттун филология факультетине тапшыруу үчүн Фрунзеге жибере турган болушту. Кирүү сынагын ийгиликтүү тапшырып, мен студент болуп калдым.

Студенттик жылдар мен үчүн эң бактылуу жылдар болду. Мен бардык сабактарымды жалаң бешке окучумун. Чынын айтыш керек, ошол убактагы студенттер үчүн түзүлгөн жашоо шарттар жакшыртууга муктаж эле, жашоо үчүн жөнөкөй шарттар түзүлгөн эмес. Бирок согуш жылдарындагы кыйынчылыктарга салыштырмалуу бул ыңгайсыздыктар бизди коркутчу эмес.

Ал кездеги студенттер арасында романтикалуу мүнөзгө ээ маанай жашачу. Совет бийлигинин жетекчилери ишендирип келгендей, көп убакыт өтпөй биздин өлкөгө коммунизм учуру келерине ишенчүбүз. Баарыбызга

белгилүү болгондой, Н.С.Хрущевдун доорунда жада калса, коммунизмдин материалдык-техникалык базасы түзүлүп бүтө турган учурдун датасы катары 1980-жылдар деп айтылып келген. Бирок буга убакыт өзү күбө болгондой, бардыгы тескерисинен чыкты. Буга мүнөздүү болгон нерсе, бул эбегейсиз иделардын авторлору өзүлөрү элге берген убадаларын бат эле таптакыр унутуп калышты.

Мамлекет коомдук турмуштун бардык тармактарына көзөмөл салып турган ал мезгилде идеялык-саясий атмосферанын өзгөчөлүгү, өлкөнүн калкынын басымдуу көпчүлүгүн бир пикир, бир идея астында алып жүрүү иш-аракетин бекемдөө жана ишендирүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Мына ушул иш-чаранын алкагында өсүп келе жаткан муундарга өзгөчө көңүл бурулган. Мектепке чейинки билим берүүдөн баштап, жогорку окуу жайларына чейинки бардык окуу программалары, аталган максатты чечүү маселесине багытталган. Мындан сырткары, ушул максатта эле жаштардын пионер жана комсомол уюмдары түзүлгөн.

Адамдардын оюна башка идеялар келбей тургандай уюштурулган бул иш-чаралардын топтому жаштардын баалуулуктарга багытталышына сезилерлик өтө олуттуу таасирин тийгизген. Массалык маалымат каражаттары, ошондой эле көптөгөн партиялык жана мамлекеттик насыяттоо аппараттары аркылуу элдин аң-сезимине киргизилген идеологиялык постулаттардын стереотиптери элге эң алдыңкы жана эң прогрессивдүү болгон үчүн ага кыйшайуусуз баруу зарылдыгы көзөмөлдөнүп турган.

Ошол эле кезде башка бардык коомдук системалар жана баарынан мурун капиталисттик системаны өлүп жоголуп баратат деп түшүндүрүшкөн.

Ушундан улам, коммунисттик системанын гана баалуулуктары жөнүндө терең ой жүгүртүү керек деп саналып, башка коомдук системалардын баалуулуктарын билүү жана умтулуунун кереги жок, анткени алар келечеги жок, чирип бүткөн баалуулуктар деп эсептелген.

Ошондуктан, ошол учурдун жаштарынын баалуулуктарга болгон багытын совет доорунун чындыктарына бекем бириктирүү эле. Албетте, жаштарга сиңирген идеологиялык постулаттардын өзөгүн коммунисттик окуулар түзгөн. Биз студенттер, коммунисттик коомдун келечегин мүнөздөй турган негизги белгилерди жатка билишибиз керек эле. Алар азыр унутта калган. Ошондуктан, азыр аларды эске салып коюнун кандайдыр бир мааниси бар деп ойлоп турам,

а) «коммунизм – капитализмди алмаштыруучу, өндүрүш каражаттары коомдук менчикке негизделген коомдук-экономикалык формация;

б) Коммунизм учурунда коомдун бардык мүчөлөрүнүн ортосунда социалдык теңдик орун алат;

в) Адамдардын ар тараптан өсүшү менен бирге өндүрүштүк күчтөр илим менен техниканын негизинде тынымсыз өсө берет. Коомдук байлыктын бардык булактары чогулуп бирдиктүү агымга кошулат жана коммунизмдин «ар кимдин мүмкүнчүлүгүнө, ар кимге керектөөсүнө жараша» деген улуу принциби ишке ашат.

Албетте, окуу китептеринде, бардык басма сөз беттеринде жана

ЖОЖдордун кафедраларынан айтылган келечектин мындай идиллиядагы көрүнүшү бизди абдан шыктандырчу, бирок бизде, студенттерде анын ишке ашарына толук ишеним жок эле. Бирок баары бир аң-сезимдин бир бурчунда а балким качандыр бир ишке ашып калар деген ишеним да боло калчу.

Бүгүн өткөн күндөргө бул бийиктиктен көз чаптырып отуруп, совет жетекчилиги жаштарга жакынкы аралыкта коммунизм доору, бул химерикалык ишке ашпас кыялдын келерине ишендире берүү менен өлкөнүн ошол кездеги курч социалдык маселеринен алыс кылып, жаштарды алаксытуунун бир амалы болгон экен. Себеби ал кезде жашоонун ачуу чындыгы нормалдуу турмуштан айрмаланып турчу. (мамлекет жетекчилеринин калкка берген убадаларынан кескин айырмаланып туруучу.) Өтө зарыл болгон товарлар таптакыр жетишсиз болучу. Тартыштык тамак-аш товарларынан баштап, өндүрүш товарларына чейин байкалчу. Ошол эле учурда, барынан мурда жаштар, өзгөчө студенттер арасында илим-билим жана маданиятка сыйынуу жөрөлгөсү бар болгон. Бул жөн жерден келип чыккан эмес. Себеби, бул тармакка мамлекет өлкөнү коргоо системасынан кийинки эле көп чыгымды сарптаган Билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуу бекер жүргүзүлгөн. Маданият тармагына тийиштүү бардык мекемелер мамлекеттин эсебинен камсыздалган.

Ошол учурда аспирантура өзгөчө популярдуу болуп кеткен. Ал жакка ЖОЖдордун эң мыкты деген бүтүрүүчүлөрү тапшыра алчу. Ар бир кафедра аспирантурага окуй турган кандитдатураны мурдатан аныктап койчу. Мен муну өзүмдөн улам жакшы билем. Мен үчүнчү курс окуп жүргөн кезде профессор Жунусов Максут Садыкович деген агай бир сапар лекциядан кийин мени кабинетине чакырып калды. Айтмакчы, ал киши ошол учурда философия илими боюнча жалгыз профессор эле. Ал киши мага Васильева Анна Павловна деген бизге семинардык сабактарды өткөргөн эжекебиз мен жөнүндө жакшы пикирлерин билдиргендигин айтты. Анан менден: «Сен окууну бүткөн соң дароо аспирантурага тапшыргың келеби же иштеп, бир аз тажрыйба топтоп, анан барып аспирантурага тапшырасыңбы?» деп сурады. Мен окууну бүтөрүм менен эле аспирантурага тапшырмакмын деп жооп бердим. Ошондон кийин мен ал агайга консультация алуу үчүн кайрылып тура турган болуп шартташтык.

Ошол учурдан баштап мен философия боюнча көп адабияттарды окуй баштап, өзгөчө эстетика тармагы боюнча эмгектерге көбүрөөк көңүл бура баштадым.. Кафедрада М.С. Жунусовдун жетекчилиги менен көпчүлүгү философия боюнча өткөрүлчү, ар кандай илимий жана көркөм адабияттардагы жаңычылдыктарды талкуулоо максатында уюштурулган түрдүү дискуссияларга калбай катышчумун. Акыйкатты издөөнүн артынан түшкөн адамдардын чөйрөсүндөгү баарлашуу мага чоң таасирин тийгизген. Башында, дискуссияларда айтылган курч, ишенимдүү пикирлер мен үчүн ачылыштай сезилчү, ошондуктан мен аларды таң калуу менен, суктанып кабыл алчумун. Бара-бара мен кызуу талкуу жүргөн атмосферага көнүп, акырындык менен сын көз менен кароону үйрөнө баштадым. Көп убакыт өтпөй мен да көтөрүлгөн маселе боюнча өз пикиримди айта баштадым.

М.С.Жунусов менин өз алдынча, дүйнөгө өз алдынча жана сын көз менен карай билген адам болуп калыптанышымда өзгөчө чоң роль ойногон. Агай мени менен маек курууга ар дайым убакыт табууга аракет кылчу. Өзүнүн кафедрасы тарабынан уюштурулган түрдүү диспуттарга мени чакырууну эч качан унутчу эмес. Азыр ойлоп көрсөм мага лекция, семинар же окутуунун башка формаларына карганда ошол диспуттар өтө көп нерселерди үйрөткөн экен. Бул үчүн мен агайыма терең ыраазычылыгымды билдирем.

Мына ушундай даярдыктын негизинде мен өзүмдүн табитимди өстүрүп, өз алдынча ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум. Акыры, университетти бүткөн соң, сөзсүз түрдө окууну улантышым керек экендигине ишенип баштадым. Күнүмдүк сабактар менен, бүтпөгөн убаракерчиликте билинбей отуруп студенттик күндөр да өтүп кетиптир. 1952-жылдын июнь айында университететтик күндөрдүн эң толкундатуучу учуру келди. Бактыга жараша, мен бардык предметтерди «эң мыкты» деген баага тапшырып, дипломго ээ болдум. Бирок мени толкундаткан нерселер муну менен эле бүтүп калган жок. Ошол эле жылдын күз айларында аспирантураганын кирүү экзамендери мени күтүп турган.

Сыноолорго кирердин астында аспирантурага тапшыруу жөнүндөгү арызын бергендердин саны өтө көп экендигин билдим. Ошондуктан сынактардын астында психологиялык жактан тынчсыздануулар абдан күчтүү болду. Катышуучулардын баары сынактын жыйынтыктарын толкундануу менен күтүп жаттык. Бааларды угузганда мен кубанычыма чек жеткис эле. Конкурска катышкандардын арасынан жалаң «эң жакшы» деген баага тапшырган мен жалгыз болуп чыктым. Бир сөз менен айтканда, мен өзүмдү конкурстун жеңүүчүсүмүн деп эсептей баштадым. Бирок, муну менен эле биздин толкундоолорубуз бүтүп калган жок. Ал кезде биздин мамлекеттик университет СССРдин Жогорку билим берүү министирлигине түздөн түз карачу. Ушуга ылайык, акыркы чечим союздук министирлик тарабынан чыгарылмак. Министирликтин университетке кабыл алуу тууралуу буйругу 2 айдан соң, 1952-жылдын 20-октябрында келди. Мына ушундан кийин гана биз окуй баштадык.

Теориялык жактан даярдык көрүү үчүн бөлүнгөн бир жарым жыл же, ошол кезде айткандай «кандидаттык минимумдар» бат эле бүтүп калды. Аспиранттык сынактарымды мөөнөтүнөн мурда тапшырдым. Анан менде башка пландар пайда болуп калды. Мен ошол кезде М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетине которулууну абдан каалачумун. Бирок бул иш мага өтө көп түйшүктөн жана түрдүү толгонуулардан турду. Алар көбүнесе менин тажрыйбасыздыгымдан жана ашыкча сыпайыкерчилигимден улам болду. Акыры, ММУнун философия кафедрасына илимий изденүүчү катары кабыл алындым. Менин илимий жетекчим болуп профессор Овсянников Михаил Федотович дайындалды. Ал киши кафедрадагы эстетика боюнча жалгыз адис эле. Көп узабай мен кафедранын өкүм сүргөн чөйрөсүнө көнүп кеттим. Кафедранын жамаатын демократиялуу келген, пейилдери таза адамдар түзөт экен, ошондуктан мен аларга бат эле үйрөнүшүп, алынып кеттим.

ЖОЖдордун кафедраларынан айтылган келечектин мындай идиллиядагы көрүнүшү бизди абдан шыктандырчу, бирок бизде, студенттерде анын ишке ашарына толук ишеним жок эле. Бирок баары бир аң-сезимдин бир бурчунда а балким качандыр бир ишке ашып калар деген ишеним да боло калчу.

Бүгүн өткөн күндөргө бул бийиктиктен көз чаптырып отуруп, совет жетекчилиги жаштарга жакынкы аралыкта коммунизм доору, бул химерикалык ишке ашпас кыялдын келерине ишендире берүү менен өлкөнүн ошол кездеги курч социалдык маселеринен алыс кылып, жаштарды алаксытуунун бир амалы болгон экен. Себеби ал кезде жашоонун ачуу чындыгы нормалдуу турмуштан айрмаланып турчу. (мамлекет жетекчилеринин калкка берген убадаларынан кескин айырмаланып туруучу.) Өтө зарыл болгон товарлар таптакыр жетишсиз болучу. Тартыштык тамак-аш товарларынан баштап, өндүрүш товарларына чейин байкалчу. Ошол эле учурда, барынан мурда жаштар, өзгөчө студенттер арасында илим-билим жана маданиятка сыйынуу жөрөлгөсү бар болгон. Бул жөн жерден келип чыккан эмес. Себеби, бул тармакка мамлекет өлкөнү коргоо системасынан кийинки эле көп чыгымды сарптаган Билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуу бекер жүргүзүлгөн. Маданият тармагына тийиштүү бардык мекемелер мамлекеттин эсебинен камсыздалган.

Ошол учурда аспирантура өзгөчө популярдуу болуп кеткен. Ал жакка ЖОЖдордун эң мыкты деген бүтүрүүчүлөрү тапшыра алчу. Ар бир кафедра аспирантурага окуй турган кандитдатураны мурдатан аныктап койчу. Мен муну өзүмдөн улам жакшы билем. Мен үчүнчү курс окуп жүргөн кезде профессор Жунусов Максут Садыкович деген агай бир сапар лекциядан кийин мени кабинетине чакырып калды. Айтмакчы, ал киши ошол учурда философия илими боюнча жалгыз профессор эле. Ал киши мага Васильева Анна Павловна деген бизге семинардык сабактарды өткөргөн эжекебиз мен жөнүндө жакшы пикирлерин билдиргендигин айтты. Анан менден: «Сен окууну бүткөн соң дароо аспирантурага тапшыргың келеби же иштеп, бир аз тажрыйба топтоп, анан барып аспирантурага тапшырасыңбы?» деп сурады. Мен окууну бүтөрүм менен эле аспирантурага тапшырмакмын деп жооп бердим. Ошондон кийин мен ал агайга консультация алуу үчүн кайрылып тура турган болуп шартташтык.

Ошол учурдан баштап мен философия боюнча көп адабияттарды окуй баштап, өзгөчө эстетика тармагы боюнча эмгектерге көбүрөөк көңүл бура баштадым.. Кафедрада М.С. Жунусовдун жетекчилиги менен көпчүлүгү философия боюнча өткөрүлчү, ар кандай илимий жана көркөм адабияттардагы жаңычылдыктарды талкуулоо максатында уюштурулган түрдүү дискуссияларга калбай катышчумун. Акыйкатты издөөнүн артынан түшкөн адамдардын чөйрөсүндөгү баарлашуу мага чоң таасирин тийгизген. Башында, дискуссияларда айтылган курч, ишенимдүү пикирлер мен үчүн ачылыштай сезилчү, ошондуктан мен аларды таң калуу менен, суктанып кабыл алчумун. Бара-бара мен кызуу талкуу жүргөн атмосферага көнүп, акырындык менен сын көз менен кароону үйрөнө баштадым. Көп убакыт өтпөй мен да көтөрүлгөн маселе боюнча өз пикиримди айта баштадым.

М.С.Жунусов менин өз алдынча, дүйнөгө өз алдынча жана сын көз менен карай билген адам болуп калыптанышымда өзгөчө чоң роль ойногон. Агай мени менен маек куруугa ар дайым убакыт табууга аракет кылчу. Өзүнүн кафедрасы тарабынан уюштурулган түрдүү диспуттарга мени чакырууну эч качан унутчу эмес. Азыр ойлоп көрсөм мага лекция, семинар же окутуунун башка формаларына карганда ошол диспуттар өтө көп нерселерди үйрөткөн экен. Бул үчүн мен агайыма терең ыраазычылыгымды билдирем.

Мына ушундай даярдыктын негизинде мен өзүмдүн табитимди өстүрүп, өз алдынча ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум. Акыры, университетти бүткөн соң, сөзсүз түрдө окууну улантышым керек экендигине ишенип баштадым. Күнүмдүк сабактар менен, бүтпөгөн убаракерчиликте билинбей отуруп студенттик күндөр да өтүп кетиптир. 1952-жылдын июнь айында университететтик күндөрдүн эң толкундатуучу учуру келди. Бактыга жараша, мен бардык предметтерди «эң мыкты» деген баага тапшырып, дипломго ээ болдум. Бирок мени толкундаткан нерселер муну менен эле бүтүп калган жок. Ошол эле жылдын күз айларында аспирантураганын кирүү экзамендери мени күтүп турган.

Сыноолорго кирердин астында аспирантурага тапшыруу жөнүндөгү арызын бергендердин саны өтө көп экендигин билдим. Ошондуктан сынактардын астында психологиялык жактан тынчсыздануулар абдан күчтүү болду. Катышуучулардын баары сынактын жыйынтыктарын толкунданнуу менен күтүп жаттык. Бааларды угузганда мен кубанычыма чек жеткис эле. Конкурска катышкандардын арасынан жалаң «эң жакшы» деген баага тапшырган мен жалгыз болуп чыктым. Бир сөз менен айтканда, мен өзүмдү конкурстун жеңүүчүсүмүн деп эсептей баштадым. Бирок, муну менен эле биздин толкундоолорубуз бүтүп калган жок. Ал кезде биздин мамлекеттик университет СССРдин Жогорку билим берүү министирлигине түздөн түз карачу. Ушуга ылайык, акыркы чечим союздук министирлик тарабынан чыгарылмак. Министирликтин университетке кабыл алуу тууралуу буйругу 2 айдан соң, 1952-жылдын 20-октябрында келди. Мына ушундан кийин гана биз окуй баштадык.

Теориялык жактан даярдык көрүү үчүн бөлүнгөн бир жарым жыл же, ошол кезде айткандай «кандидаттык минимумдар» бат эле бүтүп калды. Аспиранттык сынактарымды мөөнөтүнөн мурда тапшырдым. Анан менде башка пландар пайда болуп калды. Мен ошол кезде М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетине которулууну абдан каалачумун. Бирок бул иш мага өтө көп түйшүктөн жана түрдүү толгонуулардан турду. Алар көбүнесе менин тажрыйбасыздыгымдан жана ашыкча сыпайыкерчилигимден улам болду. Акыры, ММУнун философия кафедрасына илимий изденүүчү катары кабыл алындым. Менин илимий жетекчим болуп профессор Овсянников Михаил Федотович дайындалды. Ал киши кафедрадагы эстетика боюнча жалгыз адис эле. Көп узабай мен кафедранын өкүм сүргөн чөйрөсүнө көнүп кеттим. Кафедранын жамаатын демократиялуу келген, пейилдери таза адамдар түзөт экен, ошондуктан мен аларга бат эле үйрөнүшүп, алынып кеттим.

Башында ММУнын Ленин тоолорундагы жаңы имараты мага өтө чоң таасир калтырган. Ага чейин мен мындай чоң монументалдык курулуш имаратын көргөн эмес элем. А чынында эле бул имарат масштабы, ички жана тышкы бай жасалгасы боюнча Москвадагы бирден бир жана өзгөчө кайталангыс имараттардын бири. Ошондуктан бул ажайып кереметти көрүш үчүн ар күнү экскурсанттардын узун кырка тизилип турушу бекеринен эмес эле. Ошол учурдагы совет элинин түшүнүгү боюнча, университеттин имараты ал кездеги архитектуранын бир кереметі катары саналчу. Көрүүчүлөрдүн таң калуу сезимдери бизге да берилчү. Биз студент, аспиранттар ушундай өзгөчө имаратта билим алып, ушундай жерде жашагандыгыбызга сыймыктанчубуз. Ана калса, университеттин окуу корпусу менен жатаканасы комплекстүү түрдө чогуу жайгаштырылган.

Акырындык менен мен Москванын башка сонун жерлерин көрүп, театр жана музейлерине кызыга баштадым. Мага өзгөчө терең таасир калтырган Чоң опера жана балет театры, Москванын көркөм академиялык театры, кичи театр, В. Маяковский атындагы, Б. Б. Вахтангов атындагы театрлар, Пушкин атындагы көркөм өнөр музейи, Третьяков галереясы жана башкалар болду.

Бир сөз менен айтканда, мен бул кучак жеткис ажайып көркөм дүйнөгө сүңгүп кирип кеттим. Ал дүйнө орус улуттук көркөм маданияты менен дүйнөлүк көркөм маданияттын эң мыкты жетишкендиктерин өзүнө терең сиңирип алып, улуу орус искусствосунун ар кандай түрлөрү аркылуу чагылдырылган ажайып дүйнө эле.

Акырындык менен мен искусствонун терең, көп түрдүү чексиз дүйнөсүн жүрөгүмө өтө жакын кабыл алып, буларды терең жактырып калдым. Ал сезим менин жүрөгүмдө түбөлүккө сакталып келет. Так ошол жылдары мен симфониялык музыка менен «оорудум». Себеби, ошол жылдары ар жуманын жекшемби күндөрү университеттин чоң актовый залында студенттер үчүн Советтер Союзунун чоң симфониялык оркестри концерт берчү. Университетте жашагандар үчүн концертке кирүү акысыз эле. Мен ар бир концертке калбай барчумун. Музыканттардын аткаруу чеберчилиги таң каларлык эле. Дүйнөгө атагы чыккан бул оркестрдин аткаруусундагы симфониялык музыкалардын улуу классиктеринин чыгармаларын кандай суктануу менен укканыбыз али күнгө чейин эсимде. Ошол көз ирмемдерде менин жан дүйнөм музыка менен бирге жуурулушуп кетип аткандай сезилчү. Менин чындыгында, бул өлкөнүн илимий жана маданий борбору болгон Москва шаарында жашап, Ломоносов атындагы университетте окуп калышым, ички дүйнөмдүн байышына, адамдык жеке сапаттардын калыптанышына жана өнүгүшүнө шарт түзгөндүн толук ишенимдүү айта алам.. 1956-жылы ММУнун философия факультетинин аспирантурасын аяктап, философия илмдеринин кандидаттыгы үчүн жазылган диссертациямды ийгиликтүү коргодум.

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ИШ ТАЖРЫЙБАМ

Кыргызстанга келгенден кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алындым. Башында биринчи семестрде мен семинардык сабактарды гана өткөрүп жүрдүм. Анан бара –бара мен педагогдук кесипти өздөштүрүп калган кезде, окуу жылынын экинчи жарымында дайыма чоң актовый залда окула турган лекцияларды окуганга уруксат беришти. Ал жерге ар кайсы факультеттердин студенттери чогулушчу. Студенттердин саны 200-300гө чейин барчу. Биринчи сапар лекция окуганымда кандайдыр бир толкундоолор болгонун айтып коюшум керек, бирок лекцияны кызыгуу менен угушуп, жылуу мааанйда кабыл алышкандыгын көңүлүмө өзүмчө түйүп калгам. Ошону менен катар эле, аларга бул мамилелери үчүн ыраазы болгом. Эң негизгиси, лекциянын аягында студенттер көптөгөн суроолорду беришкен. Демек, мынча көп суроолордун болушу мен берген лекциянын материалдары алардын жан дүйнөсүнө, ой толгоолоруна таасир этүү менен студенттерди кызыктыра алгандыгымдан кабар берип турган эле.

Эртеси эртең менен жетекчибизге, тагыраак айтканда кафедра башчысы М.С.Жунусов агайга кезигип, агай менен лекция учурундагы өзүмдөгү болгон сезимдерим менен ачык бөлүштүм. Анан ал мага: «Мен сени бир аз угуп турдум, башталышы үчүн сенин кечээки лекциядагы өзүңдү алып жүрүшүң жаман эмес» деди. Андан соң айрым кемчиликтеримди айтып, өз кеңешин берди. Мен чын жүрөгүмдөн ыраазычылыгымды билдирип, экөөбүз кош айтыштык. Андан кийин мен лекцияга кире турган ар сапарымда өтө жоопту даярданып жүрдүм.

Бир жылдан кийин мени кызмат ордуман жогорулатышып, улук окутуучулук кызматка дайындашты. Улук окутуучу катары эки жыл иштедим. 1959-жылы мага доценттик наам беришип, ылайыктуу кызматка которушту.

1959-жылдын сентябрь айында университеттин парткомунун катчысы болуп шайландым. Бир аз убакыт өкөндөн кийин мага Кыргызтсан КП БКдан телефон чалып, мен сөзсүз жыйынга келишим керек экендигин кабарлашты. Жыйын БКнын биринчи катчысы Раззаков Исхак Раззакович тарабынын өткөрүлө тургандыгы айтылды. Бул кабар мени абдан толкундантканы түшүнүктүү да. Мен кечке алдыда күтүп турган жолугушуу жөнүндө жана жолугушууга кандай даярдык көрүшүм керек экендиги тууралуу абдан ойлондум. Борбордук Комитеттин мага телефон чалган кызматкери жолугушуу башталганга чейин 30 мүнөт эрте келишим керек экендигин эскерткен эле. Мен албетте, андан да эртерээк келдим. Менин аркаман дагы бир канча киши

келди. Биз таанышып калдык. Бардыгы тең жогорку окуу жайларынын парткомунун катчылары болуп чыгышты. Алдыда боло турган жолугушуу кайсы темада боло тургандыгы жөнүндө алардын да кабары жок экен. Саат 10до бизди Борбордук Комитеттин жыйындар залына чакырды. Биз орун алып отурарыбыз менен Исхак Раззаков келип калды. Ал киши биз менен учурашып, дароо эле иштин мазмунун түшүндүрө баштады. Сөз алдыда боло турган пахта жыйымын чогултууга студенттерди тартуу, Ош областына пахта чогултууга студенттерди жөнөтүү боюнча уюштуруу иш-чарасы жөнүндө болду. Исхак Раззакович пахта түшүмү болжол менен канча боло тургандыгы жана түшүм чоултуу үчүн канча студент талап кылынары жөнүндө кеңири баяндама жасады. Бул милдетти ишке ашыруу үчүн студенттерди кандай даярдаш керек экендигине өзгөчө басым жасады. Бул кишинин мыкты дикциясы жана оюн так билдиргендиги мени өтө таң калтырды. Мен Исхак Раззаковичтин бет түзүлүшүн өтө кунт коюу менен карап, ал кишинин сүйлөө манерасын эстеп калууга аракет кылдым. Ал киши абдан мыкты оратор эле. Жыйындан кийин парткомге келип, мен комитеттин бардык мүчөлөрүн, университеттин проректорлорун, факультет жетекчилерин чогулттум. Биз чогулуп, алдыда боло турган иш-чараны уюштуруу маселесин талкууладык. Мен Исзхак Раззаковдун мага тийгизген таасири жөнүндөгү оюм менен бөлүштүм.

Исхак Раззакович менен болгон экинчи жолугушуу Борбордук Комитеттин бюросунда болуп өттү. Анткени, университеттин парткомунун катчылык кызматы БК номенклатурасына кирчү. Мени бюрого парткомдун катчысы катары бекитүү үчүн чакырышыптыр. Бул жолу мен өзгөчө толкунданган жокмун. Башында мен бул дайындоого көп маани бербей, бул кызмат менин жашоомо кандай өзгөрүүлөрдү алып келип, жашоо образыма кандай таасир бере тургандыгын толук элестете албай жүрдүм. Кийин ушул кызматта иштеп жүрүп, иштин жүрүшүндө гана барып, жетекчилик кызмат педагогикалык кесиптен канчалык айырмаланарын түшүнүп отурам. Мурда жалгыз гана өзүмдүн предметим боюнча билимимди тереңдетип, өркүндөтүүм керек экендиги, ошондой эле педагогикалык жана лектордук чеберчиликти байытуу тууралуу ойлонуп, бир гана өзүм жөнүндө ойлонсом, эми башкалар жөнүндө, жалпы жамаатты ойлошум керек болду. Анын үстүнө, университеттин жамааты чоң, ар түрдүү мамилени талап кылган бир кылка жамаат эмес эле. Албетте, мунун баарын дароо эле түшүнгөн жокмун, өткөн соң түшүнүп отурам. Кыйын жумуштар менен коштолгон күнүмдүк иш менен алек болуп атып бир жыл бат эле өтүп кетиптир, биз жада калса кийинки отчеттук мезгил, шайлоо убактысы жетип калганын байкабай да калыптырбыз. Ал кезде баштапкы партиялык мекемелерде парткомду кайра шайлоо иши ар жылы өтүп турчу. Бир күнү мага эртең сени шаардык кеңештин биринчи катчысы жолдош Усубалиев Турдакун Усубалиевич жолугушууга чакырып жатат деп эскертишти. Мен шаардык кеңештин астында бир жылдык отчет беришим керек экендигин түшүнүп турдум. Албетте, отчеттун даярдалышынын үстүндө парткомдун бардык курамы

иштегендиги түшүнүктүү. Биз бир жыл ичинде иштелген иштин ар бирине кенен токтолуп, бизди тынчсыздандырган ар бир ишти жана анын жыйынтыгын талкуулап чыксак да, мен отчеттун ийне-жибине чейин ойлоно берип түнү бою уктабай чыктым. Кийинки күнү эртен менен ЖОЖдун партком катчыларын партиянын шаардык кеңешинин уюштуруучулук-партиялык иштер боюнча бөлүм башчысы тосуп алды. Катар-катары менен отчет берип отуруп, кезек мага жетти. Биринчи катчынын кабинетине киргенимде Турдакун Усубалиевич мени жылуу маанайда тосуп алды. Мен университеттин жамаатын тынчсыздандырган көйгөйлөр жана бир жыл ичинде жасалган иш тууралуу кыскача баяндама бердим. Биринчи кезекте университеттин материалдык-техникалык базасынын жетишсиз деңгээлде болгондугун айтып, тынчсыздануумду билдирдим. Көбүнесе, жаңы окуу корпусунун жана университеттин кызматкерлери үчүн турак-жай куруу зарылчылыгы тууралуу маселени койдум. Турдакун Усубалиевич өз сөзүндө кадр маселесин чечүүгө өзгөчө көңүл буруу керектигин, аспирантуранын иш алып баруусун натыйжалуу жүргүзүү үчүн жаш адистерди даярдоо маселесин жолго коюу жагдайларын баса белгиледи. Ал эми сунушталган курулуш объектилери боюнча идеяны Турдакун Усубалиевич колдоорун билдирди. Университеттин жаңы окуу корпусун куруу маселеси боюнча өкмөткө түз жана СССРдин Жогорку билим берүү министирлигине кайрылуум керектигин (учурунда КМУ республикадагы союздун министирлигине түздөн-түз караган жалгыз университет эле) айтты. Жеке өзү партиянын шаардык комитететинин атынан СССРдин Жогорку билим берүү министирлигине аталган демилгелерди колдоо маселеси боюнча кайрылуу жөнөтөрүн билдирди. Мындан сырткары, Турдакун Усубалиевич шаардык аткаруу комитетине университеттин кызматкерлери үчүн көп кабаттуу турак-үйдүн курулуш планын кийинки жылга киргизүү маселесин тапшырууга сөз берди. Мен бул маселени парткомдо билдиргенимде бул кубанычтуу кабар бат эле университеттин бардык факультет жана бөлүмдөрүнө тарап кетти. Эң негизгиси, бул кабар элдин үмүтүнө шам жаккандай болду. Совет доорунда турак-жай маселесин чечүү азыркыдан айырмаланып, ага түп-тамырынан башкача мамиле кылынчу. Биринчиден, бул маселени чечүүнүн бардык жолдору, тагыраак айтканда пландоодон жана имаратты куруудан баштап бөлүштүрүүгө чейинки бардык баскычтары мамлекеттин колунда эле. Ушундан улам, жамаат партиянын шаардык комитетинин биринчи катчысынын сөзүн жакшы турак-жайга ээ болуу кыялынын орундалышына реалдуу жылыш катары кабыл алышты. Айта кетүүчү нерсе, Турдакун Усубалиевич тарабынан убада берилген көп кабаттуу турак-жай 2 жылда курулуп бүтүп, университеттин жамаатына колдонууга өткөрүлүп берилди. Бул имаратта азыркы күнгө чейин учурдагы Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин мурдагы жана азыркы кызматкерлери жашап келишет. Ошол жылдары бул факт мага иштеги жана элдин бакубат жашоосу үчүн алган жоопкерчилигиң менен сага ишенген жамааттын ишенимине кантип арзыш керек экендиги боюнча чоң сабак болуп калды. Элдин турмуш-тиричиликтеги болгон муктаждыктары жөнүндө терең ойлоно берип, алар

сенин жеке көйгөйүңдөй болуп калат экен, анан калса алардын жаралуу жери эмнеде экендигин даана сезип, так аныктап калат экенсиң. Ошондо гана эртедир-кечтир аларды четтетүүгө жол табууга болот.

Саясий карьерамдагы алгачкы учурларды эстегенде университеттин парткомунун катчысы болуп шайлангандагы сезимдерим эске келет. Ошол учурда бул факт мага эки түрдүү болуп кабыл алынган. Мен мунун жакшы да, жаман да жактарын көрүп турдум. Жакшы жагы - мынчалык жоопкерчиликтүү ишти тапшыруу менен эл мага ишенет деген сезим эле. А ишенимдин өзү адамды шыктандырып, өзүңө өзүң ишенүүгө түрткү болуп, жумушта кандайдыр бир күч берет эмеспи. Ал эми жаман жагы - коомдук иштер менин көп убактымды алып, эң негизги деп саналган менин илимий ишиме жолтоосун тийгизет деген ой эле. Мен кийинки тагдырым кандай болорун элестете албай турдум. Кийин гана, мен баскан жол жалаң партиялык мекемелердеги жетекчилик кызмат менен түздөн-түз байланыштуу болгон соң, партиянын алгачкы баскычтарындагы тажрыйбамдын канчалык маанилүү болгондугун терең түшүндүм.

Биздин, партком кызматкерлеринин бир аз мурун эле болуп өткөн отчеттук-шайлоодон кийинки толкундоолорубуз сууй электе, күтүүсүздөн кафедра башчыбыз Жунусов Максүт Сыдыковичтин Москвага которулуп кете турган кабары келгенде. мен үчүн абдан күтүүсүз болду. Ал учурда мен кафедраны ал кишисиз элестете алчу эмесмин. Себеби ал киши кафедраны көп жылдан бери жетектеп келген кафедранын жалгыз профессору эле. Ошол кишинин мыкты жетекчилигинен улам, кафедра СССРдин Жогорку билим берүү министирлигинин бирден бир мыкты деп саналган кафедраларынын катарында эле. Албетте, эң биринчиден эле мен ал кишини бул чечиминен баш тарттыруу аракетин жасай баштадым. Бирок ал киши, иш өтө эле терең-деп кеткендигин, бул жерде бир нерсе өзгөртүү кыйын болуп калгандыгын айтты. Бирок, акыркы чечимди бир айдан кийин айтайын деп убада берди. Чындап эле бир айдан кийин жолугушуп, экөөбүз абдан чер жазыша сүйлөшүп отурдук. Сөзүбүздүн аягында ал киши жасаган ишин жогору баалагандыгым үчүн ыраазычылыгын билдирүү менен, Москвага болгон чакыруу ал киши үчүн чоң сыймык экендигин жана бул сунуштан баш тарта албай тургандыгын түшүндүрдү. Кийинки сөзүндө кафедра үчүн менин Москвада болушум бул жактагыга карганда алда канча пайдалуу болот деп айтты. Чынында эле, ал киши Москвага кеткенден кийин көп убакытка чейин кафедра Москва менен тыгыз байланышта болуп турду. Биздин чакыруу менен ал киши бизге бат-бат келип, аспиранттарга, түрдүү илимий даражадагы өз алдынча изденүүчүлөргө жетекчилик кылып иш алпарып келди.

Жунусов агай кеткенден жарым жылдан кийин мени философия кафедрасынын башчысы кылып дайындашты. Мен эми толук баш-отум менен илимий-изилдөөчүлүк жана педагогикалык ишке сүңгүп кирип кеттим. Бул нерсе мени толугу менен канааттандырды. Анткени, мен ал учурда өзүмдүн эң негизги максатым жана милдетим деп өзүмдүн профессионалдык күч-кубатымды окумуштуу жана педагог катары өстүрүшүм керек деп

билчүмүн. Мен кафедранын ишин аткарууга өзгөчө эргүү менен кириштим. Эң алгач, ишти башка университеттин кафедра, илимий мекеме жана борборлору менен болгон байланышты чыңдоодон баштадым. Өзгөчө М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин философия факультетинин деканы, учурунда мен аспирантурада окуп жүргөн кездеги илимий жетекчим М. Ф. Овсянников менен тыгыз байланыштар түзүлдү.

Мындан сырткары, биз коңшу мамлекеттер болгон Казакстан жана Өзбекстан менен байланыштарды бекемдедик. Ал учурда дайыма аймактык жана жалпы союздук маселелерге арналган тынымсыз симпозиум жана конференциялар өткөрүлүп турчу. Биз бул иш-чаралардын активдүү катышуучулары элек, ошондуктан албетте, бул кафедранын илимий-изилдөө иштерин активдештирүү менен шыктандырды. Тилекке каршы, ал кездеги тоталитардык режимдин шарттарында илимий изилдөөлөргө марксисттик-лениндик методологиянын катуу рамкасынын чегинде уруксат берилген..

# САЯСИЙ КАРЬЕРАМ

Жогорку окуу жайынын кызматкерлери, биз илимий иштерибизди педагогикалык иш-чара менен тыгыз байланышта жүргүзчүбүз. Ошондо мага турмушта маңдайга жазылган өз жолумду жана эмнеге багышталганымды тапкандай туюлган, бул менин жашоомдун акырына чейин улантыла турган багытым деген ишенички келгем. Жумуштагы сан түмөн бүтпөгөн түйшүктүү убаракерчилик менен кафедра башчысы катары кантип эки жарым жыл иштеп койгонумду билбей калыптырмын. Муну мага бир сапар Кыргызстандын КП БКнын катчысы Мураталиев Бейшен Тоголокович кабинетине маектешүүгө чакырганда эскертип отурат. Андан сырткары, биз ал киши экөөбүз жакын дос элек. Биз экөөбүз, Бейшен Тоголокович университетте проректор болуп иштеп жүргөн кезде таанышканбыз. Ошол учурдан тартып эле, биздин жолдошчулук мамилелерибиз башталган.

Экөөбүздүн узакка созулбаган сүйлөшүүбүздө ал киши мага жакында БКнын жыйыны болгонун айтып, ал жакта кадр маселеси каралгандыгын жана мен тууралуу сөз болгондугун айтты. Кыргызстандын КП БКсынын илим жана маданият бөлүмүнүн башчылык кызматына дайындоо маселесинде катчылык менин кандидатурамды ылайык деп тапкандыган билдирди. Мураталиев ойлонууга убакыт жок, болгону макулдугуңду билдиришиң керек деп баса белгиледи. Сегиз күндөн кийин мен Москвага барып, КПСС БКнын бөлүмдөрүнөн аңгемешүүдөн өтүп, балким, көшөгөнүн артында, БКнын катчысы менен да жолугушуу болушу ыктымал экендигин билдим. Мындан сырткары, ал киши мага убакыт өтө тар экендигин, азыр тезирээк кабинетиме барып, алдыда турган жолугушууларга даярданышым керек экендигин айтты. Ошондо менин тагдырым капкачан чечилип калгандыгын жана мен жашоонун жаңы бурулуш жана сыноолоруна даярданышым керек экендигин түшүндүм.

Мына ушунтип, мен республика тууралуу бардык маалыматтарды толук чогултуп, кылдаттык менен таанышып чыгып, КПСС БКнын бөлүмдөрүнүн кандай суроолоруна болбосун жооп берүүгө даяр болушум керек болуп турду. Иштин учурдагы абалы, эң оболу материалдык-техникалык базасы, ошондой эле республикадагы илимий мекемелерде, билим берүү системасында, маданият тармагында кадрлардын курамынын сапаты, алардын көйгөйлөрүнүн аспектилери тууралуу маалыматтарды чогултуу көп убакытты талап кылды. Ошондуктан мен ресбуликада иштин абалы боюнча, жок дегенде бардыгы боюнча болбосо да, эң маанилүү,эң негизги маселелердин кандай абалда экендигин даана, так билүүгө аракет кылдым.

Мага эмнегедир КПСС БКнын бөлүм кызматкерлери республикадагы абал боюнча толук маалыматка ээ сыяктуу туюлган.

Бир сөз менен айтканда, республикадагы маселелер тууралуу үч күн ичинде чогултуп жетишкен маалыматтар топтому менен Москвага учууга туура келди. «Москва» мейманканасына келишим менен КПСС БКга аңгемелешүүгө чакырылган Казакстан, Өзбекстан, Грузия, Молдавия жана Түркменистандын өкүлдөрүн жолуктурдум. Көпчүлүгүбүз, Казакстандын өкүлүнөн башкаларыбыздын баары бир жаштагы адамдар болуп чыктык. Бул нерсе кандайдыр бир даражада биздин бат тил табышып кетишибизге өбөлгө түздү. Достук маанай акырындап чыңалган толкундалууларды баскандай болду.

Эртеси күнү КПСС БКнын бөлүмдөрүнүн секторлорунда аңгемелешүүлөр башталды. Айта кетүүчү нерсе, аңгемелешүү эки тараптуу достук жана жылуу мамиледе өттү. Эч ким биздин кандайдыр бир катабызды таап, кайсы бир иштин жагдайын билбегендигибиз үчүн уяткаруу аракетин жасаган жок. Бирок аңгемелештерибиз республикаларда болуп аткан улутчулдук маселесине БК тынчсызданып жаткандыгын жашырышкан жок жана бизге бул көрүнүштү түп тамырынан жок кылууга көңүл буруу аракетин көрүүнү сунушташты.

Москвада болгон акыркы күнү биз менен КПСС БКнын бөлүм башчылары жолугушуп сүйлөшүштү. Алар өз учурунда, секторлордо болгон аңгемелешүүгө чакырылган адамдардын иш билгилиги жетиштүү деңгээлде экендигин жана алар КПСС БКнын бөлүм жетекчилери катары союздук республикалардын БКнын бизди республикалык партиянын БК бөлүм башчысы катары дайындоо сунуштары менен макул экендиктерин билдиришти. Андан соң, алар бизди КПСС БКнын бөлүмдөрүнүн атынан куттукташып, алдыдагы иштерибизге ийгилик каалашты.

Фрунзеге келген күндүн эртеси мен Б.Т. Мураталиевге кирдим.

Ал мени командировкамдын ийгиликтүү аякташы менен куттуктап, ага уюштуруучулук-партия иштеринен чалып, КПСС БКнын бөлүмдөрү менин кандидатурамды жактыргандыгын айтты. Мындан сырткары, ал мага эки күндөн кийин Кыргызстан Компартиясынын БКнын пленуму өтөрүн жана пленумдун күн тартибине менин кызматтык дайындоо маселем киргизилгендигин кабарлады. Эки күндөн кийин Кыргызстан Компартиясынын БКнын пленуму өтүп, жыйында мени Кыргызстан Компартиясынын БКнын илим жана маданият бөлүмүнүн башчысы кылып бекитишти. Ошентип, жумуш күндөрү башталды.

БКнын пленумунда биринчи катчы Т.Усубалиевдин тапшырмасы боюнча биздин бөлүм илим, билим жана маданият тармагын өнүктүрүү боюнча келечектүү пландарды иштеп чыгуунун үстүндө иш жүргүзө баштады. Бул ишке республиканын тийиштүү министрлик, мекеме жана жергиликтүү органдары, ошондой эле аталган тармактардын жамааттары тартылды.

Биздин бөлүм келип түшкөн сунуштарды окуп-үйрөнүп чыгып төмөндөгү проблемаларды чечүүнү планга киргизүүнү туура деп тапты.

а) Илим айдыңында каражат жана күчтү эң алгач табигый-техникалык

тармакты өнүктүрүүгө багыттоо.

Бул максатта республиканын илимий-изилдөө иштеринин деңгээлин жогорулатуу, илимий адистерди даярдоо жана илимий кадрлардын квалификациясын жогорулатуу үчүн СССРдин ИАнын вице-президенти башында болгон, аталган тармактардагы алдыңкы адистерден түзүлгөн комиссия жиберүү өтүнүчү менен СССРдин ИАсынын президентине кайрылуу сунушталган.

б) жогорку билим берүү багытындагы бирден бир артыкчылыктуу маселелердин бири болуп инженердик-техникалык тармактагы адистердин сапатын жогорулатуу жана кеңейтүү.

в) мектептеги билим берүү айдыңында физико-математикалык жана химия-биологиялык дисциплиналарды окутуунун деңгээлин учурдун талабына ылайык жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бөлүү.

г) маданият тармагында борбордук, ошондой эле борбордон алыс аймактардагы театр жана музыкалык мекемелердин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана байытуу иштерине басым жасоо.

Министирликтерден, ведомство, илимий мекеме жана уюмдардан билим берүү жана маданият тармактарына түшкөн сунуш жана пикирлердин бардыгы биздин бөлүм тарабынан эске алынган.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргызстандын КП БКнын бюросунун катчысы Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин өтүнүчү менен өз учурунда республикага табигый-техникалык илимдердин бардык негизги тармактары боюнча СССРдин Илимдер Академиясынын вице-президенти академик Ю.А. Овчинников башында болгон Советтер Союзунун эң мыкты адистеринен турган чоң комиссия келип, эки жума ичинде комиссия республиканын илимдер академиясынын тармактык институттарындагы иштин абалы менен таанышып чыккан. Иштин жыйынтыгында бул тармактарды жакынкы жана алыскы келечекте кеңири жана комплекстүү өнүктүрүү пландары түзүлгөн. Билим берүү, маданият министирлиги жана ведомстволордон, илимий мекеме жана уюмдардан түшкөн бардык сунуш-пикирлер биздин бөлүм тарабынан окуп-үйрөнүлүп, кылдаттык менен системага салынып, биздин бөлүмдүн баяндамаларын жазууда эске алынып, БКнын бюросу жана катчылыгынын кароосуна сунушталган.

Албетте, биз киргизген сунуш жана белгиленген маселелер терең ойлонулган мүнөздө болуп, анан эмнегедир биздин түшүнүгүбүз боюнча токтоосуз түрдө каралышы керек эле. Бирок ал сунуштардын зарыл жана реалдуу делинип жактырылышы, ишке ашырууга татыктуу катары мамлекеттик планга киргизилиши Компартиянын БК бюро катчысы Т.Усубалиев башында турган республиканын жогорку жетекчилигинин чечиминен көз каранды эле. Баса белгилеп айта кетүүчү нерсе, биз киргизген сунуштарга ал киши өтө маани берүү менен мамиле кылды. Анткени, булар аппараттагы бюрократтар тарабынан киргизилген негизсиз сунуштар эмес экендигин жана өз ишине өтө жоопкерчилик менен олуттуу караган адамдар тарабынан киригизилгендигин ал киши жакшы билгендиги толук түшүнүктүү,

Эң маанилүү деп саналган биздин негизги идея жана сунуштарыбыз акырындык менен ишке ашырыла баштады. Ошентип, Илимдер Академиясынын имаратынын комплекси, политехникалык институттун башкы корпусу, республикалык кардиология борборунун имараты, Кыргыз драм театрынын, Ош шаарындагы театрдын имараты курулду. Опера жана балет театрынын, Орус драм театрынын имараттары реконструкциядан өткөрүлүп, кенен көрүүчүлөр залы менен болгон чоң спорт комплекси курулду. Үч жылдык курулуш жандануусунун натыйжасы болуп, борбор шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп, кооз имараттардын бири болуп калган мамлекеттик филармониянын имаратынын курулушу эсептелет.

Бардык маанилүү курулуш объектилерин Турдакун Усубалиев жеке өзү көзөмөлгө алган.

Аталган тармактардын материалдык-техинкалык базасын жаңыртуу жана чыңдоо үчүн көңүл буруунун өзү, анда иштеген жумушчулардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн артышына өз таасирин тийгизбей койгон жок. Көбүнчө, илимде бүткүл союздук деңгээлде таанылган жумуштардын саны өстү.

Өзгөчө орто билим берүү системасында мектеп программасынын негизги предметтери болгон математика, физика, химия боюнча педагог-новаторлордун кыймылы активдеше баштаган. Мисалы, жаңы методиканын автору болгон Ефим Борисович Якир тарабынан түзүлгөн шаардык № 61 мектеп жалпы республика боюнча чоң резонанс жаратты.

Жогорку билим берүү системасында болсо олуттуу жылыштар инженердик-техникалык адистерди даярдоо жаатында жасалды. Жогорку мектептин бул сегментине студенттерди кабыл алуунун саны жыл өткөн сайын өсүп отурду. Ага ылайык Советтер Союзу аталган кенен өлкөнүн ар кайсы булуң-бурчтарынан келген жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык адистердин агымы да жогору болуп турган. Өзгөчө, республиканын көркөм чыгармачылык жаатындагы ишкерлердин жетишкендиктери сөзгө аларлык болгон. Улуттук маданияттын кайра жаралуусуна негизги импульс катары Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык эргүүсү өбөлгө болгон. Анын чыгармалары улуттук маданияттын- адабият, театр, кино, музыка, живопись, кол өнөрчүлүк сыяктуу ж.б. тармактарында чагылдырыла баштаган. Ал жеке эле кыргыз элинин маданиятына эле эмес, Советтер Союзунун бардык элдеринин маданиятына жаңы дем, шыкак берди деп айтсак аша чапкандык болбостур.

Ч. Айтматовдун өзгөчө тийигизген таасиринен улам, кыргыз киноискусствосу өтө чоң бийиктиктерге жетип, «кыргыз керемети» деген аталыштарга ээ болуп отурат.

Мындай кереметтердин бири катары айта турган, болсок дагы деле Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинин негизинде жаралган композитор Калый Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балетин айтууга болот. Бул балет республика ичинде гана эмес, чет жерлерде да көпчүлүктүн көңүлүн бурдуруп, өзүнүн татыктуу баасын алган. Балет-ораторияга СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын ыйгарылышынын өзү аталган эмгек

бүткүл союз тарабынан мыкты деп таанылгандыгынын далили. Бул сыяктуу мисалдарды көп-көп келтире берсе болот. Бирок менимче, атамекендик заманбап көркөм маданиятта айтматовдук духтун болушун сезип-туюу үчүн келтирилген мисалдар жетиштүү болду го деп ойлойм.

Айта кетүүчү нерсе, биз илим, билим жана маданият бөлүмүнүн кызматкерлери күнүмдүк уюштуруу иштеринен сыткары, мүмкүнчүлүккө жараша илимий-изилдөө иштеринин үстүндө иштечүбүз. Маселен, республиканын ИАсынын философия институтунун директору Кыргыз ИАсынын мүчө-корреспонденти А.А.Салиевдин өтүнүүсү менен аткарылган «Кыргыз искусствосунун тарыхы» аттуу китептин теориялык бөлүмдөрүн жазууга катыштым.[2]

Мындан сырткары, Кыргызстандын өзүндө, Москва, Ленинград жана союздук республиканын ар кайсы бурчтарында өткөрүлгөн илимий конференцияларга активдүү катышчумун. Ошол учурда СССРдин Илимдер академиясы тарабынан уюштурулган конференция өзгөчө эсте каларлык конференциялардын бири болуп саналат. Конференцияга жогорку окуу жайлардын, илимий мекемелердин кызматкерлери менен катар маданият кызматкерлери чакырылган. Анын ишине Орто Азиянын бардык республикаларынан келген делегация катышты.

Конференцияда СССРдин Илимдер Академиясынын вице-президенти, Коммунисттик партиянын БКнын мүчөсү, академик Федосеев П.Н. баяндама жасады. Ал жерде негизги басым Коммунисттик партиянын идеологиялык арсеналында жакында эле пайда болгон, түзүлгөн тарыхый аренадагы жана өнүккөн социалисттик шарттардагы совет элин жаңы социалдык жалпылык катары кароо жөнүндөгү постулаттын негизине басым жасалган эле. Ал учурдагы теориялык жана публицистикалык эмгектерде советтик элдин мааниси, эли, тарыхта аналогу жок, ар тараптан гармониялуу өнүккөн социалдык жалпылык катары каралып келген. Конференцияда чыгып сөз сүйлөгөндөрдүн бардыгы баяндамачыны «кайталап ырдап», ошол кезде салт болуп калгандай, КПССтин өз доорундагы илимий ачылыштарын ашыра мактап чыгышты.

Конференцияда мага да сөз берилди. Мен өз сөзүмдө жалпы теориялык маселелерден сырткары, улуттук маданияттардын ортосундагы бири бирине болгон таасири жана таасирдин натыйжасында байышына мыйзам ченемдерине токтолдум. Жогоруда сөз болуп өткөн, жакында эле аткарылган иштин таасиринен улам, мен ар кандай улуттук көркөм маданияттардын ортосундагы чыгармачылык байланыштардын өнүгүү жараяндарына карата өтө одоно- вулгардык мамилени катуу сынга алдым.

Көбүнесе мен биздин айрым адабий сынчылар маданиятты байытуунун атын жамынып, саясий конъюктуранын пайдасы үчүн чындап келгенде В.В. Маяковский, М.А. Шолохов сыяктуу орустун улуу жазуучуларынын чыгармачылыгындагы көркөм ыкмаларынан көчүрмөлөп алууну жана түздөн-түз аларды улуттук кыртышка сиңирүүнү кабылдоо, улуттук

---

[2] История киргизского искусства. – Фрунзе: Илим, 1971.

жазуучулар тарабынан чыгармачылык бийиктикке жетүүгө мүмкүнчүлүк жаратат деген пикирлерди сунуштагандыктарын айтып чыккам.

Арийне, мен улуттук маданияттардын өз ара алакасы аркылуу байышы өтө татаал, диалектикалуу деп далилдеп, ал башка көркөм маданияттын баалуулуктарын колдонуу үчүн өзүңдүн улуттук маданиятыңдын ички мыйзамченемдүүлүктөрүн сындыруу аркылуу киргизүүнү сунуштап отургандыгын айттым. Бул жол өтө татаал жол экендигин жана ал өзгөчө чыгармачылык дарамет, шык жана туюмду талап кылат, бул нерсе ар бир эле жазуучунун колунан келе бербейт.

Мен көтөрүп чыккан маселе көптөн бери чечилүүнү талап кылгандыктан улам, сүйлөгөн сөздөр эмоционалдуу мүнөзгө ээ болду. Анын үстүнө мен мурда даярдалган текст менен чыкпай, кокустан сөз алып сүйлөп калдым. Конференциянын катышуучулары менин сөздөрүмдү жылуу кабыл алышып, дүркүрөгөн кол чабуулар менен узатышты.

Мен бул окуяны башка бир себептерден улам көпкө эстеп калдым. Конференция бүткөн соң мени Б.Т. Мураталиев өзүнө чакырып, мындай деди; «Мен сага Борбордук комитеттин катчысы катары эмес, дос катары айтайын, сен бул сөздөрдү көңүл коюп ук жана башкысы, эсиңе түбөлүк сактап койгунуң- деди.- Себеби сенин конференцияда сүйлөгөн сөздөрүң конференциянын катышуучуларына өтө жакты. Бул нерсе айрым бир сенин душмандарың үчүн жакпай калышы мүмкүн. Алар сенин беделиңдин жогорулашын каалабайт. Ошондуктан алар сенин упайыңды төмөндөтүштүн жолун оңой эле таап койот. Керек болсо моралдык жактан сени басынтып коюш да колдорунан келет. Сен конференцияда орус классиктеринин ыкма, стилин улуттук кыртышка механикалык түрдө көчүрүп алуунун өзү, адабияттын өнүгүшүн тездетүүдө жакшы болсо да, улуттук өзөккө колдонуу ниетинде максаттуу болбой кала тургандыгын жана мында улуттук көркөм адабияттын өнүгүшүнүн ички мыйзам ченемдүүлүктөрү эске алынбай кала тургандыгы менен далилдеп, алды-кийиниңди ойлобой айткансың. Албетте, сен туура айтып жатасың, бирок мен жогоруда белгилеп өткөндөй конференцияда сени көрө албаган да адамдар бар. Ал адамдар сен айткан улуттук көркөм көркөм салттардын башка улуттун баалуулуктары менен болгон өз ара катышында өтө аяр мамиле жасоо керек жөнүндөгү пикириңди башка улуттардын окууларына, өзгөчө боордош совет элинин окуусуна барк албастык менен кылган мамиле катары тескери буруп коюшу мүмкүн. Алар сен айткан ойду бурмалап, саясий өңүткө салып коюшу мүмкүн. Ушул себептен улам, менин сага болгон кеңешим, мындай эл арасына чыгып сөз сүйлөгөндө алды-артыңды карап, өтө этият бол. Артыбызда бизди көрө албаган адамдар турарын унутпа».

Мага бул эскертүүнү жасагандыгы үчүн ыраазычылыгымды билдирип, коштошуп чыгып кеттим. Бул сөздөн кийин мен абдан терең ойлонуп калдым. Бирок чынында эле, тоталитардык режимдин бардык жерде, ар дайым аңдып, тыңшап турчу кулактары бар эле.. Ушундан улам, мен ар дайым бардык нерсеге сак болушум керек деп өзүмө жыйынтык чыгарып койдум

## Фрунзе – менин шаарым

1973-жыл менин тагдырымдагы күтүүсүз өзгөрүүлөрдү алып келген жыл болду. Болгондо да, өтө маанилүү бурулуштар болду. Биринчиден, мен жакын досум Б.Т. Мураталиевден айрылдым. Ал автокырсыктан көз жумду. Экинчиден, мени КП Борбордук Комитетинен партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчылыгына которушту.

Бейшен Мураталиевди жоготуу мен үчүн өтө оорго турду жана узак убакытка чейин өзүмө келе албай жүрдүм. Анткени, биз көптөн бери дос элек, анан бул кырсык болгондон кийин мен көп убакытка чейин ал жакшы болуп кетет деп ишенип жүрдүм. Ал кишини аман сактап калыш үчүн биздин эң мыкты деген Ахунбаев Иса Коноевич, Миррахимов Мирсаид Мирхамидович сыяктуу академиктерибиз аракет кылышты. Бул каргашалуу окуяны мага түнкү он эки жарымда Мамлекеттик коопсуздук комитетинин председателинин биринчи орун басары угузду. Ошол учурда мен радикулит менен катуу ооруп, анын залдарынан баса албай кыйналып жүргөм. Ошондон улам, мени келип ала кеткиле деп сурандым. Биз дароо эле аты аталган медбеделдерди көздөй бет алдык. Аларды төшөктөн тургузуп алып, окуя болгон жерге жөнөдүк. Тилекке каршы, Мураталиевди сактап калуу колубуздан келген жок.

Мураталиев кайтыш болгондон кийин бир айдан кийин мени КП Борбордук комитетинин биринчи катчысы Т.Усубалиевдин кабыл алуусуна чакырышты. Жетерлик олуттуу сүйлөшүүдө ал Борбордук Комитеттин бюро кеңешмесинде кадр маселеси каралгандыгы, анын ичинде мен жана К.Н. Кулматов тууралуу сөз жүргөндүгүн айтты. К.Н. Кулматовду Б.Т. Мураталиевдин ордуна Кыргызстан Компартиясынын БКнын катчылыгына, а мени болсо анын ордуна партиянын Фрунзе шаардык кеңешинин катчылыгына сунуштоо чечими кабыл алыныптыр. Т.У.Усубалиев менден шаардык кеңештин катчылыгына болгон сунушка кандай карай тургандыгымды сурады. Мен муну БКтин бюросунун мага болгон чоң ишеними катары баалай тургандыгымды, эң негизгиси мен ошол ишенимди актай аламбы; кеп ошондо экендиги жөнүндө пикирим менен бөлүштүм. Турдакун Усубалиевич мага эгер БКнын бюросунда ишенимди актай аларыма ишенич жок болсо кандидатурам коюлбайт эле, бул ишти жөндөп кете турган менин толук мүмкүнчүлүгүм бар экендигин айтып, мени жооткотууга аракет жасады. Болгону, бардык күчтү жумшап, чоң аракет жасоо керектигин айтты. Андан соң, бир күндөн кийин К.Н.Кулматов экөөбүз Москвага КПССтин Борбордук Комитетине жөнөшүбүз керек экендигин айтты. Т.У. Усубалиевдин кабинетинен мен мага көрсөтүлгөн ишенимге шыктанган менен, ошол эле учурда алдыга коюлган тапшырманы аткара аламбы деген сарсанаага чөмүлүп чыктым.

Биз Кулматов экөөбүз алдыдагы дайындоолор тууралуу расмий түрдө билдирүү болгондон кийин Москвага КПССтин Борбордук комитетине аңгемелешүүгө учуп кеттик. Биз учкан күн 1-Май майрам күнгө туш келип калды. Ал эми 2-майда КПССтин Борбордук комитетинде аңгемелешүү

башталды. Белгиленген тартип боюнча ал КПССтин Борбордук комитетинин бөлүмдөрүнүн секторлорунда өттү. Мындан мурда да бул сыяктуу процедурадан өткөндүктөн улам, биз көп деле толкунданган жокпуз. Бөлүмдүн секторундогу аңгемелешүүлөрдөн соң бизди КПССтин Борбордук комитетинин кадрлар боюнча жооптуу катчысы кабыл алды. Ал киши секторлордогу аңгемелешүүлөрдү жыйынтыктоо менен, Кыргызстандын КП БКсынын силердин кандидатураңар боюнча сунуштарына макул экендигибизди билдиребиз, ишиңерге ийгилик каалайм деди. Биз ошол эле күнү үйүбүзгө, Фрунзе шаарына сапар тарттык.

1973-жылдын 18-майында Фрунзе шаардык комитетинин пленумунда мени бир добуштан шаардык комитеттин биринчи катчысы кылып шайлашты. Пленумдан соң мен шаар комитетинин бардык кызматкерлерин чогултуп, таанышуу жыйынын өткөрдүм. Биз шаардык кеңештин абалы боюнча кеңири сөз кылдык. Кийинки эле күндөн тарта мен өндүрүш ишканаларынын, мекемелердин жамааты менен таанышып, өзгөчө алардын социлдык, турмуш-тиричилик керектөөлөрүнө көбүрөөк кызыктым. Ошол эле учурда, мен үчүн шаардын маданий жүзүн жакшыртуу маселеси өтө маанилүү болуп саналган эле. Ошондуктан, мен үчүн кызык болгон нерсе аталган жамааттар шаардын архитектуралык жана маданий көрүнүшүнө кандай баа бере тургандыгын жана чогулган проблемаларды чечүү боюнча сунуштарын угуу мен үчүн кызык болду. Мен алган маалыматтар шаардык кеңештин жыйынын өткөрүп, ага мекеме, ишканалардын жетекчилерин ошондой эле шаардык кызматтарды чогултуп, борбор шаардын маданий көрүнүшүн жакшыртуу боюнча эң биринчи көрүлө турган чараларын иштеп чыгууга түрткү болду. Шаардык комитеттин катчы жана бөлүм башчылары менен болгон кеңешмеден кийин биз бул иш-чараны бир ай кийинкиге жылдырууну чечтик.

Биз күткөндөй эле жыйын катуу, эмоционалдуу, эң негизгиси конструктивдүү өттү. Тез арада түрдө чечилиши керек болгон айрым маселелер боюнча (шаардык мекеме, өндүрүштүк ишканалардын жана шаардын жалпы аймагынын санитардык абалын жакшыртуу боюнча), ошондой эле кылдаттык менен иштеп чыгууну жана аз эмес материалдык чыгымдарды талап кылган (мисалы шаардын жаңы генаралдык планын иштеп чыгуу, шаардык магистралдарды кайрадан иштеп чыгуу, түрдүү чубалгы жолдорун, жүргүнчүлөр үчүн жер астындагы өтмөк жолдор сыяктуу ж.б.) маселелер каралып, жыйын өткөн зал расмий жыйындарда күтүлбөгөндөй жандуу болуп турду. Бул жерде олуттуу курч маселелердин айланасында күтүлбөгөн жерден талаш-тартыштар чыгып, кызуу талкуулар менен коштолуп жатты. Бул жактагы мени кубанткан нерсе болгон проблемалардын айланасында ораторлор констатациялар менен эле чектелбестен, аларды чечүү жолдорун кошо сунуштап жатышты. Көбүнесе, аларды чечүүдө ички ресурстарды колдонуу менен кантип чечүү керек деген маселеге басым жасап жатышты.

Суроолорго жооп берүүдө заводдун жетекчилери, алардын ичинде Ленин атындагы аскердик-өндүрүш комплексинин директору Дмитриев А. И., «Ала-

жумушчу жана кызматкерлер арасындагы кызматтык ранг, эмгек стажына карабастан мамилелер ортосундагы гармониянын өкүм сүрүшү эле. Бардыгыбыз өзүбүздү бир максатты көздөй багыт алып, жашоодо бир позицияны тутунган бир команданын мүчөсү катары сезчүбүз.

Биздин шаардык комитеттин мектеби эгемен республикабыздын алдыңкы ишмерлеринин карьералык өсүшүнүн негизги булагы болуп калгандыгы да мени кубандырат. Алардын арасында Кыргыз Республикасынын президенти Роза Исаковна Отунбаева, Кыргыз Республикасынын мурдагы премьер-министр жана убактылуу өкмөттүн биринчи вице-премьери Муралиев Амангелди Мурсадыкович, Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын аягында шайланган өкмөтүнүн вице-премьер-министри Атаханов Шамиль Есенжанович, өлкөнүн көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмерлери Сааданбеков Жумагул жана тилекке каршы, иш десе ишке тойбой, аш десе ашка тойбой турган кезинде автоунаа кырсыгынан каза тапкан Бакаев Анарбек Курамаевичтер бар.

Ошол учурдагы партиянын шаардык кеңешинин жаш кызматкерлеринин арасынан азыркы учурда алдыңкы катарда турган ишкерлердин чыгышы мен үчүн андан да жагымдуу күтүлбөгөн нерсе болду. Алар бул жөндөмдөрү менен учурдун талабына адекваттуу жооп берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин далилдей алышты. Алар жасаган иш үлгү алууга татыктуу, бирок учурунда биз аларга таптакыр башка роль берер элек. Бирок мени өзгөчө таң калтырган жана сүйүндүргөн нерсе, мезгилдин талабына жооп катары алардын ишкерлик чөйрөсүндөгү жетишкендиктери гана эмес, ажырагыс күч болгон руханий артыкчылыктарга жетишкендиктери мени өтө кубандырды. Адамкерчиликке келгенде да алар мурдагысындай эле өз сөздөрүнө бекем турган, жеке кызыкчылыгы үчүн материалдык пайданы гана ойлоп, жаман ишке барбай турган, досчулукка бекем, ага-инидей болуп сыйлаша билген татыктуу адамдар боюнча калышты. Бул өтө жагымдуу нерсе.

Мен көп ойлонуп көрүп мындай жыйынтыкка келдим. Биздин мурдагы иш боюнча ортодо түзүлгөн мамиле, түп тамырынан бери алмашкан тарыхый өзгөрүүлөрдөн кийин дагы изсиз өтүп кетпептир, көрсө ал руханий жолдошчулук мамилеге айланган экен. Ошондон улам, мен бул жашоодо адамдар ортосунда үзүлбөй турган бир гана духовный байланыш бар экендигине ынанып отурам. Анткени ал убактылуу кызыкчылыктардан жаралбай турган, жан-дүйнөнүн талабынан улам пайда болгон нерсе.

## Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин катчылык кызматында

1985-жылдын 15-ноябрында Кыргызстан КП БК бюросунун катчылыгына дайындалышым менен Фрунзе шаардык кеңешинин биринчи катчылыгын өткөрүп берүүгө туура келди. Мени бардыгы куттуктап жаткандыгына карабастан бул орунга жылдыруу жүрөгүмө кубаныч же кандайдыр бир энтузиазм туудурбады.

Анткени, Фрунзе шаардык партия жетекчилигинде 13 жыл иштеп туруп, бул жаңы кызматта да андагыдай өз алдынчалуулук болбой тургандыгын жакшы түшүнчүмүн. Ошондой болсо да, Кыргызстандын КП БКнын биринчи катчысы Масалиев Абсамат Масалиевич менен болгон достук мамилем менин жаңы кызматка бат аралашып кетишиме кандайдыр бир даражада таасирин тийгизет деп үмүт кылдым, ишендим. Анын үстүнө, Абсамат Масалиевич мени Кыргызстандын КП БКине жумушка келүүгө өзү көндүрүп жаткан.

Көп өтпөй КПССтин БКи башка Орто Азия республикаларына жөнөткөн сыяктуу эле, бизге да Россиянын аймактарынан биздин аймакта жашаган элдердин маданияты, менталитети, социалдык-экономикалык чөйрөсү менен эч тааныштыгы жок кызматкерлерди партиялык жана мамлекеттик структураларга кызматка жөнөтүп жаткандыгы маалым болду.

Кадр саясатындагы мындай маанисиз кадамдар тууралуу «Огонек» журналына өз макаласында ошол учурдун белгилүү акындарынын Расул Гамзатов сарказм менен шылдыңдап жазганы бар. Ал жерде өлкөдөгү негизги пахта чыгаруучу республика Өзбекстанга Союздун ар кайсы булуң-бурчтарынан жүздөгөн партиялык кызматкерлердин жиберилгендиги жөнүндө баяндалат.

Бул нерсе бизди дароо кооптондуруп салды. Анткени, баштатадан келе жаткан салтка ылайык союздук республикалардын Компартиясынын Борбордук комитетинин экинчи катчылыгына КПСС БКнын тажрыйбалуу кызматкерлерин жөнөтүү эрежеге айланып калган эле. Бизге экинчи катчылыкка партиянын Магадан областтык комитетинин мурдагы катчысы Геннадий Николаевич Киселев дайындалып, Кыргызстан КП БКнын өндүрүш боюнча жооптуу катчысы кылып Чечен-Ингуш АССРинин Грозный шаардык кеңешинин мурдагы катчысы Н.И.Семенов дайындалган. Биз алар менен иш боюнча жакындан таанышкандан кийин алар улуттук жетекчилердин үстүнөн, б.а. биздин үстүбүздөн көзөмөл жүргүзө турган өзгөчө укуктук полномочиясы бар экендигин түшүндүргөндөй болушту. Мына бул, ошол кезге мүнөздүү болгон бир мисал.

Республикалык Илимдер Академиясы жетекчисиз калганына эки айдан ашык убакыт өткөн эле. Ошондон улам, академиктер тобунан Масалиевдин атына тезирээк академиянын президентин дайындоо маселеси боюнча кат келди. Масалиев мага телефон чалып, тез аранын ичинде мага келип кет деп өтүндү. Мен барганымда ал киши менден качан академиянын мүчөлөрүн чогултуп, анын президенттигине кандидатура кароо маселеси боюнча сүйлөшсө болот деп сурады. Мен эки күндөн кийин болот деп жооп бердим. Белгиленген күнү аталган кеңеш өттү. Кеңешти БКтин биринчи катчысы өзү өткөрдү. Академиянын бардык мүчөлөрү бир добуштан жаш окумуштуу, техникалык илимдердин доктору Аскар Аакевдин кандидатурасын көргөзүштү. А.Масалиев бул кандидатураны жактырып, кийинки жумада Академиянын жыйынын өкөрүп президентти шайлоону сунуштады.

Академиянын жыйыны болорго бир күн калганда Масалиев мени өзүнө чакырып, тез аранын ичинде академиянын жыйынын башка күнгө

которуунун зарылдыгы жөнүндө айтты. Мен эч нерсе түшүнө бербей, «Эмне болуп кетти? Сиз эл алдында Илимдер Академиясы сунуштаган Аскар Акаевдин кандидатурасына макул экендигиңизди билдирбедиңиз беле. Эми биз кантип аларга андан баш тартып жатканыбызды түшүндүрөбүз? Биз аларга кайсы себепти айтып түшүндүрөбүз?» -дедим. Ал киши кызарып кетип, «биз партиянын жаңы кадр саясатынын принциптерин катуу сакташыбыз керек,- деп ачуулуу үн менен жооп берди.- Тез аранын ичинде КПССтин Борбордук Комитетинин илим жана окуу жайлар боюнча бөлүм башчысы менен байланышып, Илимдер Академиясынын президенти кылып дайындай турган адам жөнөтүүсүн сурангыла»,- деди. Мен ал кишиден: «Бул акыркы чечимби?» дедим. Масалиев өтө чечкиндүү жооп берди. Мен бул жооптуу инциндент узак убакытка чейин мени тынчсыздандырып жүрдү. Бир аз убакыттан кийин бул окуянын артында эмне катылып жаткандыгын түшүнгөндөй болдум. Президентти сырттан чакыртуу демилгеси Кыргызстанда өзүлөрүн толук кандуу кожоюн сезген эки адамдын бири Борбордук Комитеттин экинчи катчысы Г.Киселев жана өндүрүш боюнча катчы Н. Семеновдон чыкканы түшүнүктүү эле. Тилекке каршы, бул окуянын башталышы менен жаман кырдаал түзүлүп, Масалиев экөөбүздүн мамилебиздин ортосунда жарака пайда болду.

Мен өзүмдү өтө ыңгайсыз сездим. Анткени биз Академиянын бардык курамынын катышуусу менен өткөн жыйында жасалган талкуудан кийин академиянын президентинин кандидатурасы боюнча бир пикирге келген элек. Маселе коллегиялык түрдө чечилген болчу. Анан күтүүсүз жерден БК сөзүнөн айнып, жалпы кабыл алган чечимди жокко чыгарып отурат. Албетте, мындай иш республиканын жетекчилигинин беделине терс таасирин тийгизбей койбойт эле.

Борбордо мамлекеттик башкаруу тармагында болгон сыяктуу эле, экономика, социалдык тармактарда кайра куруунун жакшы ойлонулган, ачык чагылган айкын саясаты болбогон үчүн ар кайсы жергиликтүү бийик органдарынын ориентацияны жоготуп алуусуна жана кылтылдоосуна, кооптуу абалга алып келди.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын башкы катчысы Михаил Сергеевич Горбачев тарабынын бүткүл дүйнөгө эрдемсинүү менен жар салынган кайра куруу идеясы, аны ишке ашыруунун так программасы болбогондон улам, акыры бүдөмүк туңгуюкка барып такалды.

Жергиликтүү бийлик органдары иш жүзүндө борбордон реалдуу таасир ала албагандыктан улам, Кремлдин жан-жөкөрлөрүнүн үлгүсү жана шыктандыруусу менен демагогиялык риторикага барып такалышты. Мындай жагдай демагогдордун бардык түрүнө майдай жакты. Коомдогу, эмгек жамааттарынын, партиялык мекемелердин ичиндеги атмосфера уламдан улам чыңалып баратты. Жыйынтыгында, реалдуу иштер куру сөз, ала чапма убадалардын ичине чөгүп баратты. Бир сөз менен айтканда, Горбачев тарабынан убада кылынган бакубат жашоо ордуна өлкөдө коом басынып, бийлик алсыздыгын көрсөтүп, цинизм жана ишеним кеткен убак орноп жатты.

Тилекке каршы, бул көрүнүш Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетине таасирин тийгизбей койгон жок. Борбордун ишин улантуучу жаңы кишилер Г. Киселев жана Н. Семеновдордун келиши менен аппаратта кош бийлик орноду деп айтса болот. А. Масалиев кандай маселе боюнча чечим кабыл алынбасын аларды карап иш кылып калды. Буга жогоруда кеп болуп өткөн республиканын Илимдер Академиясынын президенттигине академиянын мындай айтканда толук курамынын макулдугу менен кабыл алынган А. Акаевдин кандидатурасынан баш тартуу маселеси мисал боло алат.

Башка мисал катары Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин уюштуруу иштери боюнча бөлүм башчысы кылып, Борбордук комитеттин бюросунун талкуусуна алынбай туруп, бул орунга мурда Ставрополь крайынын комитет башчысынын орун басары болуп келген жана партиялык чөйрөдө мурда эч кимге тааныш болбогон Василенко Михаилдин дайындалышын келтирсе болот. Кыска мөөнөт ичинде эле ал адам өзүн кармай албаган, орой адам катары көрсөтүп койду. Кийинчерээк республиканын бардык сот органдарынын башкы жетекчилери алмаштырылды. Мамлекеттик коопсуздук комитетинин председатели болуп Владимир Рябоконь, республиканын башкы прокурору болуп Геннадий Иванцов, Ички иштер министири болуп Виктор Гончаров дайындалышты. Алар өзүн кыйын сезишип, керек болсо зөөкүрчүлүк менен мамиле кылышчу. Бул адаттар көбүнесе Коопсуздук комитетинин председатели В.А.Рябоконго көбүрөөк мүнөздүү эле. Ал киши жада калса республиканын жогорку кызмат орундарындагы жетекчилердин көзүнчө да өзүн өтө эле ыгы жок алып жүрчү. Жолдош А.Масалиев Борбордук комитетте түзүлгөн мындай кырдаалга өтө тынчсызданууучу эле.

Бир сапар Кыргызстандын жогорку органында болуп жаткан мындай терс көрүнүшкө карата ой-пикирибизди көзмө-көз отуруп бөлүшүп калдык. Ошондо ал киши акыркы учурда өзүнө мурда мүнөздүү болбогон тынчсызданоусу жөнүндө билдирди. Мага: «Мен дагы тирүү адаммын да, айланада эмне болуп жаткандын баарын көрүп турам», - деди. Андан ары кененирээк чечилигси келген жок. Улантуунун деле кажети жок эле. Ал учурда Борбордук комитеттин аппаратынын бардык жамааты Борбордун кишилери өзүлөрүн кандай алып жүргөндүгү тууралуу маалыматы бар эле. Алар партиялык иштин этика жана нормаларын тебелеп, Борбордук комитеттин пленумунун алдында чыгып сөз сүйлөй турган ар бир адамды кандай позицияда, кимди жактап, кимге каршы сөз айта тургандыгына буйрук берип, Борбордук комитеттин мүчөлөрүн бирден тескеп чыгышчу. Албетте, мунун бардыгы жана да башка көп нерселер жөнүндө Масалиевдин кабары бар болчу. Арийне, бул саясат Борбордон экендигин жакшы түшүнүп, бирок жагдайга кандайдыр бир таасир тийгизе албастыгын билгенден кийин аргасыз унчукпай келген. Бул Борбордук комитеттин жетекчилигинде кош бийликтин орношуна алып келди.

Кыргызстан Компартиясынын Борборук комитетинде түзүлгөн жагдайдан улам тынч, ишенимдүү, натыйжалуу иш алпарууга мүмкүн болбой калды.

Борбордук комитеттин кызматкерлери ар кандай жалаа, доо иштерин териштирүү, түшкөн арыздардын үстүндө иш алпаруу менен алек болуп калышты. Тез аранын ичинде чечүүнү талап кылган социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери үчүн, тилекке каршы убакыт жетпей жатты. Өкүнүчтүүсү, түшкөн жалаа жана арыздардын саны, жалган айтпасам геометриялык өсүш менен өсүп жатты. Бул нерсе республикадагы моралдык жана саясий атмосферанын оор абалда экендигинен кабар берип турган бирден бир көрсөткүч эле.

Түзүлгөн кырдаалдын маанисиз экендигин түшүнүп, биздин партия жетекчилерибиз улам тереңдеп сүңгүп кирип бараткан бул ыпылас ишке аралашкым келбей, ээлеген кызматымда калсамбы же илимий, болбосо илимий-окутуучулук кесибиме кайра өтсөмбү деген маселенин үстүндө көбүрөөк ойлоно баштадым. Арийне, мени ал ойлор көпкө кыйнап үлгүргөн жок.

Күндөрдүн бир күнүндө КПССтин Борбордук комитетинин партиянын уюштуруу иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы, Орто Азия өлкөлөрү боюнча курьер мага телефон чалып, мени Борборго которуп, СССРдин Министирлер Кеңешинин астындагы Дин иштери боюнча кеңештин председателинин орун басары кылып которуу сунушу менен кайрылды.

Үй-бүлөм менен кеңешип, болгон бардык «оң» жана «терс» жактарын терең салмактап көргөн соң, бул сунушту кабыл алууну чечтим.

Бир канча күн өткөн соң А. Масалиевке кирип, кабыл алган чечимим жөнүндө айттым. Ал киши алдыда боло турган өзгөрүүлөрдөн кабары бар экендигин, бүгүн, эртең менен ага Борбордук комитеттин сектор башчысы, куратор мени жаңы кызмат ордуна которууга каршы болбоңуз деп суранып чалгандыгын айтты. Жолдош Масалиев менин мындай чечимге келишимди өкүнүү менен кабыл ала тургандыгын билдирди.

## Дин иштери боюнча Кеңештеги эмгек жолум

Борбордук комитеттеги кесиптештерим менен коштошуп, Москваны көздөй багыт алдым. Борборго келип, КПССтин Борбордук комитетинин секторуна кирдим. Ал жерден мага өздүк делом КПССтин Борбордук комитетинин пропаганда жана үгүт бөлүмүнүн башчысына жөнөтүлгөндүгүн жана ал киши эми менин кураторум боло тургандыгын, азыр анын кабинетине киришим керек экендигин айтышты. Сүйлөшүүбүздүн башында бөлүм башчысы мага мамлекеттин дин иштери боюнча саясаты чоң өзгөрүүлөргө учурагандыгын түшүндүрдү. Булар «Дин эркиндиги жана диний уюмдар» жөнүндөгү жаңы мыйзамда адекваттуу түрдө чагылдырылышы керек деди. Мыйзам долбоорун даярдоо иши СССРдин Министирлер Кеңешинин алдындагы дин иштери боюнча кеңешке тапшырылган. Андан соң, мен бул өзгөчө маанилүү ишке токтоосуз киришүүм керек экендигин айтты. Дин иштери боюнча кеңештин председатели Харчевке телефон чалып, мага айткан сөздөрдү кайталады.

Бир күндөн кийин мен жаңы кызмат ордума киришүм.

Ошол күндөрү дин иштери боюнча кеңештин иштери абдан көбөйдү. Анткени, диний уюмдар боюнча оор иштер эми Мамлекеттик коопсуздук комитетинен Кеңешке өткөрүлүп берилген эле. Эгер Меккеге баруу жана ыйык жерлерге сыйынуу үчүн каттоо иштери башта Мамлекеттик коопсуздук комитетинин көзөмөлүндө болуп келсе, эми кайра куруу доорунан баштап бардык жоопкерчилик дин иштери боюнча органдардын мойнуна жүктөлгөн эле.

Жергиликтүү органдар инерция боюнча жоопкерчиликтен качып, анан да керт башынын жеке кызыкчылыктарын ойлоп, диний уюмдар боюнча маанилүү маселелердин чечилишин улам артка тарткандыктан улам, адамдар Москвадагы дин иштери боюнча кеңешке кайрылууга мажбур болушар эле. Ал жерде бир да маселе убактысынан кечиктирилбей, мазмунуна жараша чечилип турган. Ошондон улам, Дин иштери боюнча кеңештин имаратында ар дайым киши көп болор эле, Анан да ал адамдардын көпчүлүгүн тээ алыс жактан келген адамдар түзчү.

Кеңеште иштеп баштаган биринчи күндөрү эле мага өлкөнүн бардык аймактарындагы диний жашоо ал жылдары жандана түшкөндөй болду. Бирок баарынан өзгөчөлөнүп, мурда жабылып калган секталардын мүчөлөрү ишмердүүлүгүн расмий түрдө таанытуу аракетин жасашып, өзүлөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүштү.

Мындан сырткары ошол учурга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп, идеология-лык кысымдын, атайын кызматчылардын көзөмөлүнүн азайышынан пайдаланып диний борборлор жана ар кай жердеги диний аталып, бирок жалган секта болуп саналгандар өзүлөрүн таанытууга чоң аракет жасашты. Булар менен катар бир учурда эле, жөнөкөйлөтүп айтканда өз динине башка дин өкүлдөрүн киргизгиси келген прозелитизм кыймылы күч алды. Биздин ошол учурдагы маалыматыбыз боюнча Россиядагы бул кыймылдарды Ватикан жоомарттык менен каржылап туруучу. Мындай ойго келүүбүзгө Россиянын көптөгөн облустарында католиктик чиркөөлөрдүн санынын кескин өсүп кетиши негиз болгон эле. Албетте, бул нерсе орус православие чиркөөсүнүн жетекчилери тарабынан байкалбай калган жок. Дал ушул себептен улам, орус православие чиркөөсүнүн жетекчилиги жана Ватикан ортосунда бири-бирине болгон мамиле олуттуу курчуган.

Бизге, өзгөчө мага баш оору жараткан нерсе мусулмандардын Меккеге баруусу тууралуу маселелерди чечүү менен байланыштуу болду. Ал учурда, баарынан мурда Орто Азия жана Кавказ республикаларында, ошондой эле жер жерлерде авиабилет алуу үчүн доллардын накталай түрү болбогондугу жана араб өлкөлөрүнөн зыяратчыларды табуу кыйынчылыктарды жараткан эле. Валютаны ал учурда СССРдин Мамлекеттик банкынан гана алмаштыруу мүмкүн эле. Бирок ал үчүн партиялык уюмдар менен кайра-кайра макулда-шуу жана банктын жетекчилигине көп жолу жолугушууну талап кылчу. Бирок мындай убаракерчилигине, азап-тозогуна карабастан, адамдар ошол бөлүнгөн акчаны алып, ойлогон ой-максатын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө, мүмкүн бүт өмүрүндө биринчи жолу, ээ болуп жаткандыгына сүйүнүшсө,

мен андан терең канагаттануу алар элем. Анткени дал ошол долларлар дүйнөдөгү бардык мусулмандар үчүн ыйык Мекеге жол ачар эле.

Менин үстүмө үйүлгөн күндөлүк иштерди кечиктирбестен чечүүм керек экендигине карабастан, дин иштери боюнча Кеңештин бирден бир маанилүү тапшырмасы болуп «Дин эркиндиги жана диний уюмдар» жөнүндөгү мыйзам долбоорун даярдоо иши турган. Мен үчүн бул иштеги эң унутулгус нерсе аталган мыйзам долбоорун иштеп чыгуу комиссиясынын иш алпаруусуна активдүү катышкандыгым болду. Анткени бул комиссияда академик Дмитрий Сергеевич Лихачёв, СССР ИАсынын мүчө-корреспонденти Сергей Сергеевич Аверинцев, байыркы Греция жана Рим тарыхы жана маданиятын мыкты билген өлкөнүн атактуу илим жана маданият ишмерлери менен катар эле, СССРдин ИАсынын мамлекет жана укук институтунун окумуштуулары да бар эле. Иш учурунда бул адамдар менен болгон баарлашуу чексиз канагаттануу алып келип, табылгыс билим булагы болуп берчү. Мен мындай адамдар менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугум үчүн тагдырыма чексиз ыраазычылыгымды билдирем.

Дин иштери боюнча кеңеш тарабынан жасалган мындан башка маанилүү иштердин бири болуп, славяндардын христиан динин кабыл алуусунун 1000 жылдык маарекесин белгилөө болду. Маараке дүңгүрөп, масштабдуу түрдө өткөрүлдү. Бул маарекеге арналып Стокгольмдо Түшүндүрмө Библиянын ??? (Новый Завет жана Старый Завет чогуу) экинчи басылышы жарыкка чыгарылды. Бул акция Москвадагыдай эле Россиянын бардык булуң бурчтарында, Украина, Белоруссиянын көрүнүктүү маданият адамдары менен бирге эле жалпы коомчулуктун купулуна толуп, жакшы маанайда кабыл алынды. Бул маарекенин эң бийик чокусу болуп бир топ өлкөлөрдөн келген православие дининин конфессияларынан турган делегация башчыларынын катышуусунда Чоң опера жана балет театрында өткөн салтанаттуу жыйын болду. Бул жыйынга Советтер Союзунун мамлекет башчылары да катышышты

Маарекенин бүтүшү менен «Дин эркиндиги жана диний уюмдар» тууралуу мыйзамдын долбоорун талкууга койдук. Талкууга окумуштуу-дин таануучулар, тарыхчылар, культурологдор, СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаттары катышышты.

Эки айдан кийин иштелип чыккан долбоор СССРдин Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталды. Мыйзам кабыл алынгандан кийин Дин иштери боюнча кеңештин кызматкерлери өлкөнүн ар кайсы бурчуна жаңы мыйзам эски мыйзамдан эмнеси менен айырмалана тургандыгын түшүндүрүү максатында тарап кеттик.

Ал сапарда мен Россиянын бир топ түндүк областтарында, Бурятия АССРин, Чуваш АССРин, Якут АССРин, Чита областтарын кыдырып келдим.

«Дин эркиндиги жана диний уюмдар» жөнүндөгү мыйзамды динге ишенген кишилер бир топ жеңилдетилген катары абдан жакшы кабыл алышты. Ошол эле учурда бул аймактарды кыдырып, адамдар менен баарлашкан кездерде, көп жерде өлкөдө болуп жаткан кайра куруу процессине болгон наразычылык менен кыжырдануулардын байкадым.

Командировкадан келгендердин бардыгы Мсквага пикир алмашуу максатында чогулдук. Жаңы мыйзамды жалпы жонунан жакшы кабыл алышыптыр. Бирок Кеңештин кишилеринин жер-жерлерде уккан жана аймактарда көргөн нерселери тынчсызданууу жаратты. Советтер өлкөсүндө жүргүзүлүп жаткан кайра куруунун жүрүшүнө өтө нааразы болушуп, партиянын чиновниктеринин куру сөз менен тойгузуп, реалдуу иш жүзүндө эч нерсе жасай албаган куру убадаларына кыжырданып турушкан эле. Ал аз келгенсип, иштин жүрүшү борбордо болсун, аймактарда болсун улам барган сайын начарлап бараткан болчу. Ошол учурда кабыл алынган норма боюнча коллегияда каралгандан кийин жалпыланган маалыматтарды Дин иштери боюнча кеңеш КПССтин Борбордук комитетинин Пропаганда бөлүмүнө жөнөттүк. Бирок, жыйынтыктоочу документте көптөгөн курч жагдайлар жылмаланып, алда канча жумшартылган эле.

Бир айдан кийин бардык союздук республикалардын дин иштери боюнча бөлүм башчыларынын катышуусу менен, «Диний уюмдардагы адамгерчилик эркиндиги жөнүндө» жаңы мыйзамдын положениесин тезинен турмушка ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекиткен Дин иштери боюнча кеңештин коллегиясы болуп өттү.

Тилекке каршы, бул чечим СССРдин Министирлер кеңешинин астындагы дин иштери боюнча кеңеш үчүн өлүм алдындагы ак куунун болуп көрбөгөндөй кереметтүү ырына окшоду. Бул чечимди кабыл алгандан кийин бир ай өтпөй Мамлекеттик өзгөчө кырдаал боюнча комитет тарабынан мамлекеттик төңкөрүш жасоо аракети болду. Бардыгыбызга белгилүү болгондой, алар өз бийлигин үч күн гана «өкүм сүрдүрө» алышкан. Анткен менен ал өзүнүн уратуучулук ролун ойной алды. Совет эли ГКЧПнын жасаган ишинен оңчулуктуу эсине жана өзүнө келе электе кийинки саясий бүлгүндүн толкуну урду. Тагыраак айтканда, үч славян республикасынын башчылары - Россия федерациясы, Украина жана Белорусия өлкөлөрүнүн Белорусиянын Беловежа Чер токоюна чогулушуп, Советтер Союзун таратуу чечимин кабыл алышкан. Ошентип, бир гана шилтем менен килтейген бир улуу державанын тагдыры чечилип отурат. Советтер Союзунун түзүлгөндүгүнүн 69 жылдыгына үч жума жетпей союз чачырады. 1991-жылдын аягында биз Бишкекке көчүп кетели деп жаткан кезде Россия өкмөтүнүн буйругу келип калды. Ал жерде төмөндөгүлөр баяндалган:

1) Дин иштери боюнча кеңештин председатели Христораднов Ю.Н. кызмат ордун Дин иштери боюнча кеңештин председателинин орун басары К.М. Молдобавке өткөрүп берсин.

2) К.М. Молдобаев материалдык жана акча каражаттарынын документтеринин сакталышын камсыз кылсын.

Бул чечимди аткаруу үчүн мен дагы эки жылга Москвада калууга туура келди. Өзүмдөгү ошол учурдагы белгисиздик, солкулдаган абалдардан улам орто тепкичтеги мамлекеттик кызматкердин абалынын бир калыпта эместиги, жашоолорунун мына-мына сынып кетүү абалында тургандыгын сезүүгө мүмкүн болду. Москвадагы турак-жай маселеси бизди толугу менен канааттандырчу. Биз Фрунзе проспектисиндеги үч бульвардын биринде

жайгашкан, расмий түрдө Третья Фрунзенская деп аталган бульвардагы көп кабаттуу кирпич үйдө жашачубуз. Айтмакчы, биздин маңдайыбыздагы Комсомол проспектисинде жайгашкан үйдө кыргыз элинин белгилүү мамлекеттик ишмер, Министирлер кеңешинин мурдагы председатели Болот Мамбетович Мамбетов жашачу. Биз кээде кечки сейилдөөдө жолугуп калчубуз.

Өлкөдөгү кутуусуздөн түзүлгөн кырдаалдан улам, мен жумушумдан эле эмес, жашаган үйүмдөн да айрылдым. Окуянын драматизминин күч алышы, Бишкекте өз үйүбүздүн болбогондугунан улам түзүлүп жатат. Бишкектеги батирибизди Москвага кеткенибизде мамлекетке тапшырып кеткенбиз. Ал учурда эреже ошондой эле. Аны менен катар эле жубайым Майрамкүлдүн иши эмне болору да белгисиз эле. Москвада ал киши Бүткүл союздук тамак-аш өндүрүшү институтунда технологиялык факультеттин деканынын орун басары жана бир эле учурда биохимия кафедрасынын доценти болуп иштечү. Бир сөз менен айтканда, өзүмдүн турмуштук тажрыйбамдан улам, партиялык чөйрөдө кеңири тараган «Биз партиянын аскерлерибиз, ал бизди кайда жөнөтпөсүн биз ал тапшырмаларды чоң ишеним катары кабыл алабыз жана аны кыңк этпестен аткарабыз» деген концепциянын маанисиз экендигин түшүндүм. Тилекке каршы, партия катардагы аскерлеринин тагдыры астында көп учурда тиричиликтик жана турмуштук маселелерге шылтап, өз жоопкерчилигинен баш тарткан учурларга көптөгөн мисалдарды келтирсе болот.

## ЭКИ БООРДОШ ӨЛКӨ КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ АЛТЫН КӨПҮРӨ БОЛГОН КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИН ТҮЗҮҮ

1993-жылдын аягында үй-бүлөм менен Москвадан Бишкекке кайтып келдик. Республика үчүн түзүлгөн кырдаалдын жаңы шарттарында биз жашоону кайра баштан баштоого туура келди. Албетте, эң башкы жана өтө маанилүү маселелердин бири биз үчүн турак-жай маселеси эле. Себеби, биз Москвага кетердин алдында Бишкекте биз ээлеп турган үйүбүздү мамлекетке тапшырып кеткенбиз. Ал ошол учурдун тартиби эле. Башка болушу да мүмкүн эмес болчу. Ошондуктан баарынан мурун турак-жай маселесин чечишим керек эле. Бирок, тилекке каршы үй издөө маселеси эмнегедир ийгилик менен коштолбой турду. Түзүлгөн кырдаалга ылайык, кайрадан жаңы үй куруу маселеси гана турду. Ал үчүн биринчиден жер алыш керек эле. Бул мага оңойго турган жок, жер табуу маселеси менден көптөгөн убакыт жана күчтү талап кылды. Узак түйшүктөрдөн кийин бул маселени чечүү мүмкүнчүлүгү келди. Андан соң, үй куруучулар керек болду. Мен үчүн өтө таң калыштуу да өкүнүчтүү да болгону, акыркы жылдар ичинде шаарда жогорку квалификациялуу куруучу адистердин калбагандыгы болду. Алардын көпчүлүгү Россия жана башка өнүккөн мамлекеттерге, б.а. алардын эмгегине 2-3 эсе көп төлөп берген өлкөлөргө кетип калышкан экен. Бирок акырында жакындарымдын, тааныштарымдын жардамы менен жогорку квалификациялуу адистерден турган куруучулардын бригадасын табууга мүмкүн болду. Андан соң, курулуш материалдарын сатып алуу деген андан калышпаган маанилүү иштердин бири турган эле. Ал учурда курулуш материалдар базары аз эле. Көптөгөн курулуш материалдары жетишсиз эле, болсо дагы жетишсиздиктен улам алардын баасы абдан кымбат болчу. Бактыга жараша, Москвадагы батирибизди кыска убакыт ичинде эле, жакшы баага сатып жиберүүгө мүмкүн болду жана бул Бишкекте үй куруу максатымды кыйла жеңилдетти.

Көптөгөн мээнет, зор кыйынчылыктар менен акыры тамыбыз курулуп, үй тоюн өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук.

Бул маанилүү окуя аяктагандан бир канча күн өткөндөн кийин эле мага А. Акаевдин кабылдамасынан телефон чалып, мени жолугушууга чакырып жатканын айтышты. Эртеси күнү белгиленген саатта Аскар Акаевич менен анын кабинетинде жолугуштум. Президент мени абдан жылуу кабыл алып, эки тараптуу жашоо-тиричилик жөнүндөгү суроо-жооптон кийин мага мени Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору кылып дайындоо

жөнүндөгү указдын долбоорун көрсөттү. Андан соң, Президент республикадагы абал жөнүндө кыскача айтып, өзгөчө экономика тармагына көбүрөөк токтолду. Мындан кийин барып, биргелешип Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү идеясы тууралуу кеп курду. Акаев бир канча жолу эки өлкөнүн президенттери Сулейман Демирель жана ал, боордош эки элдин коомдук турмушунун биргелешип иш алпаруусун кантип негиздүү жана узак мөөнөттүү кылып куруу керек экендиги тууралуу көптөгөн пикир алмашуулардан кийин, буга эки өлкөнүн жаш улан-кыздары билим ала турган эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү керектиги жөнүндө бир пикирге келишкендигин айтты.

Мен президентке университетти түзүү боюнча расмий документтер барбы жана ал университет кай жерде орун алат деп суроо бердим. Жооп катары азырынча расмий документтер жок экендигин, бирок эки мамлекет башчысы бул боюнча бекем бир пикирге келишкендигин айтты. Ал эми документацияны окуу жайдын жетекчиси катары мен даярдашым керек экендигин түшүдүрдү. Президент бул маанилүү ишке эң ылайык деп менин кандидатурама токтолгондугун деп тапкандыгын билдирди. Ал эми болочок университет үчүн учурда бардык талапка жооп берген имарат караштырылып жатат деди. Менин тапшырмам боюнча бул иш менен Премьер-министр Апас Жумагулов алектенип жатат. Жакынкы абдан кыска мөөттө бул маселе боюнча ал киши менин катышуум менен өтө турган жолугушууда өз сунуштарын билдирет деди. Ал эми менин иш кабинетим боюнча президент Илим жана билим берүү министирине кабинет табуу жана аны жабдуу тапшырмасы берилгендигин айтты. Жолугушуунун аягында президент мени жаңы дайындалуум менен жылуу куттуктап, узатып жатып, зарыл учурларда кандай болбосун түз менин өзүмө кайрыла аласыз деп эскертип өттү.

Эртеси эртең менен мага Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Метин Гөкер телефон чалып, өзүнө чакырды. Биз ошол эле күнү элчиликте жолугуштук. Биз кыска убакыт ичинде токтоосуз чечиле турган бардык маселелерди толугу менен карап чыктык. Элчи абдан журумдуу жоопкерчиликтүү жана чыныгы ишкер киши болуп чыкты. Ал киши менен мен дароо тил табышып кеттим. Пикир алмашуудан кийин биз эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү боюнча келишимди даярдоо үчүн эки тараптуу эксперттик топ түзүлүшү керек экендиги жөнүндө бир пикирге келдик. Андан сырткары, алгач Бишкекте, ал эми акыркысы Анкарада эксперттик топтордун биргелешкен жыйыны өткөрүлүшү керек жана биринчи жыйын башталганга чейин эки эксперттик топ тең аталган комиссиянын жыйынына өзүлөрүнүн долбоордук версияларын кароого сунушташы керек деген чечимге келдик. Эртеси күнү биздин Билим жана илим берүү министирликтин чечими менен эксперттик группа түзүлдү. Эки күндөн кийин Түркиянын элчиси чалып, Түркиянын жогорку билим берүү мектеби боюнча Мамлекеттик. комитетинин чечими менен эксперттик топ түзүлгөндүгүн кабарлады.

Эки жумадан кийин Түркиянын элчиси Метин Гөкер телефон чалып, Түркиянын жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик. комитетинин

маалымдаганы боюнча Түркия тарап келишимдин долбоорунун үлгүсүн даярдап бүтүрүлүптүр жана жакынкы аралыкта эки өлкөнүн эксперттик тобунун жыйыны үчүн Бишкекке келүүсү күтүлүүдө экен. Ал учурда биз тараптын да долбоору даяр болуп калган эле.

Белгиленген күнү Бишкекке түрк тараптан жогорку мектеп боюнча адис Дурмуш Ялчын жетектеген топ келип калды. Ошентип эки эксперттик топтун биргелешкен иш алпаруусу ийгиликтүү башталды. Бир жума ичинде эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү жөнүндөгү келишимдин долбоору жана университеттин уставынын долбоору даяр болду.

Бишкектеги биргелешкен иш алпаруу жыйынтыкталгандан кийин эки өлкөнүн эксперттик топтору келишимдин долбоору боюнча алымча-кошумчаларды киргизүү боюнча Анкарада жолугушуу тууралуу шартташышты. Бир аз убакыт өткөндөн кийин күтүлгөн жолугушуу Анкарада өттү. Эксперттик топтор келишимдин ар бир статьясын дагы бир жолу өтө дыкаттык менен карап, талкуулап чыгышты. Келишимге кол коюу 1995-жылдын 30-сентябрында өттү. Эки боордош өлкө ортосунда «Манас» университети сыяктуу алтын көпүрө куруу боюнча көп тараптуу маанилүү иш үчүн келишимге кол коюу чыныгы динамикалуу мүнөз алды. Биз Түркиядан келгенден кийин премьер-министир Жумабек Ибраимов бизге президент А. Акаевдин «Жолтранспортдолбоору» институтунун имаратын жаңыдан түзүлгөн университетке өткөзүп берүү жөнүндөгү Указын берди. Мын ошол жерден эле, ишти көп убакытка токтотуп салбай имаратты көрүү үчүн жөнөдүм. Имаратты көргөндө мени имараттын такыр каралбай, чарбасыздыктан өтө начар абалга келип калганы абдан таң калтырды. Имарат андай абалга жете тургандай эски имарат эмес эле. Он-он беш жыл мурда эле имарат жакшынакай абалда болчу. Мен муну шаардык кеңеште иштеп жүргөндүгүмдөн улам, абдан жакшы билчүмүн. Көрсө ал жерди кийинки жылдары жыйырмага жакын ар кошкон ишканалар ижарага алып иштечү экен. Ал жерде убактылуу болгондуктан улам, бардыгы өтө шалаакы мамиле жасаган экен. Инженердик коммуникациясы да абдан эскирип, чатырынан суу агып, паркеттелген полдор чирип, өтө начар абалга келип калган болчу. Килтейген имарат жөнөкөй эле оңдоп-түзөө ишине эмес, кайрадан түп тамырынан бери кайра өзгөртүп жасоого муктаж эле. Мен ошол эле күнү Жумабек Ибраимов менен кезигип, А.Акаевге жолугуштурууну өтүндүм. Эртеси эле күнү президент менен жолугуп, сүйлөштүм. Мен университеке бөлүнгөн имараттын абалы жөнүндө президентке толук маалымат бердим. Кабар албетте, жолдош Аскар Акаевичти сүйүндүргөн жок. Ал киши менин эмне кылууну сунуштарыма кызыкты.. Мен түп тамырынан бери кайра жасап оңдотуш керек дедим. Ойлонуп көрүп, ал менин пикириме макул болду, анан бул маселе боюнча Түркиянын Жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин жетекчилигине кайрылууну сунуштады. Эгер Түркия тараптын макулдугу болсо тез аранын ичинде имаратты кайра оңдоо боюнча долбоордук-сметанын иш кагаздарын иштеп чыгуу үчүн заказ берүү керек эле.

Кийинки күнү Түркиянын президентинин кеңешчиси, университеттин Камкорчулар кеңешинин төрагасы Экрем Жейхун менен байланышып,

университетке бөлүнгөн имараттын абалы тууралуу кенен маалымат берип, аны толугу менен кайра оңдоо керек экендигин түшүндүрдүм. Анан ал киши буга Кыргызстандын президенти кандай карагандыгын сурады. Бул идея Аскар Акаевичке жаккандыгын айтканымда Экрем мырза бир саамга ойлонуп калып, анан биздин пикирибизге толугу менен кошула тургандыгын жана бул маселени эртең эле президент Сулайман Демирелге жеткире тургандыгын билдирип, жообун тез аранын ичинде бизге билдире тургандыгын айтты. Чындап эле эртеси күнү биз Экрем Джейхундан алардын президенти да университеттин имаратын толугу менен кайра оңдоп чыгууга макулдугун бергендигин жана качан долбоордук-смета боюнча документтер толугу менен даяр болгондо алдыга койгон планды бирге ишке ашырууга мүмкүн экендигин айтты. .

Мен тез аранын ичинде долбоорду түзүүчүлөрдү чогултуп, имаратты толугу менен кайра оңдоп чыгуу идеясы эки өлкөнүн жетекчилиги тарабынан колдоо тапкандыгын кабарладым. Ишти тез аранын ичинде ишке ашыруу зарылчылыгынан улам, мен долбоордук институттун жетекчилигине бул заказды институт жакынкы аралыктын ичинде аткара турган башкы орчундуу иш катары кароо тууралуу сурандым. Бул иштин аткарылышы үчүн бирден бир жогорку квалификациялуу адистерден турган команда түзүү менен алардын чыгармачылык нукта иш жүргүзүүсү үчүн шарт түзүү керек эле. Аларды ишке кызыктыруу жана ишти жандандыруу боюнча заказ берип жаткан тараптан да, институт тарабынан да түрдүү чаралар каралган эле. Сүйлөшүүнүн аягында институт бизге бир жуманын ичинде ишти аткаруунун так планын бере тургандыгы жөнүндө, эң негизгиси, ар бир пункт боюнча ишти сапаттуу жана өз мөөнөтүндө милдеттүү түрдө бүткөрүү маселеси боюнча сүйлөштүк. Айта кетүүчү нерсе, институт тапшырманы өз мөөнөтүндө сапаттуу кылып бүткөрүп бере алды.

Мен Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Экрем Джейхун жана Түркиянын Жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин башчысы Дурмуш Ялчынга аталган эл аралык долбоорго ылайык университетке бөлүнүп берилген имаратты кайра оңдоп-түзөө боюнча долбоордук сметалардын документациясын иштеп чыгуунун жүрүшү тууралуу үзгүлтүксүз кабарлап турдум. Баса белгилеп айта турган нерсе, Дурмуш Ялчын биз менен жөн гана Камкорчулар кеңешинин төрагасы катары эле эмес, ошондой эле Түркиянын Жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин биздин университет үчүн бекитилген жооптуу кызматкери катары да иш жүргүзчү.

Долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу аяктап калган учурда бул долбоорду кантип ишке ашыруу керектиги тууралуу маселе пайда болду. Курулуш иштерин жүргүзө турган ишканалар арасында тендерди ким өткөзүшү керек ректорлукпу же Камкорчулар кеңешиби? Бул маселени талкуулап көрүп, бул роль Камкорчулар кеңешине көбүрөөк туура келет деп таптык. Анткени, тендерди өткөрүүнүн технологиясын билген адистер университетте эле эмес, Кыргызстанда да жок эле. Ал учурда бул нерсе коомчулук арасындагы жаңы көрүнүштөрдүн бири эле. Анын үстүнө,

кеңештин төрагасы бул татаал иштин бардык майда-чүйдөсүнө чейин жакшы билчү. Камкорчулар кеңешинин жетекчилиги тендерди өткөрүү жоопкерчилигин алышты. Анын үстүнө, төрага бул иштин бардык майда-баратына чейин жакшы билчү. Биз долбоордук-сметанын документациясын иштеп чыгып жаткан адамдарды Түркияга жөнөттүк.

1995-жылдын күз айларында жаңы гана жаралган университеттин тарыхында дагы бир унутулгус окуя болуп өттү. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин өткөрүү аземине арналган иш-чарага Түркиянын президенти Сулайман Демирел келди. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, эки өлкөнүн президенттери университеке бөлүнүп берилген имаратты көрүүнү туура табышты. Өз учурунда биз да түзүлгөн кырдаалдан улам чакан митинг өткөрдүк. Ал жакта эки өлкөнүн тең президенти сөз сүйлөштү. Алардын сөзүндө түзүлүп жаткан университет эки бир тууган өлкөнүн ортосундагы алтын көпүрө болуп калышы керек деп баса белгиленди. Ошону менен катар эле Сулейман Демирел өз сөзүндө бул окуу жайы Орто Азиядагы Гарвард университети болуп калышы керек деген сөздү кошумчалады. Митингден соң бардыгыбыз менин убактылуу кабинетимде чогулдук. Сулейман Демирел мени карап жылмайып туруп «Университет үчүн кайсы моделди тандоону чечтиңиз?», - деди. Мен: «Заманбап Европа моделин»,- деп жооп бердим. Аскар Акаев «Бир гана ушул модель болушу керек»,- деп мени колдой сүйлөдү. Башталган теманы аяктап жатып, Сулейман Демирел: «Демек, бул маселе боюнча бизде толугу менен бир пикирде жана бир түшүнүктө экенбиз»,- деди канагаттануу менен.

Болочоктогу университетке бөлүнүп берилген имаратты эки өлкөнүн президентинин келип көрүп кетиши, бул окуу жайдын эки өлкө ортосундагы орду жана ролуна болгон алардын көз караштарын билүү, ошондой эле эки өлкө башчысынын университеттеги билим берүү концепциялары боюнча ой жүгүртүүлөрүн угуу, албетте, бул университеттин базасын түптөөгө жана куруучу тартылган бардык мамлекеттик структуралардын иш алпаруусун активдештирүүгө жардам болгондой болду.

Кыска убакыт өткөндөн кийин Дурмуш Ялчын бизге тендер ийгиликтүү аяктап, анда жеңип чыккан фирма аныкталгандыгын кабарлады. Жакынкы күндөр ичинде ал бизге келип, иш башталат деди. Бул кабар бизге жана университеттин курулушуна тиешеси бар бардыгыбыз үчүн жагымдуу кабар болуп, сүйүндүрдү. Бул жерде кеп пландаштырылган жаңы долбоорду ишке ашырууну баштоо жөнүндө, тагыраак айтканда, иштин практикалык түрдө башталышы жөнүндө кеп болуп жатты. Анткени көп учурда пландаштырылган идея менен анын ишке ашырылышынын ортосунда көптөгөн жылдар өтүп кетет эмеспи. Бул жерде болсо бул жараяндар биринин артынан бири удаа эле уланып, үзгүлтүксүз өнүгүүгө ээ болду. Ошондуктан биз бул чыдамсыздык менен күткөн жана кааланган ийгилигибизге кантип кубанбай, кантип сүйүнбөй коет элек. Анын үстүнө, эл аралык биргелешип иш алпаруу сыяктуу мындай татаал иштин оңунан чыгып, ийгиликтүү башталышы эки өлкөнүн ортосундагы ишенимди ого бетер чыңдап, бири бирине болгон бир туугандык сезимди арттырып отурбайбы.

Көп өтпөй Бишкекке ишти аткара турган мекеменин жетекчилери менен инженердик-техникалык кызматкерлер келип калышты. Ошентип, имаратты кайра оңдоп-түзөө боюнча иштер башталды. Жалданып иштей турган фирма тез аранын ичинде жетишпеген кадрларды инженердик-техникалык кызматкерлер менен жумушчуларды жергиликтүү адистердин арасынан алып, ишке киришти. Биздин жардам менен фирма курулуш-материалдарын саткан жергиликтүү фирмалар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, эки тарапка тең пайдалуу шарттар менен иш жүргүзө баштады. Курулуш жүрө турган имаратта уюшкандык менен ынтымактуу иш башталды.

Ошол эле учурда биз Камкорчулар кеңешине ишти көп создуктурбай университеттин ишин баштоо үчүн мурдатан байкаштырып койгон имаратты ижарага алуу маселеси боюнча сунуш киргизгенбиз. Жасала турган иштерди Камкорчулар кеңеши менен макулдашып алып, ижарага алган имараттын ремонтун баштадык. Албетте, ремонт капиталдуу ремонт эмес эле, анткени ал жерде убактылуу гана болот элек, т.а., бир эле окуу жылына эсептелинген эле. Окуу жылдын башталышына карата ремонт бүтүп даяр болуп калды.

Окуу жылынын башталышы менен биз университеттин жетекчилиги жана окутуучулук-профессордук курамын түзүүгө кириштик. Анкарада мени Түркиянын Жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин жооптуу кызматкери, Камкорчулар кеңешинин мүчөсү Дурмуш Ялчын университетибиздин болочоктогу биринчи проректору Ариф Чаглар менен тааныштырды. Келишимге ылайык университеттин ректорун Камкорчулар кеңешинин сунушу менен Кыргызстандын жетекчилиги дайындайт, ал эми проректорун ошол эле Камкорчулар кеңешинин сунушу менен Түркиянын жогорку мектептер боюнча Мамлекеттик комитети дайындайт. Профессор Ариф Чаглар биздин университетке дайындоого чейин бир мөөнөт толугу менен Түркиядагы университеттердин биринде ректор болуп эмгектенип келген. Ал киши бизге келери менен бизди өзүнө тарткан үчүн биз бат эле тил табышып, чогуу натыйжалуу иштөөгө кириштик. Өз учурунда мен элибиздин таланттуу окумуштуусу, ушунчалык чынчыл жана өзгөчө принципиалдуу инсандарынын бири Салижан Жигитовду проректорлук кызмат ордуна чакырдым Ошентип, биз үчөөбүз чогулуп, университеттин жаңы профессордук-окутуучулук курамын түзүүгө кириштик. Биздин университетте айлык маянанын көлөмү Бишкектин башка окуу жайларына салыштырмалуу алда канча жогору болгондуктан, бизде иштегиси келген адамдардын саны бир топ эле көп болду. Биз кадр тандоодо бир гана принципти кармандык – ал конкурс аркылуу гана кабыл алуу жолу эле. Жыйынтыгында биз республикага белгилүү жана беделдүү окумуштуулар катары таанылган профессорлор: Абыт Асанов, Рамиз Рафатов, Анвар Мокеев, Жусуп Пиримбаев, Манасбек Мусаев, Нурбүбү Асипова, Кадыралы Конкобаев сыяктуу ж.б. адамдарды өзүбүзгө тарта алдык.

1996-жылдын сентябрь айында бизге биринчи жолу Түркиянын профессордук-окутуучулук курамы келишти. Бул жерде келген курамдын басымдуу көпчүлүгүн Түркияга жакшы таанымал болгон эл аралык деңгээлдеги жогорку мектептин өкүлдөрү түзгөндүгү мени өзгөчө сүйүндүрдү. Алсак;

Ахмед Бижан Эржиласун, Сейфуллах Чевик, Селахаттин Сары, Ильхан Шахин, Ышык Озкан, Ремзи Атаоглу. Кийинчерээк, мен ал кишилер менен жакындан таанышып, алардын илимий деңгээлдеринин терендигине, педагогикалык мыкты чеберчиликтери жана бийик адамкерчилик сапаттары үчүн терең ыраазы болуу менен, сый-урматыбызга арзый алышты.

Кыскача айта турган болсок, салыштырмалуу аз убакыт ичинде университеттин жашоосундагы, жогорку мектептин заманбап үлгүсү катары иш алпарып, жылдыз болуп көккө учкан мезгилине бат эле жетишкендей болдук. Окуу процессин жүргүзүү үчүн бардык нерсе: аудиториялар, кабинеттер, профессордук-окутуучулук курам, андан сырткары абитуренттерди кабыл алуу үчүн бардык документация даяр эле. Ошентип биздин университеттин тарыхында келечек студенттерди кабыл алуу жараяны да башталды.

Абитуренттерден түшкөн арыздар биз күткөндөн алда канча көп болуп чыкты. Негизи мындай жыйынтык мыйзам ченемдүү эле көрүнүш эле себеби, биз жогорку класстардын окуучуларына өз кызматкерлерибизди жиберүү жолу менен үгүт иштерин республиканын бардык областтарында жүргүздүк. Мектептин бүтүрүүчүлөрү жана алардын ата-энелери эки бир тууган өлкөлөр тарабынан президенттердин демилгеси менен түзүлүп жаткан университет кандай жогорку деңгээлде болору жөнүндөгү А. Акаев жана С.Демирелдин сөздөрүн массалык маалымат каражаттары аркылуу угушкан. Өз учурунда биз дагы, Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү жөнүндөгү эки өлкөнүн президенттери тарабынан жарыя болушу коомчулук тарабынан абдан кызыккандык жана үмүт байлоо менен кабыл алына тургандыгын сезгенбиз. Биздин эмгек текке кетпегендигинин жана өлкөбүздүн эли биздин университет менен жаш муундардын келечегин байланыштырганынын далили катары абитуренттердин көп санда агылып келиши бизде терең жагымдуу канагаттануу сезимин жаратты.

Ошентип, 1996-жылы жогорку активдүүлүк жана чоң күч менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү иштери башталды. Негизги тапшырмалардын бири болуп, университеттин имаратын кайрадан оңдоп-түзөө жана студенттик шаарчанын башкы планын европа стандарты боюнча иштеп чыгууну ичине камтыган окуу жайдын материалдык-техникалык базасын куруу иши кирген. Ишке республиканын эң мыкты зодчийлери тартылган. Ал иш 1997-жылы аяктады. Ошол башкы пландын макети учурда университеттин имаратында сакталып турат.

Университетти түзүүдөгү эң маанилүү нерсе болуп заманбап духка жооп бере турган сапаттуу профессордук-окутуучулук курам болгон. Бул иш Кыргызстанда жана Түркияда бир эле учурда жүргүзүлгөн. Бизде иштегиси келген адамдардын санынын көп болушу университетибизге мүнөздүү көрүнүш. Ошондуктан белгиленген мөөнөткө алгачкы педагогдордун жамаатын түзүү өзгөчө кыйынчылык туудурган жок. Менин оюмча бул жерде эки элдин тил жана маданияттарынын жакын болушу жана дагы жакын мамиледе болуу тилеги маанилүү роль ойноду деп. Бардык жактан мындай татаал долбоорду ишке ашыруу, менин оюм боюнча, түрк тилдүү эки бир

тууган өлкөнүн президенттери Сулайман Демирел жана Аскар Акаевдин ортосунда түзүлгөн жылуу мамиледен улам келип чыккан эле.

Аталган долбоорду ишке ашыруу учурунда улуу урматтуу Сулайман Демирелдин жасаган аяр мамилесин мен терең ыраазычылык жана жүрөгүмдө жылуулук ойноп эскерем. Ал кишини келечекте ачыла турган медицина факультетинин тагдыры өзгөчө кызыктырчу эле. Сулейман Демирелдин тапшырмасы менен Кыргызстанга Түркиядан бул маселени тереңирээк изилдөө үчүн атайын комиссия келген. Көптөгөн маанилүү талкуулардан кийин, медицина факультети сөзсүз түрдө университеттин курамында болушу керек деген жыйынтыктан улам, жана бул долбоор заманбап медициналык техникалык каражаттарды сатып алуудан баштап, окуу лабораторияларын жабдуу үчүн өтө чоң капитал талап кылына тургандыгын эске алып, факультетти университеттин комплексин куруу иштери аяктап калган учурда түзүүгө киришүү керек деген бүтүмгө келгенбиз.

Айта кете турган башка бир өтө маанилүү учур бар. С. Демирелдин өзүнүн сунушу жана демилгеси менен шаарыбыздагы аттуу баштуу басмаканалардын бири болгон заманбап жабдуулар менен жабдылган басмакана курулган.

Университетти тургузуу жараянындагы чоң жетишкендик катары имараттын кайрадан жаңыланып жасалгаланышы болду. Иштин жыйынтыгында биз жаңы деп айтууга боло турган, өз кызматына ылайык бап келген жана учурдун талабына жооп берген имаратка ээ болдук жана 1997-жылы эле ага көчүп бардык. Бул иштин урматына арналып салтанаттуу жыйын өткөрүлүп, эки өлкөнүн президенттери Сулайман Демирел жана Аскар Акаевдер катышышты. Реконструкция иштеринин аякташы, өз имаратында окуу жараянынын башталышы эки бир тууган өлкө ортосунда практикалык түрдө “алтын көпүрө” боло турган университеттин курулгандыгы жөнүндө айтып турган эле.

Сулейман Демирелди Түркиянын министрлер тобу коштоп жүргөн. Жыйындын аягында президент аларды сценага чакырып, мындай деп суроо берди. «Урматтуу министрлер, мындан ары да университеттин өнүгүшүнө колдоо көрсөтөсүңөрбү?» Алардын бардыгы бир добуштан «Ооба!» деп жооп беришти. Бул эпизод бизге өзгөчө таасир калтырган эле.

Жыйындан кийин эки өлкө башчысы университеттин курулуш комплексинин башкы планы менен таанышып чыгышты. Президенттерге башкы пландын макети абдан жакты. Алар бир добуштан жактырышып, аягында тез аранын ичинде муну ишке ашыруу керектигин, ал эми мындай жагдайларда пайда боло турган ондоп-түзөөлөрдү иштин жүрүшүндө киргизсе боло тургандыгын айтышты.

Окуу жайдын материалдык-техникалык базасын куруу боюнча эң маанилүү маселелер бүткөн соң университеттин окуу моделин жана ички жашоосун башкаруу системасын иштеп чыгуу боюнча иш алпарууга кириштик. Аны иштеп чыгууда биз европа стандарттарына багыт алдык. Биз ошол учурда эле Болон процессине кошулууну чечкенбиз, анткени биздин концепциябыздын методологиялык негизи демократиялуулук жана

транспаранттуулук принциптерине негизделген эле. Ошол максатта биз, өлкөдө, жогорку мектептин тарыхында биринчи жолу Окумуштуулар кеңешинин жана университеттин башкаруу структураларынын курамына студенттердин өкүлүн киргизген элек.

Биз иштеп чыккан концепция иш жүзүндө көп жылдар бою пилоттук долбоор катары иштеп турду. Ал өзүн иш жүзүндө толугу менен актады.

Ошол учурда республикадагы жогорку окуу жайларында коррупцияга каршы иш алпаруу жана академиялык чынчылдыкты бекитүү боюнча активдүү кыймыл жүргүзүлүп баштаган. Бул максатта атайын комиссия бардык жогорку окуу жайларында кароолорду өткөрө баштады. Өткөрүлгөн кароонун жыйынтыгында биздин университетке «Академиялык чынчылдык үчүн» деген сертификат берилгендигин чоң канааттануу жана мыйзамдуу сыймык менен айта алам.

Бардыгынан мурда, эң башкысы, биздин студенттердин ийгилигин айта кетишибиз керек. Студенттерибиздин иштери Түркияда өткөрүлгөн эл аралык кароолордо ар дайым алдыңкы орундарды ээлеп, сыйлыктарга арзып келишти. Ал тургай, бир студентибиздин кыска метраждуу фильми европалык конкурста эл аралык сыйлыкка ээ болот.

Албетте, бул ийгиликтер профессордук-окутуучулук курамдын жогорку квалификацилуулугу жана алардын талбаган эмгеги менен катар эле, окуу жараяны жана илимий-изилдөө иштери үчүн түзүлгөн ишкер чыгармачылык атмосферанын жана заманбап материалдык-техникалык базанын натыйжасында болуп отурат. Бул көз караштан биздин университет өтө жолдуу экен. Себеби Университет толугу менен Түркиянын мамлекеттик бюджети тарабынан каржыланат. Мамлекетибиз өз күчү менен окуу процессин жана окутуучулар менен студенттердин илимий-изилдөө иштерин заманбап жабдыктар менен жабдып, университеттин китепканасын көркөм адабият, илимий-методикалык окуу китептеринин жаңы басылмалары менен камсыз кыла алат беле деген нерсени айтуунун кажети барбы?....

## Университетти өнүктүрүү жөнүндөгү башкы планды ишке киргизүү

Окуу жайдын Ректорлугу жана Камкорчулар кеңеши баш болгон жетекчилиги күнүмдүк иштердин көп экендигине карабай университетти өнүктүрүү боюнча башкы планды ишке ашырууну эстен чыгарган жок. Кылдат даярдыктан соң жаңы негизги аймакта университеттин инфраструктурасынын жана биринчи планда турган маанилүү объектилерди куруу иштерин баштоо чечими кабыл алынган эле. Ошол учурда эконкомика жана башкаруу жана журналистика факультеттеринин корпусу жана инфраструктурасы боюнча долбоордук-сметалык документи даяр эле. Курулуш компанияларынын арасында тендер өткөрүү боюнча да документтер даярдалган болчу. 2002-жылдын июнь айында тендер өткөрүлдү. Эки түрк фирмасы тендердин жеңүүчүлөрү болуп тандалды. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эле, анткени

Түркиянын экономикасындагы бул тармак дүйнөдөгү бирден бир алдыңкы тармактардын бири болуп саналат. Университеттин курулуш объектилерин баштоо мөөнөтү болуп 2002-жылдын июль айы белгиленди.

Университеттин имаратынын пайдубалын түптөө иш-чарасына Түркия Республикасынын мамлекеттик министри Р. Доргу мырза келди. Бул салтанаттуу иш-чара 2002-жылдын 3-июлунда уюштурулду. Бул иш-чарага Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаев ж.б. маанилүү мамлекеттик кызматкерлер, ошондой эле Р.Доргу катышты.

Бул обьектилерде курулуш иштеринин расмий түрдө башталышына чейин биз, Бишкек шаардык мэриясы жана Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик инспекциясы, ошондой эле курулуш-материалдарын сатуу боюнча жергиликтүү курулуш мекемелери менен курулуштун жүрүшү боюнча архитектуралык-техникалык көзөмөл жүргүзүү иштерин уюштуруу, курулуш материалдары менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, жергиликтүү жумушчуларды ишке тартуу иштери тууралуу макулдашкан элек. Подрядчик фирманын биздин республикадагы мекеме, ишканаларына кандайдыр бир суроолору жаралган учурларда биз аларга жардам көрсөттүп турдук. Бактыга жараша курулушта кандайдыр бир олуттуу көйгөйлөр жаралбай, ылдамдаган темпте, белгиленген мөөнөттө 2003-жылдын октябрь айында аяктады. Ал эми 2003-жылдын 23-октябрында объектини кабыл алуу салтанатында болсо, Түркиянын премьер-министри Режеп Тайип Эрдоган жана Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаев катышышты. Эки өлкөнүн жогорку даражалуу мамлекет жетекчилеринин катышышы дагы бир жолу эки тараптуу бул долбоордун ийгиликтүү ишке ашышына канчалык даражада маани берерин түшүндүрүштү.

Эки өлкөнүн университетке көрсөтүлгөн ар тараптуу колдоолору, окуу жайыбыздын кыска мөөнөттүн ичинде калыптанып кетүүсүнө болгон алардын чыныгы кызыкчылыктары университеттин чыгарамачылык потенциалынын өсүшүнө жана калыптанышына чоң өбөлгө түздү. Бул эки тараптуу кызыкчылык жана колдоо ар тараптан көрүнүп турду. Мисалы, Түркиядан иш сапары менен Кыргызстанга келген кандай делегация болбосун биздин университетке сөзсүз келчү. Түркия Республикасынын президенти Ахмет Сезер Кыргызстанга келген расмий иш сапарында Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаевдин коштоосу менен университетибизде эки саатка созулган жолугушууда болуп, анда университет жана жамаат менен таанышып чыкты.

Ошол учурда Түркиянын тышкы иштери министри болуп турган, учурдагы өлкө президенти Абдуллах Гүл университетибизде 2 жолу болду.

Өзүнөн өзү белгилүү болгондой, биз Түркиянын белгилүү университеттери менен тыгыз байланышта болуп алар менен кызматташтык алып барчубуз. Өзгөчө, толугу менен европалык типке жана Болонья процессине жооп берген Орточыгыш техникалык университети менен болгон мамилебизди белгилеп айткым келет. Биз үчүн өтө кызыкчылык туудурган нерсе университеттин астында түзүлүп, мыкты жабдуу менен камсыздалган технопарк болду. Технопарк тарабынан иштелип чыккан технологиялык

жаңылыктар Түркиянын эл чарбасынын көптөгөн тармагында колдонулуп келет. Биз албетте, бул тажрыйбаны өз университетибизде колдонуп көрүүгө өтө кызыктар болдук. Ошону менен бирге эле, аталган университеттин жетекчилиги жана кызматкерлери технопарк куруу тажрыйбасын үйрөтүү менен эле чектелбестен, технопарктын күч-кубатын натыйжалуу колдонууга үйрөтүүгө абдан аракеттеништи. Биз бул университет менен университетибиздин инженердик факультети үчүн илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жаатында да кызматташтык жүргүзүүгө кызыктар болдук. Анткени университетти өнүктүрүүнүн келечек планы боюнча жакынкы аралыкта жаңы заманбап имаратын тургузуу иштери пландаштырылган жана бул факультет студенттердин басымдуу көпчүлүгү окуй турган бирден бир маанилүү факультет болот деп эсептелет.

## Университеттин илимий жашоосу

Ал учурда биздин мамлекетибиз жакынкы аралыкта ээ болгон көз карандысыздыктын эйфориясынын толкунунан «Биз кимбиз?», «Кайдан келдик?» «Тарых жолдору бизди кайда алып баратат?» сыяктуу суроолорду берип баштаган эле. Коомчулуктун бул суроолорго жооп издеген кызыкчылыгынан улам, биз «Кыргыз» этнониминин 2200 жылдыгы» деген аталыштагы Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 10 жылдыгына арналган эл аралык конференция өткөрүүнү туура көрдүк.

Илимий форумдун даярдануу этабында «Манас» университети «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча материалдар» сериасынан экинчи том басып чыгардык. Ага кытай булактарына таандык биздин заманга чейинки XI кылымдан биздин замандын XXIII кылымына чейинки материалдар алынган.

2001-жылдын 27-28-августунда биздин талбаган, тынымсыз уюштуруу иштерибиздин жыйынтыгында аталган конференцияга бул багытта адистешкен Чыгыш менен Батышты баш кылып көптөгөн өлкөлөрдүн мыкты чыгыштаануучу-тарыхчы, илимпоздорунун башын бир жерге бириктире алдык. Албетте, конференциянын катышуучуларынын жогорку рейтингин каралган илимий маселелердин маанилүүлүгү, актуалдуулугу көрсөтүп турду. Бирок конференциянын мааниси биз күткөндөн алда канча бийик болду. Конференциядагы баяндамаларда каралган маселелер жана айтылган сөздөрдүн жыйынтыгы көтөрүлүп чыккан көп маселелерди чечүү керек экендиги тууралуу ойлонууга мажбурлады. Конференция жандуу азарт жаратып, кийинки илимий изилдөөлөргө кызыгуу ойготту. Анткени бул форумда кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы тарыхы жалпы түрк дүйнөсүнүн фонунда каралып жаткан.

Конференцияда айтылган.. факты жана маалыматтар көп коомдук-тарыхый көрүнүштөрдү түшүнүүдө өзгөчө мааниге ээ болду. Мени көбүнесе, түрк дүйнөсүнүн ичинде бизге ата-бабалардан калтырылган баалуулуктардын кайсынысы биздин маданий жана социалдык жалпылыктарды бириктирген ,

башталышын түзгөн түпкү өзөгү деген ой ойлонууга мажбурлады.

Көптөгөн илимий булактарга жана биринчилерден болуп дүйнөлүк цивилизациялар тарыхына кайрылып көрүп, атап айтканда цивилизация гана ошондой баалуулук болуп саналаарын жана цивилизациянын феномени түрк дүйнөсү үчүн, өзгөчө ал өз өнүгүүсүнүн эң бийик чокусуна жетип турган мезгилде чоочун болбогондугун түшүндүм. Тарыхый маалыматтар көрсөтүп тургандай, атап айтканда, байыркы түрк дүйнөсү өзүнүн тарыхында мындай жылдызы жанган учурга, өнүгүүнүн туу чокусуна VI, VШ кылымдарда түрк урууларын бир бүтүндүккө бириктирип, бирдиктүү руханий маданияттын калыптанышына алып келген, биринчи жана экинчи түндүк түрк каганаттарынын доорунда империя тибиндеги кубаттуу мамлекеттик түзүлүш абалына жеткен учурда ээ болгон.

Бул империялардын түрдүү бөлүктөрүндө административдик-саясий, маданий жана соода борборлору болуп калган шаарлар пайда болгон.

Археологиялык жана тарыхый булактардын маалыматтары күбөлөндүрүп тургандай түрк дүйнөсүнүн батыш бөлүгүндө, өзгөчө Жети-Сууда урбанизация маданияты алда канча күчтүү өнүккөн

Албетте ошол кездеги түрк дүйнөсүнүн бирден бир жетишкендиги катары жазуу маданиятынын пайда болушу эсептелет. Түрк жазуу эстеликтерин изилдөө XVIII кылымда башталган. Страленберг аттуу швед экспедитору Сибирь, жогорку Енисей өрөөндөрүндөгү таш эстеликтери менен скульптураларды жазылышы скандинавия өлкөлөрүндө жакшы таанымал болгон руникалык жазууларга окшоштугунан улам руникалык жазуулар деп атаган. Бул аталыш өтө так болбосо да колдонууга өтө ыңгайлуу болуп, бат эле илимий терминологияда ушул аталыш калыптанып калды.

Руникалык жазууларга болгон кызыгуу Монголиянын түндүгүндөгү Кошо-Цайдам деген жерден эки көлөмдүү руникалык жана кытай жазуулары табылгандан кийин дароо күч алган. Алардын биринин тексти Экинчи түрк империясынын башчысы Билге каганга жана экинчиси, анын агасы, империянын аскер башчысы Култегинге таандык деп аныкталган.

Россиялык академик В.В.Радлов жана белгилүү даниялык түрколог В.Томсен руникалык жазууларды чечмелөө деген өтө олуттуу ишке киришишкен. Бирнчилерден болуп В.Томсен бул ишти жасап чыгат. Ал киши 38 руникалык жазуунун 23ү арамей алфавитине генетикалык жактан көз каранды экендигин аныктаган. Арамейлердин алфавити үн катышы боюнча түрк тилинен иштелип чыккан жана түрк тилине ылайыкташтырылган, ошону менен бирге эле башка тилдер менен да толукталган.

Мындан сырткары, олуттуу болгон нерселердин бири руникалык жазуулардын тексттеринин тилдик окшоштугу. В.В. Радловдун бул илимий жыйынтыгы кийинки түрколог окумуштуулардын изилдөөлөрү менен тастыкталып отурат.

Кийинки муундагы белгилүү түркологдор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча жыйынтык чыгарып жатып, түрк дүйнөсүнүн тарыхы боюнча белгилүү адис Сергей Григорьевич Кляшторный мындай деп бүтүм чыгарат: «Бул жерде сөз, VII-X кылымдарда Монголия, Түштүк Сибирь жана

Жети-Суу (Түрк каганатынын негизги ээлиги) аймактарында жайылган, бирдиктүү белгилүү жазуу системасы менен байланышкан байыркы түрк тили жөнүндө болуп жатат. Бул тилдин түпкүрүндө түрк каганатынын мамлекеттик тили Ашина уруусунун диалектиси болгон. б.а. өзү уруусунун адабий койнэсин сактай алган, жалпы элдердин тилин тагыраак айтканда, тектеш уруу же тектеш диалектилер арасындагы байланыштарда колдонулган деген божомол жасоого болот». Ошентип, VI-VIII кылымдарда түрк дүйнөсүндө цивилизациянын негизги феномендери: мамлекеттүүлүк, урбанисттик маданият, жазуу маданияты, бирдиктүү адабий тил түзүлгөн.

Бирок эмнегедир дүйнөлүк адабияттарда, цивилизацияларга арналган бөлүктө түрк цивилизациясы такыр эскерилбейт. Ошондуктан биз бул боштукту толтуралы деп чечтик. Ошол максаттан улам, биз түрк цивилизациясына арналган эл аралык конференция өткөрүүнү туура көрдүк. Ал 2004-жылы «Түрк цивилизациясы ааламдашуунун контекстинде» деген аталышта өттү.

Биздин чакырууга Россия, Түркия, Америка, Австралия, Франция, Дания, Кытай, Индия, Япония, Казакстан, Өзбекстан жан Туркменстандын окумуштуулары макул деп жооп беришти. Форумда түрдүү илимий мектеп жана агымдардын өкүлдөрүнөн болгондугунан улам, ар бир чыгып сүйлөгөн сөзгө кызыгуу жаралды. Ошондуктан конференциянын катышуучулары тажап кете тургандай болгон жок. Талкуу өтө кызуу жана иштиктүү түрдө өттү. Бирок жалпыбызда бир кызыкчылык бар эле. Чыгып сүйлөгөндөр тарыхтын түрдүү аспектилерин мындан ары тереңдетип изилдөө жана түрдүү өлкөлөрдүн адистеринин чыгармачылык байланыштарын колдонуу менен түрк цивилизациясын өнүктүрүү идеясын колдошту.

Биринчи жолу түрк цивилизациясы эл аралык масштабда жалпы илимий кызыкчылыктын чордонунда болуп, конференциянын катышуучулары кийинки изилдөөлөргө пландуулук жана ыраатуулук киргизүү максатында «Манас» университетинин астында түрк цивилизациясын изилдөө Борборун түзүүнү сунушташты. Ошондой эле түрдүү өлкөлөрдүн окумуштууларынын түрк цивилизациясы боюнча изилдөөлөрүн басып чыгарып туруу үчүн илимий журнал негиздөө сунушун киргизишти. Бул сунуштарды университеттин ректораты карап чыгып, түрк цивилизациясын изилдөө борборун түзүү жана илимий журнал негиздөө чечимин кабыл алышты. Бул чечимдер кийинчерээк Камкорчулар кеңешинин чечими менен бекиди.

Түрк цивилизациясына арналып биринчи жолу уюштурулган эл аралык конференциянын ийгиликтүү өтүшү аны өткөрүү планынын мыктылыгынан жана ал ишти мыкты уюштуруунун жыйынтыгынан улам болуп отурат. Ошону менен бирге эле, аны өткөрүү убактысынын туура тандалып алынышы да өзгөчө роль ойноду. Анткени, дүйнөнүн коомдук-саясий ойлору цивилизация феноменине көбүрөөк багытталып турган учур эле.

Баарыбыздын эсибизде болсо керек, дүйнөлүк түзүлүштүн биополярдык системасы жакындаары менен дароо эле тарых сахнасында цивилизациянын жылдызы күйүп отурат. Ал тууралуу катуу айта башташты. Мурда ал жөнүндө сөз кылууга болбойт эле. Анан, дүйнөлүк түзүлүштүн биополярдык

системасында цивилизациянын далдаасында феномендин орду басаңдалып калгандыгы тууралуу, ал маселе көтөрүлгөндө көптөгөн интеллигент жана саясатчы адамдардын көңүлү ошого бурулуп, ал жада калса көптөгөн мурунку жана кийинки негизги маселелердин түйүнүн чечүүчү нерсе катары каралып калды. Бул тема боюнча дискуссия кылууга тон берген Френсиса Фукуямы и Самуэл Хантингтон башында турган америкалык интеллектуалдык элита болгон.

Ф.Фукуяманын, «Конец Истории», аталган концепциясынын мааниси дүйнөлүк түзүлүштүн биополярдык системасынын реалдуулук жок жактарга кетиши менен дүйнөдө батыштын либералдык бийлигинин үстөмдүгү орноп, тагыраак айтканда, жаңы либералдык цивилизация, тээ алмустактан бери адамзатын кыйнап келген экономикалык, социалдык, маданий проблемаларынын бардыгын чечүүгө жөндөмдүү.

Ошентип, бул неолибералдык цивилизациянын тарыхынын таажысы эле. Ал адамзатынын тарыхый өнүгүү процессин аягына чыгарып жаткандай. Фукуяма мындай деп жазат: «Балким биз адамзатынын идеологиялык эволюциясынын акыркы чекитинин жана батыш либералдык демократиясынын универсалдашуусу адамзаттын башкаруусунун акыркы чекити катары күбөсү болуп жаткандырбыз. Албетте, кайсы бир үчүнчү дүйнөдө конфликттер болушу мүмкүн, бирок негизги талаштар артта калды. Европада эле эмес, европалашпаган башка дүйнөлөрдө, биринчи катарда болуп Кытайда жана Советтер Союзунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү, Идеялардын согушу аягына чыкты.». Ошентип, ал кишинин ою боюнча, неолибералдык цивилизация тарыхтын натыйжасы. Ал адамзатынын тарыхый өнүгүү процессин аяктап жаткандай.

Андан ары автор «Биз чындап эле тарыхтын аягына келдикпи?» деген суроону коёт: Башка сөз менен айтканда, учурдун либерализми чече албай турган, бирок альтернативдүү саясий-экономикалык түзүлүштүн алкагында чечиле турган кандайдыр бир кайчы пикир барбы? Биз идеалисттик көз караштан карап жаткандыктан идеология жана аң-сезимден жооп издешибиз керек. Биз либерализмдин бардык чакырыктарын талдап отурбайлы, болгону дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү катары чоң күчүн жана кыймылын түзүп турган нерселер кызыктырат. Албания жана Буркина-Фасонун жашоочуларынын оюна эмне келээри мени кызыктарбайт, болгону жалпы адамзаты үчүн идеологиялык фонд деп айта турган нерселер эмне экендиги кызык.

Өтүп бара жаткан жүз жылдыкта либерализмге карата эки чакырык – фашизм жана коммунизм ыргытылган. Баарыбызга белгилүү болгондой, экөө тең изсиз жок болуп кетти.

Көп убакыт өтпөй турмуштун ачуу чындыгы либералдык глобализация тууралуу ой жүгүртүүлөрдү түп тамырынан бери 180 градуска өзгөртүүгө мажбурлады. 2000-жылдын аягында «Бизнес-Уик» аттуу америкалык журналда чагылдырылган макаладагы көз караш буга бирден бир мүнөздүү мисалдардын бири болуп калат. Андагы айтылган пикир боюнча «Эгер качандыр бир кезде, рынок бир аз эле жайылса жакырчылык жоюлуп,

диктатураны жок кылып, түрдүү маданияттарды бириктирет деп эсептелсе, бүгүн дүйнөлөшүүнү эскерүү эле кыжырдануу жаратып, кайчы пикирлерди жана зекүүлөрдү туудурат, үмүт үзүү эйфорияны сүрүп чыгарат».

Мен америкалык саясатчылардын жогоруда белгиленип өткөн, дүйнөлүк коомчулуктун пикиринде чоң резонанс жараткан концепцияларына басым жасап, түрк цивилизациясына арналган биринчи эл аралык конференцияны өткөрүү үчүн убакыт канчалык даражада туура тандалгандыгын баса белгилөөгө басым жасадым.

Конференциянын өтө ыңгайлуу учурда болгондугун көрсөтүүдө ар кайсы өлкөнүн атактуу окумуштууларынын катышуусун каалашкандыктары, андан сырткары түрк цивилизациясына тийиштүү илимий проблемаларды изилдөөгө болгон кызыгуулары сыяктуу фактылар далил болуп турат. Эң негизгиси бул конференция ар кайсы өлкөлөрдөн жана түрдүү илимий мектептерден келген адистердин биргелешип иш алпаруусунун мыкты салтына айланды.

Эми түрк цивилизациясын изилдөө иштерин уюштуруу жумуштарын жана эл аралык илимий форумдарды өткөрүүлөрдү университеттин астында түзүлгөн Түрк цивилизациясын изилдөө Борбору алып барат. Мен ал борбордун негиздөөчүсү жана биринчи жетекчиси болгондугум үчүн сыймыктанам. Борбор ушундай эле деңгээлдеги маанилүү илимий маселелер боюнча үч илимий конференция уюштурду. Борбордун ишинин алкагында «Түрк цивилизациясы» аттуу илимий журнал басылып чыга баштады жана журналдын эки гана номери чыкты.

Түрк цивилизациясын изилдөө маселеси тууралуу сөзүмдү аяктап жатып, бул ишке элибиздин сыймыгы жана символу болгон, көзү тирүүсүндө дүйнө коомчулугу тарабынан XX кылымдын гениалдуу ойчулу жана сүрөткери катары таанылган Чыңгыз Айтматовдун түздөн түз тиешеси бар экендигин айтып коюум абзел. Ал киши ата-бабабыз тарабынан калтырылган руханий баалуулуктардын улуу жактоочусу болуп, аларга терең таазим көрсөтүп, өзүнүн терең заманбап чыгармаларында аларга дагы бир саам жашоо бергендей. Экөөбүздүн ортобуздагы мамиледен бир учурду эскергим келип турат. Ал учурда биз тез-тез байланышып турчубуз. Бир сапар ал киши мага телефон чалып калды. Телефондон абдан сүйүнүчтүү үн менен толкунданып, «Наука» аттуу Москванын басмаканасынан абдан сонун белек алгандыгын сүйүнчүлөдү. Азыр мен дүйнөлүк көркөм адабияттын чыныгы шедеврин, басманын аз чыгарылыштагы бир үлгүсүн колумда кармап турам. Эгер сен азыр бош болсоң, мен сени сүйүнтүш үчүн келип калам». Мен дароо эле сизди көрүүгө куштармын деп жооп бердим. Бир аз убакыттан кийин Чыңгыз Төрөкулович менин Фрунзе шаардык комитетиндеги кабинетиме кирип келип, жайдары жүз менен китепти көрсөтүп, анан мага сунду. Анан ушундай бир кубануу менен: «Бул биздин элибизге жана бүткүл түрк дүйнөсүнө жасаган москвалык «Наука» басмаканасынын эң мыкты белеги» деди. Көрсө, ал киши бул китепти жаңы эле почта аркылуу алган экен. Бул орто кылымдагы түрк тилдүү элдер адабиятынын «Адабий мурастар» сериясындагы эң мыкты чыгармасы катары саналган Жусуп Баласагындын

«Кутатгу билиг» аттуу этикалык жана дидактикалык поэмасы эле. Ал китепке Чыңгыз Төрөкулович «Улуу ойчулдун бул чыгармасы биздин заманбап маданиятыбызга жаңы чыгармачылык күч кошсун. Ч.Айтматов. 23/XII. 1983г.» деген сөздөрдү жазып, кол тамгасын калтырып, мага белек кылды. Бул каалоо чындап эле алдын ала билип айтылгандай болду. Анткени өз улуу феноменалдуу өкүлүнүн чыгармачылык бийиктигинен улам ойгонгон биздин бүтүндөй улуттук көркөм маданиятыбыздын өзүнүн өнүгүүсүнүн XX кылымдагы өзгөчө чыгармачылык бийиктикке жетиши буга далил болуп отурат. Эмоцияларыбыз тынчыган соң биз отуруп, жан-дүйнөбүздө бизди тынчсыздандырган нерселер жөнүндө кеп кылдык. Ошондо Чыңгыз Төрөкулович, мамлекеттеги саясий чөйрө качан коомчулуктун эчак унутта калган, бирок бүгүн өтө зарыл болуп турган мисалы Жусуп Баласагындын «Кутатгу билиг» поэмасы сыяктуу маданий баалуулуктарыбызды таап, аларды кайра жандандырууга өбөлгө түзө тургандай болот деген көкүрөгүнүн эң түпкүрүндө катылып жаткан таза, кол жеткис кыялдары менен бөлүштү. Албетте мындай өтө татаал жана эң негизгиси өзгөчө маанилүү иш үчүн адистерди даярдап өстүрүү керек эле.

Мен эл аралык биринчи түрк цивилизациясы конференциясын өткөрүү тууралуу ойлонуп жатканда мурда болгон сүйлөшүүнүн мазмунун эстедим. Дал ошондо мен Чыңгыз Төрөкуловичке Брюсселге телефон чалып, бул оюм тууралуу бөлүшкөн элем. Ал киши абдан сүйүнүп, конференциянын ишине сөзсүз келип катышарын билдирди. Ал киши конференция башталардан бир жума мурун келгендигин белгилегим келет.Ал конференциянын программасына жана ага катыша тургандардын курамына абдан курсант болду. Биз билгендей, конференциянын ишине дүйнөлүк масштабдагы мындай инсандын катышып, анын ачылышындагы жан дүйнөсүнөн чыккан сөзү, белгилүү деңгээлде кадимкидей эле достук жана чыгармачылык абалдын түзүлүшүн шарттап берди. Танапис учурунда чакырылган делегаттар Чыңгыз Төрөкуловичти туш тарабынан курчап алышып, ата мекендик маданияттын азыркысы менен келечеги боюнча ар кандай суроолорду берип жатышты, анын чыгармачылык пландарына кызыгышты. Чет элдик делегаттарды өзгөчө ааламдашуу менен улуттук маданияттардын өз алдынчалуулугу кантип бири-бири менен ынтымакташат деген маселеге анын пикири кызыктырып жатты.

Конференциядан кийин Чыңгиз Төрөкулович бир канча күн ар күнү биздин университетке келип турду. Студенттердин өтүнүчү боюнча алар менен бир канча жолугушууларды өткөрүп, ошондой эле профессордук-окутуучулук курам менен да жолугушууларда болду. Ошентсе да, биз менен көпчүлүк учурун конференциянын катышуучулары тарабынан көтөрүлгөн маселелерди талкуулоого арначу. Бул биринчи орунда Түрк цивилизациясын изилдөө борборун түзүү, анын максат жана идеяларын аныктоо, Түрк цивилизациясы боюнча жаңы изилдөөлөр чагылдырыла турган жаңы илимий журнал түзүү маселесине арналчу. Айтматов конференциянын катышуучулары койгон маселелердин чечилишине терең маани берүү менен мамиле кылды. Бардык маселелерди, алардын ичинде финансылык жана

кадрдык маселелер кылдат талданып чыккан соң, университетте мындай борборду куруу, эң негизгиси мындай илимий борборду түзүү менен катар түрк цивилизациясы боюнча илимий журнал чыгаруу зарылчылыгы тургандыгы боюнча биз бир пикирге жетиштик.

Бир канча ай өткөн соң Ректорлук жан Камкорчулар кеңеши тарабынан аталган сунуштарды ишке ашыруу боюнча тийиштүү чечимдер кабыл алынды.

Чыңгиз Төрөкулович Брюсселге кетердин алдында дагы бир жолу мага университетке кирип калды. Экөөбүз бирден пиала чай ичип бүткөн соң, токтоо анан ишеничтүү үн менен «Мен сени менен кеңешейин дедим эле. Өзүң билесиң да мен бардык чыгармачылык ишимди административдик иш жүргүзүү менен чогуу алып келем. Бул мен, үчүн кадыресе, көнүмүш көрүнүш болуп калбадыбы. Мен Брюсселдеги кызматты өткөзүп берген соң, сенин оюңча Бишкекте менин жашоо образыма ылайык жумуш табылабы?», - деди. Бир азга ойлонуп туруп, мен ишеничтүү түрдө «Ооба, сизге ылайык жумушту биз университеттен таап беребиз. Сизге бардык шартты түзүп беребиз. Жакшы имарат бөлүп беребиз, тийиштүү деңгээлде жабдыйбыз. Кабылдамаңызда катчы кызмат кылат. Университеттин штаттык жүгүрт-мөсүндө ректордун маданият боюнча кеңешчиси деген кызмат ачылат», - дедим. Айтаарын айтып алып, абдан уялып кеттим, ал гана эмес кызарып кеткенимди да сездим. Дүйнөлүк деңгээлдеги жазуучуга университеттин масштабында маданият боюнча кеңешчилик кызматты сунуштоо ыңгайсыз болду. Бир азга ойлонуп туруп, анан абдан чын көңүлүнөн жайдары күлүп туруп, «Макул эмесе, мен сенин сунушуңду кабыл алдым»,- деди. Мен бир аз демимди басып калган кезде, бизге университеттин иш башкармачылыгынын төрагасы кирип, сезилерлик толкунданып: «Чыңгыз Төрөкулович, кабыл-дамада сизди жаштардын тобу күтүп жатышат. Алар сизден, түштөнүүдөн кийинки танаписте, чоң актовый залда жолугушууңузду өтүнүп жатышат»-деп кайрылды. Айтматов жылмайып: «Аларга айтып коюңуз, мен алардын чакыруусун зор канагаттануу менен кабыл алам жана сөзсүз жолугушууга барам»-деди.

Эртеси күнү Башкаруу кеңешинин жыйынында Чыңгыз Төрөкулович Айтматовду маданият боюнча ректордун кеңешчиси кылып дайындоо боюнча чечим кабыл алынды.

Бир нерсени айта кетишим керек, Айтматов университет менен, өзгөчө студенттер менен болгон байланышын өтө баалачу. Ал киши жаштар менен болгон баарлашуу заманбап жашоонун темпин жана демин сезүү мүмкүнчүлүгүн берет деп көп айтаар эле. Бизге өзү Брюсселден телефон чалып университетте иштер кандай жүрүп жаткандыгы жөнүндө сурап туруучу. Бишкекке калгенинде сөзсүз университетке келип, окуу жайдын студенттери жана окутуучуларынын күндөлүк жашоолоруна байланыштуу талкууларга, университеттин маанилүү маселелерин чечүүгө сөзсүз катышып кетер эле. Эреже боюнча анын катышуусу менен Түрк цивилизациясын изилдөө борборунун ишмердүүлүгү боюнча жана биз «Түрк цивилизациясы» деп атаган илимий журналдын келечектеги планы тууралуу маселелер

талкууланчу. Айтматов бул тармакты абдан терең билген адис катары өтө маанилүү жана баалуу кеңештери менен бирге сын-пикирлерин айтчу. Университеттин жамааты ал кишиден чоң руханий күч жана таяныч табуу менен, бул улуу адам менен болгон достук байланыштары аркылуу сыймыктанчу. Өз убагында Чынгыз Төрөкулович да университеттин кызматкерлери жана студенттерине чын жүрөктөн жылуу мамиле кылчу. Төрт жыл ичинде Чынгыз Төрөкуловичтин университет менен болгон алакасы жамаатка, айрыкча студенттердин жашоосуна өзгөчө таасир калтырган.

# МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

Турмуш жөнүндө туура ой жүгүрткөн адам катары, жумушумдун көп экенине карабай, мен ар дайым көңүлүмдүн түпкүрүндө үй-бүлө жөнүндө кам көрүүнү негизги планга койчумун. Бардыгыбызга белгилүү болгондой, үй-бүлө бул өзгөчө дүйнө. Ал бир бүтүндүк катары ар түрдүү курамдан түзүлгөн. Бизде кыргыздарда салт боюнча эркек үй-бүлө башчысы катары саналары да эч кимге жашыруун эмес. Ошондуктан үй-бүлөдөгү эң жооптуу нерселерге ата, эң биринчи орунда албетте, балдардын тарбиясы үчүн жооп берет.

Тагдырдын буйругу менен Майрамкүл экөөбүз үч балалуу болдук – бир уул, эки кыз. Байбичем экөөбүз тээ башынан эле илимий чөйрөдө эмгектенип калдык. Майрамкүл менин жашоомдогу турмуштун ачуу-таттуусун бирге таткан, ишенимдүү өмүр шеригим. Адистиги боюнча биолог, биология илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик университетинде доцент болуп иштеп келген. Биз келечекте балдарыбыз да илим жолуна түшкөн адамдар болсо деп тилек кылчубуз. Бул көз караштан биз балдарыбыздын мыкты окушуна кызыкдар элек. Ошол эле учурда алар да биздин тил албай коюп, капа кылбайлы деп аракет кылышчу. Эки кызыбыз тең жалпы билим берүүдөн сырткары музыкалык сабатын өстүрүү үчүн музыкалык мектептен билим алышты, англис тилин үйрөнүү үчүн жеке мугалимдерге кошумча сабакка барышчу.

Ал учурда интеллигент адамдар чөйрөсүндө ар тараптан билимдүү, маданияттуу адам болуу түшүнүгү бекем калыптанып калган. Биз жакшы билим келечекте балдардын турмушунда адистик тандоого өз таасирин тийгизерин жакшы билип, аларга жакшы билим берүү аракетин жасачубуз. Биздин балдардын келечеги жөнүндөгү үмүт-тилектерибиз орундалганын убакыт көрсөттү. Балдарыбыздын бардыгы жогорку билимдүү, жогорку квалификациялуу адистер болуп чыгышты. Улуу кызым Айгүл экинчи Москва медициналык институтунун молекулярдык биология факультетин бүтүргөн соң, Бүткүл союздук кардиология илим изилдөө борборуна аспирантурага тапшырды. Ал жерден илимий изденүүчү катары жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасында биология илимдеринин кандидаты болуп отурат. Экинчи кызым Нургүл М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин экономика факультетин бүтүрдү. Университти бүтүрөрү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын чакыруусу менен келип, 2001-жылга чейин акча жана кредит саясаты бөлүмүндө экономика боюнча жетектөөчү адис болуп иштеп келди.

Тилекке каршы, өлкөдөгү экономикалык кризистин айынан квалифика-

циялуу адистер, чет жакаларга көчүп кетүүгө аргасыз болгон кырдаал, республикабызда көпчүлүккө, анын ичинде биздин үй-бүлөбүзгө да тийди. 1999-жылы кызым Айгүл үй-бүлөсү менен АКШга көчүп кетти. Айгүл ал жакта Балтимор шаарына ДЖ. Хопкинс атындагы университеттин илимий-изилдөө бөлүмүнө ишке орношкон. Азыркы күндө да ошол жерде эмгектенүүдө.

Айгүлдүн аркасынан эле Нургүл да үй-бүлөсү менен Америкага көчүп кетти. Жолдошу Жаныбек Адышев бир жыл Балтимор шаарындагы Хопкинс атындагы университетте эмгектенип, кийинки жылы Чикаго университетинин чакыруусу менен Чикагого көчүп кетет. Азыркы учурда Нургүл Жаныбек менен Чикаго университетинде эмгектенишүүдө.

Алар көчүп кеткен алгачкы учурда биз балдарды, айрыкча неберелерибизди кандай сагынгандыгыбыз жөнүндө айтып кереги барбы билбейм. Биз Майрамкүл экөөбүз балдар ал жакка толугу менен отурукташып, неберелербиз мектепке окуп, америкалыктардын жашоо образына, ритмине көнгөндөн кийин барып, анан санаабыз тынып калды. Бизди балдарыбыздын жетишкендиктери абдан кубандырат, өзгөчө неберелерибиздин ийгиликтери биз үчүн өтө жагымдуу. Неберелер эмнегедир билинбей чоңоюп калгандай. Айгерим деген улуу неберем эки жыл мурун Нью-Йорк университетин ийгиликтүү аяктап, магистратурага тапшырган эле. Ал жакты жакшы жетишкендиктер менен аяктап, Нью-Йорктогу «Токио банкына» ишке орношкон. Нургүл менен Жаныбектин уулу Алымбек болсо Чикаго лицейин аяктаган соң эжесинин кеңеши менен Нью-Йорктун «Stony Brook». университетине тапшырат.

Улуу кызым Айгүлдүн да жашоо-турмушу ушуга окшош сценарий менен жүрүп жатат. Анын да эки баласы бар. Улуу баласы Айбек бир жыл Балтимор лицейинде окуп, бир жылдан кийин Бишкек шаарына келип, Кыргыз-Орус Славян университетине тапшырган. Университетти ийгиликтүү аяктаган соң сүйгөн кызы Аселге үйлөнүп, азыр бактылуу үй-бүлөлөрдүн бири болуп жашап келишет. Мен ушунча небере чөбөрө көрүп, учурда ошолордун жыргалына батып отурганыбыз үчүн тагдырыма миң мертебе ыраазымын. Мен ошол кичинекей чүрпөлөрүмдү көргөндө жан-дүйнөм кандай ырахатка батканын сөз менен айтып жеткире албайм. Айбек менен Асель ишкерчилик тармагында ийгиликтүү иш алпарып келишет. Мен алар турмушта өз кызыкчылыктары менен жашоо жолдору дал келишип, тагдырдын белегине ээ болгондуктарына ишенгим келет. Айгүлдүн кызы Уулжан (менин апамдын атына арналып коюлган) 2011-жылдын май айында Вашингтондо университетти жакшы жетишкендиктер менен аяктап, азыркы учурда ошол эле жерде магистратураны улантууну пландаштырып турат. Ал кызым да турмушта астына койгон максаттарына жете аларына толук ишенем, анткени, неберем мүнөзү боюнча тырышчаак, чыдамкай, көздөгөнүнө жетмейинче тынбаган адам.

Кубат аттуу уулумдун трагедиялуу аяктаган тагдыры жөнүндө кайгырып эскерүү жана айтуу мен үчүн өтө оор жана кайгылуу. Бирок ал жөнүндө айтпай коё албайм. Биздеги салт боюнча мектепти аяктап жаткан балам

менен келечек тууралуу, ага кандай адистик туура келет деген теманын үстүндө толук сүйлөшүү жүргүзчүмүн. Кыздарым мындай сүйлөшүүлөрдөн кийин бир канча жолу мурда тандаган адистиктеринен баш тартышып, улам жаңысын тандашар эле. Ал эми уулум Кубат болсо мен аркалаган жол менен кетем, философия факультетин тандайм деген чечиминен кайткан жок. Аттестатты колго алган соң, Ленинград университетинин философия факультетине, аны аяктаган соң М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин аспирантурасына тапшырды. Ошентип, философия илимдеринин кандидаттыгын ийгиликтүү жактап, Бишкекке кайтып келет. Бул жакта ал конфликтология жана толеранттуулук тармагы боюнча изилдөөлөрдү активдүү түрдө жүргүзүп баштайт. Кубат ЮНЕСКОнун «Борбордук Азия жана дүйнөлүк маданият» аттуу журналдын, ошондой эле атамекендик «Полисфера» интернет журналынын активдүү негиздөөчүсү жана жооптуу редактору болуп калат. 1996-жылдан баштап Борбор Азиялык конфликтерди алдын алуу борборунун эч кимге, эч нерсеге алмашкыс директору болуп иштейт. Анын культурология жана политология тармагындагы илимий изилдөөлөрү БУУ жана ЮНЕСКОнун иш алпаруусу менен түздөн-түз байланыштуу эле. Ал Америкалык саясий илимдер ассоциациясынын мүчөсү, ар дайым түрдүү эл аралык форумдардын демилгечиси жана уюштуруучусу болуп келген. Ал илимий изилдөөлөрүн ар дайым педагогикалык тажрыйбасы менен ийгиликтүү айкалыштыра жүргүзүп келген. Алсак, беш жыл бою Финансы-экономикалык академиянын проректору болуп иштеп келген. Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн мыктысы» аттуу ардактуу наамга ээ болгон.

Уулум кырчын жаш курагында иш десе ишке, аш десе ашка тойбой турган кезинде автокырсыктан улам жарык дүйнө менен кош айтышып отурат. Бул жоготуу бизге, ата-энесине жана туугандарына көз алдыбыздан кеткис уулубуздун жаркын элесин калтырып, жүрөктүн түпкүрүнө чексиз кайгы-муң алып келди.

# РЕДАКТОРДОН

Карыбек Молдобаевдин ой-толгоолор китебинин экинчи бөлүгүндө анын ар кайсы мезгилдерде республикабыздын ар башка басма сөз каражаттарында жарыяланган макалалары, сүйлөгөн сөздөрү, интервьюлары тандалып алынып хронологиялык түрдө тизмектелип берилди..

Аталган материалдарды китепке киргизишибиздин себеби, алар өз кезегинде өткөн доордун даректүү күбөлөрү экендигинде. Бул материалдар жөн гана өткөн мезгилдин чагылдырылышы болбостон, кандайдыр бир деңгээлде автордун өзү жана анын басып өткөн жолу жөнүндөгү баянын толуктап, анын портретине жана ал жашаган доорго маанилүү сүртүмдөрдү кошот.

## КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ:
## БИЗДИН ТАРМАКТА ДА АТААНДАШТЫК ЧӨЙРӨ ТҮЗҮЛСҮН: БОРБОР ШААРДЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫ

**Шаарыбыздагы белгилүү бул адамдын акылдуулугуна, эрудициясынын кенендигине, терең адептүүлүгүнө, ал борбор калаабыздын саясий иерархиясында эң жогорку кызмат ордун ээлеп турганда эле бир нече жолу күбө болгом. Албетте, ал тоталитардык түзүлүш талап кылган катаал башкаруу системасына ылайык ойлонууга жана иш жүргүзүүгө мажбур болгон. Бирок толук өрчүбөгөн «өнүккөн» социализм доорунда да партиянын Фрунзе шаардык комитетинин мурунку биринчи катчысы, Кыргызстандын КП БКнын идеология боюнча экс-катчысы Карыбек Молдобаевич Молдобаев, «жаңы мезгил келип, жаңы ысымдар чыккан» 1987-жылга чейин кыргыз коомдук-саясий аренасындагы эң көрүнүктүү ишмерлердин бири болгон. Ал кездеги Москванын «акылдуу» төбөлдөрү менин респондентимди өзүнө чакырып алып, көп улуттуу мамлекетибиздин Өкмөтүнүн алдындагы Диний иштер кеңешинин төрагасынын биринчи орун басарынын кызматына дайындаган. Эгер моюнга алсак, өкүнүчтүүсү, ошол кезден баштап бул инсан республикабыздын коомчулугунун назарынан узактай баштаган эле. 1987-жылдан 1993-жылга чейин, ал Москвада өткөргөн 6 жыл ичинде тарыхыбыздын эң эле оор, «тагдыр чечүүчү» оош-кыйыштары болуп өткөн. Ошондуктан, Карыбек Молдобаев менен болгон маегибиз көпкө созулганы кокустан эмес...**

Союз кулагандан кийин мен Россиянын стратегиялык изилдөөлөр борборунда бир жарым жыл иштедим. Албетте, Москвада жүргөндө, акылым, жүрөгүм киндик каным тамган кыргыз жери менен бирге болуп, жаш эгемендүү Кыргызстан туш болгон кыйынчылыктарга терең кейип, чоң же кичине ийгиликтерине чын дилимен сүйүнүп жүрдүм. 1993-жылы болсо биротоло деген ишенич те бул жакка кайтып келдим. Келип, түзүлүп жаткан Кыргыз-Түрк «Манас» университетин башкаруу сунушун кабыл алдым. Чынында, жашоо «баары өз башатына кайрылат» деп Библияда айтылгандай эле болду. Качандыр бир кезде мен өз жолумду КМУда философия боюнча окутуучу болуп баштагам, ал жумуштун бардык тепкичтеринен – ассистенттиктен кафедра жетекчилигине чейин басып өткөм. Кийин, эсиңерде болсо, Кыргызстан КП БКнын илим жана маданият бөлүмүнүн жетекчиси болуп жүргөндө, шаардык комитетте, кийинчерээк кайра БКте дал ушул билим берүү тармагын көзөмөлдөп турдум. Эми болсо, «чигирим булгаарыны» элестеткен ректорлук «тери» кийүү бакытына мүмкүнчүлүк алып жаттым.

**- Карыбек Молдобаевич, азыркы мезгилде кээ бир түзүмдөр, алардын ичинде билим берүү түзүмдөрү да, атайын конкреттүү бир инсан үчүн ачылгандай таасир калтырат. Өз адамын бир жерге орнотуш керек, жардам бери кубантыш керек дегендей... Эмнеге жаңы бир нерсе–агенттикпи, кичинекей фондбу, колледж же ЖОЖбу – иши кылып бир структура ачалбасын... Сиздин оюңузда андай болгон эмес деп ишенем. Ошентсе да, маселени тактап койсок...**

- Кыргыз-Түрк «Манас» университетин куруу идеясы, мен билгенден 1994-жылы пайда болгон. Ал убакта эки президент - Аскар Акаев жана Сүлейман Демирел – Бишкекте XXI кылымдын талаптарына жооп берген бир ЖОЖ ачууну ойлонуштурушкан. Бул иштин максаты эки өлкөнүн күчтөрүн, интеллектуалдык ресурстарын бириктирүү эле. Эң негизгиси ушу болчу. Дагы бир маанилүү мотив – бир тууган элдердин жана маданияттардын ортосунда руханий «көпүрө» куруу болгон.

**- Сиздин айткандарыңыз мага Кыргыз-Орус Славян университетинин түзүлүш тарыхын эстетти – анын куруучулары да эки өлкөнүн президенттери болгон. Бирок ошондо конкреттүү чечим кыргыз жеринде, Борис Николаевич Ельциндин 1992-жылкы иш сапары убагында кабыл алынган. Силердин ЖОЖ каякта «жаралды» эле?**

- Идея Ататүрктүн жеринде, Аскар Акаевичтин Түркияга болгон биринчи иш сапарынын убагында пайда болгон. Бул 1994-жыл эле. 95-жылдын апрелинде болсо, Түркия тарап менен толук макулдашылгандан кийин, президентибиздин университеттин ачылышы тууралуу жарлыгы чыккан. «Бул жерде ЖОЖ курулат» деген расмий билдирүү болсо ошол эле жылдын август айында, өлкөбүзгө президент С.Демирел келгенде жасалган. Ошондо, келечек университет «кампусунун» (студенттик шаарчасынын) жерпайын «түптөө» аземинде эки өлкөнүн лидерлери коомчулуктун алдында ата-энелик ниеттеринин бекемдигине ишендирип, университеттин өнүгүү концепциясын сунушташкан.

**- Концепция деген да, «кампус» деген дагы катуу угулат экен. Бирок, азыр каякта жайгашканыңарды билсем болобу? Биз азыр маектешип жаткан имарат, менин билишимче, эски бала бакчанын имараты убактылуу жай болсо керек деп ойлойм.**

- Ооба, бул убактылуу жай. Биздин Тынчтык проспекти, 56 дарегиндеги негизги имаратыбызда (сиз аны билесиз да, ал жерде мурун бийик тоолуу өрөөндөрдүн ИИИту жана дагы башка 11 мекеме отурчу эмес беле) учурда Түркия тараптын каржылоосу менен имараттын капиталдык реконструкциясы жүрүп жатат.

**- А, демек, сиз ремонт иштерине чөмүлүп, эмитен эле кыйналган ректордун жашоосунун «даамын» татып жаткан турбайсызбы. Михаил Жванецкий таамай белгилегендей; «Оңдоо иштери – бул абал эмес, бул процесс. Силер оңдоо иштерине киришсеңер – бул оңдоо иштери башталды дегенге жатпайт. Силер оңдоо иштеринен бошосоңор – бул оңдоо иштери бүттү дегенге жатпайт», же түрктөрдө баары башкача болот бекен?**

- Оңдоо иштери, тактап айтканда, толук реконструкция, түрк туугандар

жардам берип жатканда да, албетте майрам эмес, Бактыбызга жараша алар бизди колдоодо. Биз үчүн имаратка ээ болуу, ошондой эле бул имаратты, т.а., имараттар комплексин эл аралык стандарттарга ылайыктоо өтө маанилүү маселе эле. Өзүңөр билгендей, кээ бир талаптарды аткарбастан, ЖОЖ ачуу мүмкүн эмес...

**- Ооба, биздики - өзүбүздүкү, а Түркиянызыкы – белгилүү болгондой башка болсо керек?**

- Сөз болуп жаткан стандарттар Түркияныкы эмес, эл аралык стандарттар, батыш стандарттары экендигин белгилегим келет. Биздин комплекстин жалпы аянты 12,5 миң чарчы метрди түзөт. Бул аянтка норма боюнча 2 миң студент кабыл алса болот. Бирок, эң негизгиси сандык эмес, сапаттык көрсөткүчтөр да. Биз бактыга жараша, абдан маанилүү реконструкция кылууга, университеттин комплексин кайрадан түптөөгө каражат таптык. Бул иш июндун аягында бүткөрүлүшү керек. Ачыгын айтканда, бул жараян толугу менен Түркия тарабынан каржыланууда. Ал тарап тендер өткөрүп, долбоор иштеп чыгып, бул ишке аз-көп эмес 6 млн. доллар бөлдү. Тендерге 12 фирма катышып, алардын жеңүүчүсү азыр курулуш иштерин алып барууда.

**- Жаңы ЖОЖ долбоору эмнелерди камтыйт?**

- Анэс Гургенович, сөз заманбап университет модели жөнүндө болуп жаткандыгына көңүл бөлөлү.. Өзүңүз билесиз да, бизде көп университеттер кантип ачылат, алар өтө эле көп ачылып жатпайбы..

**- Билем. Ал эмес убагында бул тууралуу юмористтик ырларды да жазып жибергем да. Бирок чындык менин поэзиялык төлгөлөрүмдөн да аша чапты! Сиз өзүңүз өлкөбүздөгү билим берүү тармагынын коёндой тукумдуулугуна кандай карайсыз?**

- Негизи жакшы эле. Анткени, бул атаандаштык чөйрөнү жаратат. Убакыттын өтүшү менен бул жаңы түптөлгөн ЖОЖдордун көбү жарыштан чыгып каларын алдын ала көрүш үчүн, пайгамбар болуп деле кереги жок. Албетте, аягында талап болгон эң күчтүү ЖОЖдор гана калат. Талап болсо, албетте, адистерди даярдоо сапатынан түздөн түз көз каранды. Андыктан, ЖОЖдордун көптүгүнө кабатырланып кереги жок: биздин чөйрөдө да атаандаштык чөйрөсү жаралсын да.

**- Бул, албетте, кадимки: эң күчтүү аман калат деген базар шарты. Бирок, баары бир бушайман болосуң: 5-10 жылдан кийин мынча көп даярдалган менеджер, юрист, эл аралык мамилелер адистерин кайда жөнөтөбүз? Алар бакалавриат «күбөлүктөрүн» көтөрүп алып, жумушка орношуш үчүн кайсы элдердин арасында жүрүшөт? Азыр бирдиктүү мамлекеттик жайгаштыруу системасы жашабайт. Бүгүн биз ЖОЖдорду ачуу аркылуу (Бишкекте эле алардын саны 26га жетет) жаштарды көчөдөн алып келип, жумушсуздук маселесин чечип жатабыз – бул жакшы! Бирок республика жакынкы келечекте дипломдуу жумушсуздарга толуп кетпейби? ...**

- Менин оюмча, көбү эле сизге окшоп кабатырланат. Бирок бул коркунучту кантип алдын алыш керек? Менимче, айкындуулук муну тескеш керек. Арийне, элди ЖОЖдордун иш-аракеттери, адистерди даярдоо сапаттары

тууралуу объективдүү түрдө кабардар кылыш керек. Мына сиз өзүңүз айткандай жайнаган эл аралык мамилелер адистерин даярдап жатабыз, өлкөбүз болсо кичинекей. Албетте, мынча дипломатка муктаждык боло койбойт. Бул факт. Бул биринчиден. Экинчиден, аларды ким окутуп жатат, кандай деңгээлде?! Жыл сайын ар бир ЖОЖ абитуриенттерди кабыл алуу кулактандырууларын берет. Бирок алардын биринде да биз айтып жаткан маселелер тууралуу сөз козголбойт. Студенттерди ким даярдайт? Эмнени кантип окутушат аларга? Адистерди даярдоо үчүн реалдуу база барбы? Анан, колубузда өлкөбүздө кайсы адиске, канча санда муктаждык болот деген маалыматтар барбы?

**- Сиз менин оюмду окуп жатасыз. Азыр модага айланган, бирок кийинчерээк модадан чыгып калышы мүмкүн болгон айрым адистиктердин тобу пайда болбодубу. Ошондо мурунку салттуу, өзгөчө техникалык адистиктерге конкурс азайып кетпедиби. Мына ушул жерде мен үчүн бир суроо туулат: бир жагынан, биз демократияга жана базар эркиндигине умутулуп жатканда, бизге өйдөдөн кабыл алуунун жана бүтүрүүчүнүн санын айтып турган министрликтин жөндөөчү кызматкерине ишенүү күлкүлүү болмок. Башка бир жагынан, биз сөз кылып жаткан реалдуу коркунуч да бар. Анын үстүнө КМШ – МММ өлкөсү да, жаңы Египет, бирок, фараондук эмес, мавродий «пирамидаларынын» Египети. Элдин башы айланып бүттү – балдарын кимге ишенип бериш керек, кайсы ЖОЖду тандаш керек? А силердин команда кимдерди, кантип даярдаганы жатат?**

- Анда биздин университеттин концепциясы тууралуу маекке кайтып келели. Учурунда "эмнеге силер 95-жылы ачылышыңарды жарыялап, бирок, абитуриент кабыл алган жоксуңар" деп, мени жемелеп да жүрүштү Бул түшүнбөстүктөргө жол ачты. Бирок, өзүңөр ойлосоңор, жетиштүү базага ээ болбой туруп кабыл алууну кантип баштайсың? Эң оболу каржы маселелерин чечиш керек эле. Чечимди тапкыча, албетте, убакыт өтүп жатты. Бирок, кайталап өтөйүн, жолубуз болуп, шеф-президенттерибиз такай жардам берип турат, анын ичинде университетибиздин курулушунда да.

**- Университет куруу деген эмне өзү? Анын пайдубалына кандай «кырдуу таштар» салыныш керек?**

- Курулуш жөнүндө кеп салганда, биз оболу, окуу жайынынын концепциясынын негизинде жаткан түпкү максатты түшүнөбүз.

**- Сиз азыр атактуу физиолог академик П. К. Анохин сыяктуу сүйлөп жатасыз. Анын ою боюнча функционалдык системалардын баары ТПЖ – түпкү пайдалуу жыйынтыгына, түпкү максатына жараша курулуп, иш алып барат. Өзүңүз ТПЖнарды кандай сүрөттөп бере аласыз?**

- Жогоруда белгилеп кеткендей, учурда адис даярдоо жана жайгаштыруу иштерин жүргүзгөн Мамлекеттик план жок. Чыныгы адис өзүнө өзү жумуш таап, өзү жумуш ордун камсыздаш керек. Ошондо гана ага талап болот, б.а., ал өзүнүн тагдырынын устасы.

**- Чет өлкөлөрдө, алсак ошол эле Түркияда, өкмөт бул жараяндан такыр эле узактабы? Алар эмне кадрларга болгон муктаждыктарын ана-**

**лиздеп, прогноздобойбу? Анда биздин Билим берүү, илим жана маданият министрлигине окшогон алардын министрлиги эмне менен алектенет?**

- Түркияда «Эгитим» министрлиги («тарбия», «улут агартуу» деп которсо болот) мамлекеттик ЖОЖдорду кандайдыр бир деңгээлде көзөмөлдөп турат. Ал жакта, мамлекеттикке караганда аз болсо да, менчик университеттердин системасы да бар. Бирок, алардын өкмөтү, билим берүү тармагына каражат бөлүүдө дифференциялык мамиле кылат. Балким бизде да ушундай кылса, б.а. эң абройлуу, жакшы иштеген университеттерди каржыласа туура болмок. Социалисттик теңдештирүү бул жерде орунсуз. Менчик университеттерди болсо, катуу талап гана жөнгө салат.

Университетибизди ачып жатканда биз эң эле жогорку критерийлерди эске алганбыз. Анткени, эки президент, биздин бүтүрүүчүлөр Кыргызстанда, Түркияда гана эмес, башка чет өлкөлөрдө да жумушка орношо алгыдай болушу үчүн дароо эле бийик талаптарды коюшкан. Бул талаптардын негизгилери - фундаменталдык даярдоодон өткөрүү, практикалык жөндөмдүүлүктөргө ээ кылуу жана чет тилдерди, соңку компьютердик технологияларды колдонууну үйрөтүү. Студенттерибиз кыргызча, түркчө, орусча тилдерди билүүдөн тышкары дүйнөлүк чет тилдерден жок дегенде бирөөнү, негизинен англис тилин билиш керек деген максат коюудабыз. Адистерди даярдоо иши заманбап илимий, өндүрүштүк ж.б. базалардын негизинде жүрүшү керек.

Жакында эле мен бир күчтүү ЖОЖдо болдум. Ал жерде физика кафедрасынын жетекчиси өздөрү эски тетиктерден чогулткан шайманды сыймыктануу менен мага көрсөтүп жатты. Мен анын сезимдерин түшүнүп турдум, бирок, кечиресиздер, студенттерди азыр андай эски жабдуулар менен окутуунун эмне кереги бар? Албетте, бул биздин көпчүлүк ЖОЖдордун күнөөсү эмес, алардын кайгысы! Бул жагынан алып караганда, президенттердин колдоосу бизге жеңилдик берет. Биз XXI кылымдын талаптарына жооп берген заманбап окуу-лабораториялык базаны түзө алабыз.

**- Илимий-педагогикалык кадрларды ишке алуу кандай жүрүп жатат?**

- Республикабыздын, Түркиянын эң мыктыларын жумушка алып, о.э., жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн алдыңкы адистерди чакырабыз! Такай иштегенге болбосо да, жок дегенде убактылуу иштеп кеткенге. Алар үчүн үй да салып беребиз. Анан да биздин студент, магистрант, докторанттарды окуткандыгы үчүн сыйлык төлөп берүү үчүн атайын фонд түзүүнү пландаштырып жатабыз. Конок окумуштуулар кызыктуу илимий мектептерди түптөөгө жардам беришет деп ишенем.

**- Университетиңердин структурасын сүрөттөп бересизби?**

- Ал көп тепкичтүү болот: 1-тепкич – бакалавриат, анан – адистин дипломун алуу үчүн окуу же магистратура, ал эми өзгөчө айырмалангандары үчүн – аспирантура, докторантура.

4 жылдык (базалык, бакалавриаттык) билимди төмөнкү факультеттердин студенттери алышат: түркология, тарых, экономика, менеджмент, компьютердик инженерия. Бул спектр бара-бара жаңы «түстөр» менен байытылат.

Илимий жолду тандап алгандар (магистрант, докторанттар) үчүн табигый-техникалык жана гуманитардык болуп эки институт ачылат. Мындан тышкары, илимий изилдөө жана тажрыйбалоо боюнча бир катар борборлорду (информатика, телекоммуникация, түркология ж.б.) түзөбүз. Анткени, билим жана илим – медалдын эки тарабы.

Университетибиздин бүтүрүүчүлөрү, силердин «славяндардай» эле, эки диплом алышат: Кыргызстан жана Түркия стандарты боюнча. Ал дипломдор менен бүтүрүүчүлөр дүйнөнүн бардык бурчунда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат деп ишенебиз. Албетте, университет жогорку имиджге ээ боло алса.

**- Азыр силерде канча бактылуу студент окуп жатат анан?**

- Азырынча студент кабыл албасак да, өткөн жылдын күзүндө 100 кишилик даярдоо бөлүмүн ачтык. Келишим боюнча орундардын 50 %ы Түркия тараптыкы, бирок алар «даярдалуучуларды» азырынча ошол жерде эле окутууну чечишти, кийин алар бул жакка келишет. Ошондуктан учурда орундардын баары кыргызстандыктарга берилген. Жогоруда айтылган факультеттерге кабыл алуу конкурстук негизде жүрдү (1 орунга 4 киши). Кабыл алуу Бишкекте жана Ошто тест түрүндө жүргүзүлдү. Анда Түркиянын (эл аралык) жана өзүбүздүн стандарттагы тесттер колдонулду. Бирок жыйынтыктар бул жерде эмес Анкарада – алардын тестирлөө борборунда чыгарылды. Сынакка киргендер бардык адистиктин бланкасын толтурган, б.а., бир эле учурда бардык адистикке тапшыра алды. Андан соң ал сынактын жыйынтыгына, тапшыруучунун алган баллына жараша абитуриент кайсы адистикке талапкер боло ала тургандыгы аныкталган. Айтмакчы, биздин бул бөлүмүбүзгө Бишкектин башка ЖОЖдорунда окуган студенттер да келген. Сынактан ийгиликтүү тапшыргандар бир жыл бою түрк жана англис тилдерин, компьютердик технологияларды окушат. Анан бүтүрүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча эң мыктыларын биз автоматтык түрдө студент кылып каттайбыз.

**- Демек, кийинки жайдан баштап силердин «мыйзамдуу» студенттериңер пайда болот экен да. Даярдоо курсунда окугандардан башка да каалоочулар силерге тапшыра алабы?**

- Албетте. Ачык конкурс өткөрүлөт. 250 студент кабыл алууну пландаштыруудабыз.

**- Жакшы. Келечекте факультеттердин, багыттардын, адистиктердин тармагын кеңейтели деген оюңар барбы?**

- Сөзсүз. Биздин принцип мындай – керектүү шарттар түзүлгөн сайын жаңы структураларды ачуу. Мисалы, Аскар Акаевдин октябрдагы (1997-ж.) Түркияга болгон сапарынын алкагында медициналык факультет ачуу келишими түзүлгөн...

**- Ал тууралуу сөз Кыргызстанга дароо тараганын билем. Биздин медиктер көбөйөрүнө сүйүнүп жатам. Медициналык «үй-бүлөлөрүбүз» достошо баштарына ишенем.**

- Жакшы болмок. Айтмакчы, сизге жакын факультетти ачуу демилгесин Сүлейман Демирел көтөрүп чыккан. «Кампустун» пайдубалына таш салып

жатып, Түркиядан келген жогорку даражалуу коногубуз: «Медфакультети жок университет да болмок беле?!»,- деп айтып, бул жерде болочок дарыгерлерди даярдай турган жана шаарыбыздын тургундарына эле эмес, бүтүндөй республикабыздын жарандарына кызмат көрсөтө турган Ден-соолук борбору болуучу мыкты клиника курдуртуп берем деп убада кылган. Белгилей кетчү нерсе, Түркияда, негизи эле Батышта абройлуу клиникалар университеттердин курамында болот.

**- Сизди биздин жергиликтүү башкы врачтар укса болот эле! Тилекке каршы, алар (саламаттыкты сактоо системасынын жетекчилиги да) мындай сунуштардан, чиркейлер түтүндөн качкандай эле, качышат. Натыйжада биздин факультет да (биз эле эмес – Медакадемиябыз өзү!) чын чынына келгенде өз клиникалык базабызга ээ боло албай, укуктук жактан шаардык жана республикалык ооруканалардын «батирчилери» болуп жүрөбүз. Балким силердин мисалыңар жугуштуу болуп калаар...**

- Тилекке каршы, бул жылы биз Ден-соолук борборунун курулушун баштоого жетише албайбыз. «Кампус», б.а. университеттин комплекси, бир канча окуу корпусун, жатаканаларды, окутуучулар үйүн, спорт жана маданият борборлорун камтыйт. Бул автономдуу университет шаарчасы болот.

**- Белгилүү болгондой, классикалык түрдөгү университеттер, өзгөчө автономия, экстерриториалдуулук укуктарына ээ болуп келишкен жана азыр деле ээ. Алардын жерине шаар башчысы да атайын уруксаты болбостон кире албайт эмеспи. Силерде бул маселе кандай болот – шаар мэрине өзгөчө укук бересиңерби?**

- Мэр үчүн гана эмес, Кыргызстандагы бардык кесиптештерибизге жана студенттерге эшигибиз ачык болот: келишсин, жаңы университет менен, заманбап билим берүү модели менен таанышышсын. Буга биздин жалпы максаттарыбыз, мекенчилдигибиз, салттуу кыргыз-түрк меймандостугубуз милдеттендирет..

**- Рахмат, аксакал! Сиздин чакырууңузду сөзсүз пайдаланабыз.**

**(Маектешкен А. ЗАРИФЬЯН, КРСУнун медфакультетинин деканы, профессор. "Утро Бишкека" гезити. 17.02.1998)**

# «МЕНИН ТАМЫРЫМ – ЭНЕНИН ЖАНА ТАБИЙГАТТЫН ГАРМОНИЯСЫНДА»

Молдобаев Карыбек Молдобаевич -70 жашта. Усубалиевдин муунунан болгон бул кишини Бишкектин орто жана улуу жаштагы тургундары жакшы билишет. Урматтуу профессор мени кечирсин, мурун Казакстан жараны болгон жана Совет доорундагы Кыргызстандын саясий элитасын бетме бет таанытбаган менин бул пикиримди журналисттик кесибиме шылтап койсун, бирок мага Карыбек Молдобаевич жана Турдакун Усубалиевич экөө бири-бирине өтө окшош сезилди: экөөндө тең мугалимдик токтоолук, бийиктик жана ошол эле убакта чыныгы интеллигенттүүлүгү себеп болгон өтө жөнөкөйлүк жана сыпайкерчилик.

Университеттеги кесиптештери, өздөрүнүн «төрагасына» жакшы маанай тартуулоо үчүн, азыр Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өтүп жаткан түрк цивилизациясын изилдөө боюнча илимий симпозиумду анын юбилейине туурал уюштурушту. КТМУнун ректору, философия илимдеринин кандидаты, профессор Карыбек Молдобаевдин терең изилдөө предметтеринин бири – түрк цивилизациясы. Бирок бул иш профессор Молдобаев өмүрүндө акыл жана жүрөк аракетин арнаган жалгыз иш эмес. Бишкектин улуу мууну 70-жылдардан кайра куруу жылдарына чейинки Фрунзени жакшы билишет. Дал ушул жылдары партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп Молдобаев иштеп турган. Ал жылдарда борбор калаабыз – 12 жыл катары менен! – СКПнын БКнын, СССРдин Министрлер Кеңешинин, Бүткүл Союздук Кесип Кошуундарынын Борбордук Кеңеши (ВЦСПС) жана Бүткүл союздук Лениндик коммунисттик жаштар союзунун (ВЛКСМ) Кызыл туусуна татыктуу болгон.

Молдобаевдей кишилер жөнүндө – тирүү тарых деп сөз кылышат. Кыргызстан Компартиясынын БКнын илим, билим жана маданият бөлүмүнүн жетекчиси (партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалганга чейин), кийинчерээк – республиканын КП БКнын катчысы, андан соң – СССРдин Министрлер Кеңешинин Диний иштер кеңешинин төрагасынын орун басары. Октябрь Революциясынын, Эмгек Кызыл Туусунун, Ардак Белгиси ордендеринин, башка мамлекеттик сыйлыктардын ээси... Бул сыйлыктардын баары Совет доорунда саналып өткөндө, анча маанилүү туюлмак эмес болуш керек – мындай сыйлыктар тууралуу угуп жүрүп көнө түшкөнбүз да анда. Бүгүн болсо – иш башка. Балким, орден ээлери доорунун эң күчтүү державаларынын бири болгон СССРди куруу үчүн кандай эмгек сарптаганын эми чындап сезип жатканыбыз буга себептир.

Бирок, албетте, бүгүн сөз ал жөнүндө эмес, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорун өзгөчө ойлондурган нерселер тууралуу болмокчу.

**- Карыбек Молдобаевич, эмнеге бир канча жыл мурун Кыргыз-Израиль же Пакистан эмес, дал ушул Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин курулушу жөнүндө чечим кабыл алынды эле?**

- Бул идея эки өлкөнүн президенттерине таандык – Аскар Акаевич Акаев жана Сүлейман Демирелге. Максат – эки өлкөнүн аракети менен, бир жагынан, университетте билим берүүнүн дүйнөлүк жетишкендиктерин, экинчи жагынан, эки элдин эң мыкты улуттук салттарын бириктирген жаңы кылымдын университети боло ала турган ЖОЖду куруу эле. Ошол эле убакта университет эки элдин ортосундагы көпүрө, ошондо Сүлейман Демирел айткандай, алтын көпүрө болушу керек эле.

Университетте билим берүү – маалымат доорунун талаптарына жооп берген заманбап университет тууралуу сөз кыла турган болсок - өтө эле кымбат нерсе. Мына ушундай университет куруу эки өлкөнүн колунан келди.

**- Сиз айтпадыңызбы, университетти куруп жатканда, эки илим мектебинин гана эмес, элдерибиздин мыкты салттарынын синтези жөнүндө да ойлонуп жаттык деп. Сиз өзүңүз Түркияда болдуңуз беле?**

- Албетте, көп жолу. Жакында эле барып келдим. Мага түрк дүйнөсүнүн интеллигенциясынын эл аралык фондунун «Түрк дүйнөсүнө кызматы үчүн» деген сыйлыгын тапшырышты.

Биз Түркиянын азыркы президенти Ахмед Сезер жана тогузунчу президенти Сүлейман Демирел менен жолугуштук. Сүйлөшүүлөрдүн алкагында азыркы күндөрү университетибизде өтүп жаткан симпозиум тууралуу да сөз болду. Симпозиум жакында ачылган университетибизге караштуу түрк цифилизациясын илимий-изилдөө борборунун иш башаты болушу керек.

Борбордун максаты – башаты Улуу Түрк Каганатынын курулушуна барып такалган түрк цивилизациясынын мурунку жана бүгүнкү абалын илимий жактан изилдөө. Бирок негизги басым түрк цивилизациясынын кайра жаралуу маселесин изилдөөгө коюлмакчы.

Дүйнөнүн учурдагы өнүгүүсүндө эки тенденция бар: ааламдашуу жана цивилизациянын кайра жаралуусу. Бул экөө бири-бирин шарттап, ошол эле убакта бири-бири менен күрөшүүдө. Цивилизациянын кайра жаралуусу эң оболу жаш эгемендүү мамлекеттер үчүн маанилүү. Анткени, бул биздин башатыбыз. Андыктан, алдыбызда турган эң негизги суроолор: биз кимбиз, каяктан келдик жана өзүбүздүн абалыбызды оңдоп, келечегибизди куруу үчүн кандай чыгармачыл потенциалга ээбиз.

Дүйнөнү эки түскө – капиталисттик жана социалисттик цивилизацияга бөлгөн эки полярдуу система азыр жок болду. Бул система жоюлары менен: Дүйнө кандай болот? деген суроо туулду. Жапон тектүү америкалык тарыхчы Фукуяма: "Тарых соңу" деген тезис чыгарды. Буга ылайык, азыркы батыш цивилизациясы өнүгүүнүн өзү, ал түбөлүк жана бүт дүйнөдө жашайт. Батыш цивилизациясына, т.а. демократия жана либералдуу экономикага негизделген бир эле цивилизация өкүм сүрөт. Башка бир америкалык саясатчы болсо XXI кылым цивилизациялар кагылышуусунун кылымы болот деп чыкты.

**- Сиз кандай деп ойлойсуз?**

- Биринчиден, дүйнө көп түстүү болчу, азыр да ошондой. Бул цивилизациялар түсү. Алар дайыма бири-бирин байытып турган. Дүйнө көп түстүү болгону үчүн кооз. Экинчиден, кагылышуулар жана кан төгүүлөр дайым болуп келген. Бирок, буга, менин оюмча, цивилизациялар эмес, экономикалык жана саясий кызыкчылыктар күнөөлүү. Бул согуштар, цивилизациялардыкы эмес, кызыкчылыктардыкы.

**- Сиздин жашооңуздун көп бөлүгү Совет дооруна туура келди. Ал убактын мекенчилдиги кандай болгонун жакшы билесиз. Ал эми атактуу америкалыктын мекенчилдиги ал кездегиге караандабайт. Азыркы саясатчылар жана сиздин кесиптештериңиз – ЖОЖдогу окутуучулар өлкөбүздөгү маселелердин келип чыгышын улуттук идеянын жоктугунан көрүшөт. Ошондуктан Кыргызстан, жакында биздин маектешибиздердин бирөө айткандай, - бул «он бир жыл бою бир орунда айланып жаткан кеме...».**

- Улуттук идеялар ойдон чыгарылбайт. Алар, мезгилдин талабына ылайык, табигый түрдө өсүп чыгат. Мен бизде такыр эле улуттук идея жок деп айтуудан алыс болот элем. Улуттук мамлекет биздин негизги баалуулук эмеспи? Ал эми мезгил талабы жана глобалдык адамзат баалуулугу – демократия эмеспи? Же – базар мамилеси? Биз аларды сактабашыбыз керекпи? Цивилизациялык базар экономикасын, укуктук мамлекет куруп, изденүүлөрүбүздүн борборуна адамды, аны көкөлөткөн, бактылуу кылган баалуулуктарды коюш керек экенин ким билбейт – баары билет. Бирок, адамдарды бул баалуулуктардын тегерегинде бириктире билүү – такыр башка иш. Калганынын баары – кечирип коёсуз, жөн гана сандырак кеп. Албетте, бийликке болгон ишеним өтө маанилүү. Анткени, бул баалуулуктарды ким үгүттөйт? Биринчи кезекте бийлик.

**- Личность катары калыптанышыңызга сизге эмне жардам берди?**

- Географиялык жактан менин тамырым Нарын облусунун Кочкор районунун Мантыш айылына барып такалат. Бирок көп нерсени мен апамдан үйрөндүм. Биз атабыздан эрте айрылдык. Бизди, беш баланы апам жалгыз тарбиялаган. Апам өзгөчө абройлуу жана эмгекчил адам эле. Мисалы, мен насаат айтканды жаман көрөм, бул нерсе апамдан өткөн болуш керек. Ал бизди өз үлгүсү менен тарбиялачу. Насаат берүүдө биз башкаларга эбактан бери белгилүү нерселерди айтабыз да, тарбиялоодо болсо конкреттүү иш-аракеттер абдан маанилүү. Анан дагы, менимче, мага айылыбыздын жаратылышы чоң таасир берсе керек. Өтө кооз. Билбейм, башка адамдарга ал кандай таасир этет, бирок, мени ал кадимкидей тазалайт.

**- Элеттеги балада философияга кызыгуу кайдан? Түрк цивилизациясынын башаттарына болгон кызыгууңузду эмне менен түшүндүрөсүз жана эмнеге башка бирөө эмес, сиз Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору болуп дайындалдыңыз? Сиз ага чейин он жыл Москвада иштебедиңиз беле.**

- Байыркы маданиятка болгон сүйүүм аркылуу философияга кызыктым. Мен алгач тапшырган КМУнун филология факультетиндеги «Байыркы адабият» окутуучусу өз ишине жан дили менен берилген эже эле. Байыркы

грек искусствосу мифологияга сугарылган. Ал мага. биздин улуттук мифология менен окшошуп кеткендей туюлат. «Манас» баатырдык эпосу, кенже эпостор да мифтерге негизделген да. Алар дайыма жалпылагыч касиетке ээ. Философиянын да жалпылоо өзгөчөлүгү бар. Ошентип мен МГУнун философия факультетине которулуп кеттим.

Ал жылдарды эч унутпайм. Ал романтикалык мезгил эле: жекшемби күндөрү университетте симфониялык музыканын концерти болчу... Симфониялык музыканы толук түшүндүм дегендерге ишенбейм. Аны толук түшүнүш мүмкүн эмес, угуп, эрип, жерден үзүлүп гармонияга сүңгүп кирип, ага жанашса гана болот: Сүрөт искусствосуна жанашканда да ушундай болот. 1955-жылы Пушкин музейинде «Сикстиниялык Мадоннаны» көргөндө айран-таң калганымды унута албайм. Ал сүрөттү Германияга жөнөтөрдөн мурун элге көргөзүшкөн. Третьяковкада Казимир Малеевичтин «Кара квадратын» көргөндө да таң калгам.

Ал эми эмне үчүн мени тандоо болгон, «Манаска» ректор болуп дайындалышым тууралуу:, ...ооба, мен анда жаңы эле Москвадан келгем, ал жерде мен акыркы убакта Стратегиялык изилдөөлөр борборунда иштечүмүн. Бирок, мени Аскар Акаевич Акаев жакшы таанычу. Мына ошол киши мага бул кызматты сунуштаган.

Түрк цивилизациясынын кайра жаралуу идеясы мага мурун эле жакчу. Эки полярдуу дүйнөнүн кулашы менен мен ага толугу менен берилип кеттим. Кайсы бир доордо өтө катуу өнүккөн түрк цивилизациясы убакыттын өтүшү менен бир топ жоготууларга дуушар болду. Тарых шамалы анын жаратуучуларын жана улантуучуларын дүйнөнүн ар булуңуна учуруп чачты. Бирок, кантсе да түрк цивилизациясынын тамырлары соолуган жок. Аларды четке кагуу акылсыздык болор эле. Ошондуктан, мага ректорлукту сунушташканда, мени кызыктырган маселе менен алектенгенге жакшы мүмкүнчүлүк катары бааладым.

**- Эми айтыңызчы: өмүрүңүздөгү эң чоң жетишкендик деп эмнени эсептейсиз?**

- Эки нерсе. 13 жыл бою партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп эмгектендим. Бул менин жеке жетишкендигим деп эсептебейм, ийгиликтүү кокустук болуп, борборубуздун өнүгүүсүнүн туу чокусу дал ушул жылдарга туура келип калды. Өндүрүштүн бардык тармагы өтө тездик менен өнүктү. Кубаттуу машине куруу заводдору курулду. Ошол эле убакта, бул заводдор аскердик өндүрүштүк комплекстин курамында болгондуктан, шаар бир топ материалдык ресурстарды алып жатты. Булардын жардамы менен турак-жай, маданият, илим, саламаттыкты сактоо объектидери курулуп, борбордук проспектилер реконструкцияланды.

Экинчи жетишкендигим – чындыгында, ушул университет болуш керек. Республикабыздын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграцияланышында университетибиз татыктуу ордун алат деп ишенем.

**(К. ГЫРЬЯТЛИ. "Слово Кыргызстана" гезити, 15.11.2002)**

## ТАРЫХ ЧАКЫРЫГЫ ЖАНА БИЗДИН КЕРЕҢДИГИБИЗ

**«Улут руху – бул жердешчиликтин эски сабасындагы жаш шараптын көрөңгөсү».**
**А. ТОЙНБИ**

**Кечээ гана бизде эгемендүүлүк менен кошо келген энтузиазм ташкындап турган эле. Көбүбүз аны тагдыр белеги катары кабыл алдык. Ал эми бул белек болгон соң, биз эгемендүүлүк үчүн төлөгөндү ойлоп да койгон жокпуз.**

**Эгемендүүлүк – өтө ардактуу, ошол эле убакта эң оор жүк.**

**Бул чындыкты түшүнүү мүмкүнчүлүгү эгемендүүлүк менен кошо берилбесин жашоо көрсөттү. Ага кыйналып жетет экенбиз. Көз карандысыз өнүгүү жолундагы бардык кез келген сыноолордон өтүп, эгемендүү жашоо идеясын кан-жаныбызга сиңиргенде гана биз эгемендүүлүккө татыктуу экенибизди жана бул биз үчүн жөн гана тагдырдын кокус белеги эмес экенин далилдей алабыз.**

Дүйнөлүк тарыхтын атактуу билерманы Арнольд Тойнбинин оюу боюнча, элдердин тагдырындагы түптүү өзгөрүүлөр дайыма тарыхтын чакырыгынын натыйжасында келип чыгат. Мындайда кээ бир элдер тарых чакырыгына татыктуу жооп табышып, жаңы жолдо жашоо куруп өнүгүшсө, кээ бирлери татыктуу жооп кайтаруу үчүн күч жана эрдикке ээ боло албай, жеңилүүгө учурап, тарыхтын чет жакасында маргиналдык өмүр сүрүүгө мажбур болушат.

XX кылым тарыхчыларынын патриархынын сөздөрүнүн тууралыгын кыргыз элинин тарыхы да айкын ырастап турат. Кыргыз эли бийик максатка бириккенде гана анын жылдыздуу сааты жанган. Буга Енисейде өз мамлекеттүүлүгүнүн жаралышынын жана бекемдешинин мезгилиндеги, анан, албетте, түрк жана уйгур каганаттарынын мураскери, Борбордук Азиянын эң чоң мамлекети, тарыхта Кыргыз Улуу Державасы деген ат менен катталган каганаттын башына келгендеги мисалдарды келтирсек болот.

Өз алдынча тарых жаратуучулук жөндөмдүүлүгүнө ээ экенибизди дагы бир жолу далилдөө мүмкүнчүлүгү бизге СССР кулагандан кийин берилди. Бул мүмкүнчүлүк тагдырдын белеги эмес, тарыхтын чакырыгы. Татыктуу жооп кайтара алсак – улуттук жүзүбүздү сактап калабыз, анте албасак, демек, аны жоготобуз.

Тарых чакырыгынын алдында улутту бириктирүүчү башат эмне? Бул,

албетте, улуттук рух. «Улут руху, – деп жазат Арнольд Тойнби, - бул тууганчылыктын эски терилериндеги жаш шарап үчүн көрөңгө». Арнольд Тойнби тарабынан сүрөттөлгөн тарыхый модель эгемендүүлүккө жеткенден кийинки биздин реалийлерди болушунча так чагылдырат. Жогоруда сөз болуп жаткан жаш шарап – биздин жаш мамлекет, анын көрөңгөсү болсо – биздин улуттук рух.

Эски тууганчылык терилеринен канчалык эрте кутула алсак, учурдагы улуттук мамлекеттүүлүктүн кайра жаралуусуна туура келген жаңы жашоо формасына ошончолук эрте ээ болобуз.

Албетте, бул жараяндын көп курамалуу бөлүгү бар. Эң оболу анын экономикалык бөлүгү тууралуу сөз болот. Анткени, улуттук консолидация дайыма бирдиктүү экономикалык системанын түзүлүшүнүн негизинде жүрүп келген.

Бул үчүн, бир жагынан, өлкөнүн региондорунун ортосундагы эмгек бөлүнүшүнүн өнүгүүсү жана жакшыруусу керек. Экинчи жагынан, өнүккөн коммуникация системасынын болушу шарт. Мында президенттибиз А. Акаев тарабынан демилгеленген Бишкек – Ош стратегиялык жолунун реабилитациясы жана Кашкар – Торугарт – Казарман – Жалал-Абад – Анжыян темир жолун куруу аркылуу океан жана Европага чыгуу долбоору фундаменталдуу мааниге ээ экендиги шексиз.

Бул жараяндын башка маанилүү бөлүктөрүнүн бири – улуттук консолидацияга болгон саясий эрк. Мына ушу нерсе гана тарых чакырыгына биздин конкреттүү жообубуз боло алат. Утурумдук кызыкчылыктардан, жеке саясий амбициялардан жогору болуп, башыбызга түшкөн кыйынчылыктарга туруштук бере алсак, жаңы тарых чакырыгынын алдында улуттук биригүүгө алып барчу жолду тазалай алабыз.

Жаш мамлекетибиздин калыптануу жана өнүгүүсүнүн азыркы этабында бул маселелер өтө олуттуу. Муну фактылар көрсөтүп турат.

Саясий күрөштүн кумарына мас болгон айрым кызуу кандуулар улуттун жана өлкөнүн бүтүндүгүнө кол салууда. Алар өлкөнүн түндүгүн түштүктөн бөлүп алабыз деп коркутууда. Бир бүтүндөн айрып алган бир бөлүккө болсо да, хан болууну каалагандардын чыдамы кетип жатса керек.

Башкалар болсо, өз өлкөсүн кошуна мамлекеттерге белек кылып, бакыт тапкылары бар. Бирок, булардын баштары жакшыраак иштеген романтиктери дүйнөнүн эң бай өлкөсү – Америка Кошмо Штаттарынын 53-чү же 54-чү штаты болуп, анын дасторконуна жол ачууну көздөп жатышат.

Үчүнчүлөрү болсо, СССРди кайрадан жандандыруу жана борбордон дотациялар келип турган жагымдуу өткөн мезгилди кайтаруу идеясынын кызуу жактоочулары болууда.

Мунун баары, улуттук мамлекеттүүлүктүн жаш шараптары тууганчылыктын эски терисинен жана улуттун рухун кемирген анын мите курттарынан кутулмайынча, борбордоштурууга умтулуу тенденцияларынын коркунучу жоюлбастыгын көрсөтүүдө.

Өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө турган башка аргументтерге ээ болбогон саясатчылар, трайбализм куралын колдонуп, улуттун биримдигине

доо кетирип, анын тагдыры менен ойноодо.

Бүгүнкү күндө коркунучтуу башка оорубуз – бул аң-сезимибиздин маргиналдашуусу.

Бул феномендин түшүндүрмөсү мындай: өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарына туруштук бере албаган саясатчылардын жана интеллигенциянын бир бөлүгү өзүлүрүнүн бут алдындагы кыртышынан жылмыша баштады. Алардын ою боюнча, көрөңгөлүү улуттук баалуулуктарга негизделген эгемендүү өлкөнүн жүгү биз үчүн өтө оор. Ошондуктан, алар бул оор жүктү эртерээк башка күчтүүрөөк өлкөлөргө оодаргысы келишет.

Ооба, өз тагдырыңды өз алдынча чечүү жана бул үчүн толук жоопкерчиликти алуу – чындап эле түйшүктүү иш. Бирок, желдин багытына баш ийген камгак болуу андан да оор. Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында мындай жагдайды бир канча жолу башынан өткөрбөдүбү.

Албетте, мындай ой жүгүртүүлөр жөн жерден эле пайда боло бербейт. Булар бүгүнкү күндүн жана өткөндүн инерциясынын карама-каршылыктарынан улам келип чыгууда.

Сөз, биринчиден, колго тийген эгемендүүлүктөн ашыкча нерселерди күтүүнүн кесепети тууралуу болуп жатат. Алгачкы жылдары базар мамилелерин түзүү аркылуу жана өнүккөн өлкөлөрдүн жардамы менен дароо эле экономиканын тез өнүгүүсү башталчудай сезилген. Анда бул өзгөрүүлөр кандай кыйынчылыктар аркылуу өтөрүн эч ким ойлогон да эмес.

Ал эми күткөн тез ийгиликтин ордуна башыбызга өткөөл мезгилдин бардык кыйынчылыктары түшкөндө, оболку эйфория көңүл калуу менен алмашты. Албетте, бул адамдардын оптимизмин, Мекенге болгон сүйүүсүн түшүрө баштоосу өзүнөн өзү түшүнүктүү..

Экинчиден, бизде дагы эле жашап жаткан «иничек» синдрому тууралуу унутпоо керек.. Совет идеологиясы бизге жан багарлык жана өзүн өзү баалабоо психологиясын берди. Натыйжада биз «агатайдын» мыктылыгына жана өзүбүз, улут катары, бардык атрибуттарыбыз менен «агатай» бар үчүн гана өмүр сүрүп келе жатканыбызга ишенип алдык.

Бүгүнкү күндүн турмуш чындыктары, биз дагы эле советтик ой жүгүртүүдөн кутула албаганыбызды көрсөтүп турат. Бул нерсе жаңы шарттардын чыныгы түсүн көрүүбүзгө, тарыхтын чакырыгын угууга тоскоол болууда. Идеологиялык туугандык доору жана бекер тоют кайрылгыс болуп кеткенин айрымдар дагы эле түшүнбөй жатканы таң калычтуу. Азыр босогобузда өлкөлөрдүн жана элдердин ортосундагы мамилелердин мүнөзүн жана мазмунун “базар” деген кожоюн белгилеген такыр башка мезгил турат. Базар шартында келип чыккан атаандаштык күрөшүнөн аман чыгып, өзүңдү сактап калыш үчүн обочороокто бекер оокат издебестен, бардык аракетти эң негизги нерсеге – элдин өзүнүн чыгармачыл жана өндүрүшчүл күчүн ойготууга багытташ керек.

Азыркы убакта – ааламдашуу доорунда – канча күчтүү болсо да, бир дагы мамлекет толугу менен өз алдынча өнүгө албасы шексиз. Ошондуктан, интеграциялык процесстер бүткүл дүйнөнү кучагына алды. Кыргызстан да, бул процесстен четте кала албоосу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бул багытта

эгемендүүлүк жылдарында көп эле нерсе жасалды жана жасалып жатат.

Бирок мунун баары, өлкөнүн кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалууда. «Зыян келтирбе!» деген белгилүү осуят баарынан мурун жана эң эле көп так ушул улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү. Ар бирибиз, жаран катары, патриот катары, муну такыр унутпашыбыз керек. Ал тургай, канчалык оор жагдайларда калсак да, бир нерседен катуу түңүлсөк да.

Чыныгы интеграция тең укуктуу негизде гана, интеграциянын субъекттери бири-бирине экономикалык да, саясий да жактан кызыкдар болгон учурда гана ишке ашат. Бир да бай байке кедей бир тууганы үчүн өзүнүн кызыкчылыктарын четке какпайт.

Бардык жагынан (тарыхы, маданияты, экономикасы жагынан) өтө жакын болгон өлкөлөр – Россия Федерациясы менен Беларусь Республикасынын биригүү процесси кайсы агымдарга жана кандай карама-каршылыктарга кабылып жатышы бизге эскертүү берип жатпайбы. Бул маселенин тегерегиндеги эч жүйөсүз тополоңдор болсо, биздин улуттук кызыкчылыктарга зыянын гана тийгизүүдө.

Тарых бизге уникалдуу мүмкүнчүлүк – өзүбүздүн өнүгүү жолубузду өзүбүз тандоо мүмкүнчүлүгүн тартуулады. Эми биз бул сейрек мүмкүнчүлүктү жеңил ойлуулук менен чачканыбыз жакшылыкка алып барбайт. Баарыбыз үчүн бийик максат, тескерисинче, эгемендүү өнүгүү жолунда башыбызга түшкөн жана түшө турган, күтүлгөн жана күтүлбөгөн кыйынчылыктарды жеңип, улуттун абийирин даңазалоо.

Арийне, интеллигенциянын айрым өкүлдөрү тарабынан жайылтылып жаткан өксүктүк оорусу буга каршы келүүдө. Алар улуттун өткөнүн да, азыркы абалын да, ал тургай келечегин да кара түстө гана сүрөттөп келишүүдө.

Албетте, өзүңө болгон сын мамиле – руханий бекемдиктин белгиси. Бирок, мындай сын менен элдин өзүнө болгон ишенимине, жаратуучулук эркине доо кетирчү далилсиз каралоонун, ашыкча нигилизмдин ортосунда эч байланыш жок.

Ошону менен бирге, тарых чакырыгы койгон маселелерге тең келип, заманбап үлгүдөгү улуттук мамлекет түзгөн куруучу элдердин катарына кошулуш үчүн, «Айгайгак» талаасы менен чектелүү көнүмүшүнөн да арылышыбыз керек. Убагында мен бул мыкты тамсил жөнүндө жазган элем, анда мындай окуя баяндалат: ар тарабы бийик тоолор менен курчалган Керме-Тоонун эң алыскы булуңдарынын биринде кымындай айыл жайгашкан. Башка дүйнөдөн кабарсыз калган анын тургундары түнт турмуш өткөрүшчү. Бул айылдын сыймыгы болгон, ашып кетсе бир короо кой бата турган «Айгайгак» аттуу кичинекей түз талаа бар эле. Күндөрдүн биринде аларга конокко деңиздин ары жагынан көпөстөр келип калат. Анан айылдыктардын сураныч менен алар бардык көргөндөрү, басып өткөн чексиз деңиз, талаа мейкиндиктери жөнүндө айтып берип жатканда, айылдыктардын эң эле билерманы: «Силер жаңы эле сөз кылган мейкиндиктер биздин «Айгайгак» талаасына тең келе алабы ?» деп сурайт.

«Айгайгак» жетишпестик комплексинин чыгуу формалары өтө ар түрдүү.

Ал айрым саясатчыларыбыздын Наполеондукундай болгон кылыктарында көрүнөт. Алар, маселенин маңызын тереӊ түшүнбөй туруп эле, анчамынча болсо да ойлонуштурулган программага ээ болбостон, өз чечимдерине эле таянып, өздөрүнө болгон ашыкча сүйүүсүнүн негизинде: «Келдим, көрдүм, жеңдим!» принциби боюнча иш кылышат.

Ал, илимде болобу, көркөм маданиятта болобу, тигил же бул катардагы кубулуштарды дүйнөлүк жетишкендиктердин деңгээлине чейин көкөлөтүп жиберген биздин жергиликтүү «патриоттуулугубузда» да көрүнөт. Бул тизмени улантса да болот эле. Бирок кеп анда эмес.

Кептин баары башкада: өзүбүзгө болгон талаптарды төмөндөткөн сайын, биз провинциализмдин туткуну болуп калаарыбызды түшүнүшүбүз керек. Провинциализм болсо максатсыз, маанисиз, супсак жашоого алып баруучу жол.

Эң негизгиси, биз доор үнүн, тарых чакырыгын үңүлүп тыңшаганды үйрөнүшүбүз керек. Ошондо гана биз «Айгайгак» жана өксүктүк оорусунун тушамыштарынан кутула алабыз.

**(К. МОЛДОБАЕВ. "Слово Кыргызстана" гезити, 27.12.2002)**

## БЕРМЕТТЕН БУУРЧАККА ЖАНА БУУРЧАКТАН БЕРМЕТКЕ

**Бишкек өз юбилейин белгилегени жатат. Бул шаан-шөкөттүү иш-аракеттерди өткөрүү үчүн гана шылтообу? Философия илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин азыркы ректору Карыбек Молдобаевич Молдобаев 1973-жылдан 1985-жылга чейин партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген. Так ошол жылдары борбор калаабыз 12 жыл катары менен ССКПнын БКнын, СССРдин Министрлер Кеңешинин, Бүткүл Союздук Кесип Кошуундарынын Борбордук Кеңеши (ВЦСПС) жана Бүткүл союздук Лениндик коммунисттик жаштар союзунун (ВЛКСМ) Кызыл Туусуна татыктуу болгон. Ал жылдардагы Фрунзенин көрүнүшү шаардын улуу муунунун эсинде калды, эми такыр унутулбайт болуш керек: тоо түбүндөгү кичинекей бермет, кенен көчөлөрүндөгү жагымдуу элет көрүнүштөрү жана ошол эле убакта жаңы өзгөчөлүктөрдүн пайда болушу. Кандай болуп оригиналдуу бермет катардагы буурчакка айлана баштады? Борборубуздун бозомтук үйлөрдүн, талкаланган жолдордун жана жаан суусу менен желип, бак тамырлары менен омкорулуп калган символикалуу тротуарлардын жыйындысынан кайра көз уялтып жалтыраган берметке айлануу мүмкүнчүлүгү барбы?**

- Юбилейлик даталар, - дейт профессор МОЛДОБАЕВ, - юбилярдын өткөндөгү гана эмес, учурдагы жана келечектеги да ордун жана ролун түшүнүү үчүн негизги чекит катары алынганда кандайдыр бир практикалык мааниге ээ болот. Айрыкча, Бишкек өңдүү көрүнүштөр жөнүндө сөз болуп жатканда.

Тарыхта маалым болгондой, Жети-Суу (Семиречье) байыртадан шаар маданиятынын борбору болуп келген. Бул жерде, ал убактын чеңеми менен алганда, көптөгөн шаарлар болгон. Бирок Бишкекке өзгөчө тагдыр туш келди. Ал шаар статусун алганда эле, европалык типтеги шаар өзгөчөлүктөрүнө ээ боло баштаган. Бул жагдай болсо бүт өрөөндүн батышташуусуна, элдин дүйнөлүк маданиятка кошулушуна өз таасирин тийгизген.

Пишпектин башка бир өзгөчөлүгү – ал башынан эле көп улуттуу коом катары калыптана баштаган: бул жерде кыргыздар гана эмес, дуңгандар, өзбектер, орустар ж.б. улуттун өкүлдөрү жашаган. Шаардын Улуу Жибек Жолунда жайгашышы, Согдианага жакын болушу да чоң роль ойногон. Согдиалыктар, белгилүү болгондой, дайым активдүү алып-сатарлар

болушкан. Ошентип, Бишкек башынан эле кол өнөрчүлүктүн, билимдин, маданияттын борборуна айланган. Бирок, албетте, бара-бара өнүгүп отуруп убакыт менен гана толук кандуу борборго айланган. Пишпектин европалык типтеги шаар катары өнүгүшү элдин жаңы менталитетинин негиздеринин калыптанышында орчундуу роль ойногон. Кара-Кыргыз Автономдуу Облусу түзүлгөндө болсо, Пишпек дубандын акыл борборуна айланган. Кыргызстан кандай болуш керек деген нуктагы идеялардын бардыгы ушул жерден тараган. Анан, албетте, элдин алдыңкы өкүлдөрүнүн акыл ишмердүүлүгү, келечек тууралуу ар кыл көз караштардын кыл чайнашы болмоюн мамлекеттүүлүккө жетүү мүмкүн эмес эле.

**- Сиз социализмдин өнүгүүсү туу чокусуна жеткен маалда жана кийин «учагыбыз» акырындап бийиктигин жогото баштап, ал каякка барып конорун эч ким билбей турганда борбор калаабызды башкарып турдуңуз. Ошол жылдары биринчи катчылык кызматындагы эң оор нерсе эмне эле?**

- Эл ишенимин жоготуп, түңүлүп, каардана баштаганын сезүү. Биз элге көптөн бери жердеги бейишти убада кылып келгенбиз (Никита Хрущев ал тургай, 1980-жыл деп так мөөнөттү белгилеп салган), бирок бейиш доору келбей койду. Тескерисинче, азык-түлүк жана өндүрүш товарларынын таңкыстыгы барган сайын ачык сезиле баштаган. Нефтедолларга батыш өндүрүшүнүн тиричилик буюмдары алынып жатып, аң-сезимде: «Эгер биз эң алдыңкы өлкө болсок, эмнеге эң мыкты товарларды өндүрбөйбүз?!»-деген бүдөмүктөр пайда боло баштаган. Биз эмгек жамааттарына барганыбызда, жумушчулар эт жана башка керектөө товарларын (ал кезде ушинтип аталчу эле да) талап кылып жатышты. Ушундай маселелерден улам, социализм системасы урап жатканда эл буга көңүл коштук менен эле көз салып турду.

Бардык жердеги ашыкча регламенттүүлүк да артка тартып турду. Баары жогору жактан башкарылып, завод, фабрикалар ресурстарды эркин колдоно алган эмес. Бул нерсе, албетте, чыгармачыл-өндүрүшчүл изденүүнү токтотуп турган.

**- Ошентсе да, Фрунзеде дал ошол жылдары шаар курулушу туу чокусуна жетпедиби...**

- Ооба, анын себеби мындай: Шаар илимге таянган өндүрүштүн борборуна айланган. Электрондук эсептөө машиналарын (ЭВМ) чыгаруучу заводдор, Ленин атындагы завод, шаймандар заводу, «Ала-Тоо» бирикмеси тез өнүгүп жатты. Булардын баары аскердик-өндүрүштүк комплекстин ичинде болгондуктан, кенен каржыланып турган. Бул мекемелердин техникалык деңгээли өлкөнүн алдыңкы жетишкендиктеринин деңгээлинде болуп, жогорку квалификациялуу адистер иштеген. Албетте, бул нерсе тургундардын менталитетине изин калтырып жаткан. Бирок, эң негизгиси, бул мекемелер шаар инфраструктурасынын өнүгүшүнө чоң суммаларды бөлүп турушкан, мисалы, магистралдарга каражат бөлүп, өздөрү да магистралдарды реконструкциялоо иштерин аткаруучу болушкан. Мен анда СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаты элем. Андыктан, мен каалаган маалда заводдун директорлору менен кошо союздук көзөмөлдөөчү

министрликтердин жетекчилерине жолуга алчумун. Биз силерге өнүгүү мейкиндигин камсыздайбыз, силер бизди колдоп турасыңар деген соодалашуу жүргүзчүбүз.

Борборубуздун архитектуралык келбетин белгилөө үчүн чыгармачыл изденүү жүрүп жатты. Так ошол маалда генералдык план түзүлгөн. Бул иштин үстүндө, башка архитекторлорго кошулуп, Москвалык атактуу архитекторлор, алардын ичинде профессор Улас да иштеген эле.

Белгилей кетчү нерсе, архитектуралык чечимдерди издөө аракети да каржылоо жана материалдык чыгымдардын катаал алкагына алынган болчу.

**- Генплан акырына чейин аткарылса, Бишкек азыр кандай болот эле?**

- Ал 20 жылга эсептелген, азыр ал аткарылып бүтмөк. Борбордун өнүгүү концепциясы так функционалдык райондоштурууну, компакттуулукту, коздукту жана болушунча ыңгайлуулукту камтыган. Карасаңар, аскер топографтары (бул Пишпек шаар статусун алган мезгилге туура келет) өтө ыңгайлуу пландаштыруунун негизин түзүшкөн; көчөлөр тоодон төмөн түшүп, тоодон келген бриз менен желдетилет. Тилекке каршы, кийинчерээк, курулуш маалында бул баштапкы принцип бир канча жолу бузулган.

**- Бишкектин акырына чейин гүлдөбөй, жаркын, ажарлуу, каралган шаарга айланбай калышынын себеби эмнеде деп ойлойсуз?**

- Эң негизги маселелердин бири – кайра куруу доорундагы бийлик кризиси «шанхайлардын» пайда болушуна алып келген. Жер тилкелерин басып алуучуларды токтотууга бийликтегилердин саясий эрки жеткен эмес. Башплан боюнча, биз Кузнец чебинен жана башка «шанхайлардан» арылышыбыз керек эле, бирок, тескерисинче, аларга кошулуп жаңылары пайда болду. Булар башпланга да туура келбеген, акылга да сыйбаган нерселер. Жумшак айтканда, бул кайгылуу көрүнүш. Башка региондорго шаар курулушунун үлгүсү болуп жүргөн Бишкек эми ойлонбой кокусунан кабыл алынган архитектуралык чечимдердин мисалына, чаржайыт жана баш аламан курулуштардын үстөмдүгүнө айланды.

Олуттуу дагы бир маселе – шаардын шишип кетиши, борбор катары анын функционалдык баалуулугунун жоюлушу. Бардык шаар маданиятынын (соода, билим берүү, искусство, ишкерчилик) бир жерде топтолушу зыянга учуратат. Өлкөдө өнүгүү борборлору болушунча көп болушу керек, антпесе башка шаарлар аксап калат.

**- Турмуш жараянынын бир шаарда топтолуу кыймылын кантип токтотсо болот?**

- Бул жөнүндө биздин акыл борборубуз – өкмөт, анын ичинде Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик комиссия ойлонушу керек. Бишкекти жеңилдетип, эң негизги нерселерди гана калтырыш керек.

Мындай функцияларды бөлүштүрүү бүткүл дүйнөдө бар. Мисалы, АКШда Вашингтон административдик жана маданий борбор болсо, Нью-Йорк иш борбору. Түркияда да Анкара – административдик-маданий борбор, Измир менен Стамбул болсо – иш борборлору.

Менин оюмча, борборубуздун юбилейи шаарыбыздын абалын жана

келечегин ойлонууга түрткү болушу керек. Менин билишимче, азыр борбордун генпланы иштелип жатат. Бул план ыйык, четке кагылбас нерсе болушу керек, ошондо гана ал ишке ашырылат.

Албетте., Эркиндик, Жаш Гвардия бульварларынын реконструкциясы жүрүп жатканын баарыңар эле байкадыңар да, Бул ишти сөзсүз улантыш керек, эң негизгиси – аны концептуалдуу түрдө, башпланга ылайык жүргүзүш керек.

**(К. АСКЕРОВА. “Слово Кыргызстана” гезити, 23.05.2003)**

## ШААРДЫН ГЕНЕРАЛЬНЫЙ ПЛАНЫ КУШТУН КАНАТЫНДАЙ

**Урматтуу Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевич!**
**Урматтуу Бишкек шаарынын мэри Медетбек Темирбекович!**
**Кымбаттуу бишкектиктер!**

Биз, төмөндө кол койгондор, шаардын өнүгүшүнө бир топ эмгек жумшаган жана тагдырыбыз шаар менен чырмалышкан адамдар катары, шаар үчүн тагдыр чечүүчү мааниси бар жана тез арада чечилиши керек болгон суроолор менен силердин баарыңарга кайрылуубуз өзүбүздүн жарандык милдетибиз деп эсептейбиз.

Эң оболу бизди эмдигиче шаардын бекитилген Генпланынын жоктугу тынчсыздандырууда. Бишкектин акыркы Генпланы Москва шаар курулушунун Борбордук илимий изилдөө жана долборлоо институтунун (ЦНИИП) жетекчилиги менен иштелип чыгып, 1990-жылга 500 миң киши жана 13 миң гектар аянт деген эсеп менен Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан 1970-жылы бекитилген.

Кийинки 20 жыл ичинде (1971-1990-жж.) «Фрунзепроект» институту Москва архитектура институту менен бирдикте шаардын деталдуу пландаштыруу долбоорун жана шаар райондорунун курулушун пландаштырууга тиешелүү документтерди иштеп чыгышкан. Бул иштердин негизинде шаардын комплекстүү реконструкциясы жүргүзүлүп, бүтүндөй райондорду ээлеген эски курулуштар ("Заводской поселок", "Шанхай", "Черепки" ж.б.) түрттүрүлгөн.

Социомаданий объектилери жана инженердик коммуникациялары менен 4,5 млн. чарчы метр турак жай курулуп, шаардын негизги магистралдары реконструкцияланган.

Шаардын өнүгүшүнүн жогорку темптеринин натыйжасында, шаар тургундарынын саны Генпландагы эсептен 1980-жылы эле ашып кеткен. 1981-жылы жаңы Генпландын техникалык-экономикалык негизи (ТЭН) тезинен каралып чыксын деген чечим кабыл алынып, ал иштелип чыгып 1986-жылы бекитилген.

Бирок, белгилүү бир себептерден улам (СССРдин кулашы, экономикалык кризис), Генплан маселеси өзүнөн өзү күн тартибинен алынып калган.

Жалпы кризис аракеттеги Генпланга да өз таасирин тийгизген: практикада анын параметрлери одоно түрдө бузулуп жаткан: баарынан мурун территория, адам саны деген параметрлер. Натыйжада шаар өз чектеринен чыгып кетти. Шаар тегерегинде пайда болгон жаңы конуштар шаар курулушунун талаптарына жооп бербестен салынды жана салынып да жатат

жана жумшак айтканда борбор калаабыздын көрүнүшүнө төп келбей турат. Ошону менен бирге, алар эбегейсиз аймакты ээлөөдө.

Калктын чексиз өсүшү шаардын жашоосун бардык аспектиден: экономикалык да, социалдык да, маданий да жана тиричилик жаатында да оорлотту. 1999-жылдагы каттоо боюнча шаарда расмий түрдө 762,5 миң киши жашайт деп берилген. Чындыгында эксперттердин ар кандай баамдоолорунда шаарда 1 млн. 200 миңден ашык киши жашайт. Албетте, шаарда мынча киши үчүн турак жай жана жашоо муктаждыгын камсыздаган башка инфраструктуралар, ошондой эле эмгек ресурсуна туура келген жумуш орундары жок.

Бул тынчсыздандырган фактылар, баарынан мурун Бишкектин эгемендүү мамлекеттин борбору катары маанисинин жана ролунун түптамырынан бери өзгөрүшү, бүгүнкү чындыктарды чагылдырган жана шаардын бардык субъектилеринин иш-аракеттери үчүн негизги мыйзам боло турган жаңы Генпландын тез арада иштелип чыгышын талап кылууда.

Бул документтин өзгөчө маанисин эске алынып, бул план президент А.А.Акаевдин көзөмөлү астында иштелип чыгышы зарыл деп эсептейбиз.

Генпланды түзүүнү тээ түпкүрдөн – жакынкы жана келечек перспективаларда өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндөгү борборубуздун ордун жана маанисин белгилөөдөн башташ керек. Муну өлкөнүн өкмөтүнүн деңгээлинде гана ишке ашырса болот. Жакында болуп өткөн ректорлордун республикалык жыйналышында А. Акаев өлкөбүздүн мындан аркы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн концепциясы убакыттан озуп турган илимий-техникалык новацияларга таянышы керектигин өзгөчө белгилеп өттү. Болбосо такай кубалап жетүүгө умтулгандын кейпинде калып, илимий-техникалык прогресстин жолунда бараткандардын куйругу болуп жүрө беребиз.

Белгилүү болгондой, өлкөнүн негизги илимий-техникалык потенциалы Бишкек шаарында топтолгон. Андыктан, борборубуз бүтүндөй өлкөнүн инновациялык борбору катары дагы да сапаттуу деңгээлде кайра жанданып, илимди, долбоордук-конструктордук жана жайылтуучу борборлорду, о.э. илимий-техникалык ишмердүүлүк менен тыгыз байланышта болгон машине куруу секторун бириктириши керек. Борбор өлкөгө билим, тажрыйба, квалификация, ИТП кесипкөйлүгүн тартуулаш керек.

Бул, өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндөгү борборубуздун ордун жана маанисин белгилөөдө жөн гана башталыш чекит экени түшүнүктүү. Ага таянып өлкөнүн узак мөөнөттүү социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнүн перспективаларын деталдуу иштеп чыгыш керек. Бул нерсе өкмөттүн гана колунан келет.

Генпланды иштеп чыгуу иши өтө көпкө созулушунун объективдүү себептери бар. Алардын негизгилеринин бири – бул тармакта жогорку квалификациялуу тажрыйбалуу адистердин жетишсиздиги. Мындан мурунку Генплан кандайча түзүлгөнүн эстеп көрөлү. Ал, жогоруда айтылгандай, республиканын талабы менен, шаар курулушунун Борбордук илимий изилдөө жана долборлоо институту (ЦНИИП) тарабынан, Фрунзе жана Москванын бир канча тармактык институтунун катышуусу менен иштелип

чыккан. Ал эми, маалым болгондой, Казакстандын жаңы борбору – Астанын Генпланын иштеп чыгуу үчүн эл аралык конкурс жарыяланган.

Чет өлкөлүк ири чыгармачыл күчтөрдү чакыруу – оңой иш эмес экенин түшүнөбүз. Андыктан, республикабыздын Президентинин түздөн-түз катышуусу зарыл.

Бизди тынчсыздандырган дагы бир башка маселе – шаардын жалпы маданий көрүнүшү. Биз үйлөрдү кандай кармайбыз, кайкта жашайбыз, биз иштеген имарат, курулуштарды, негизи эле, шаардык чөйрөнү карап көрүңүздүрчү. Имарат, курулуштардын дээрлик көпчүлүгү каралган эмес жана жагымсыз көрүнүштө. Анан да алар сыртынан гана эмес, ичинен да ошондой абалда. Аларга жанашкан аймактардын кейпичи. Ачык асман астындагы уникалдуу скульптура музейи жана монументалдык эстеликтер да ушундай эле аянычтуу абалда.

Ооба, акыркы эки жыл ичинде шаардык бийлик шаар магистралдарын реконструкциялоо, шаардыктардын эс алуу жайларын жасалгалоо, соода жайларын тартипке келтирүү ж.б.у.с. боюнча активдүү иш-аракеттерди алып барууда. Эң негизгиси эми, шаардык чөйрөнү анын бардык курамы менен: (ар бир үй, мекеме, алардын тегереги, аянттар, көчөлөр, парктар ж.б.) жасалгалоо ишин такай жана ырааттуу түрдө алып баруу.

Бул жерде конкреттүү жеке жана юридикалык тараптар, шаардык чөйрөнү талапка ылайык сактоо үчүн, эмне кылганга милдеттүү экени так жазылышы керек. Балким, субъектилер тарабынан талаптын аткарылышын анын сакталышын көзөмөлдөө үчүн, ар бир имаратка жана курулушка паспорт чыгарылса максатка ылайык болор беле.

Совет доорунда калыптанган, бардык ишти бийлик башындагылар жасашы керек деген көндүм психологияга өзгөртүү киргизүү зарыл. Азыр бийлик бары- жоктун ээси эмес да. Көп нерсе жеке тараптардын менчигинде же акционердик коомдордун колунда.

Экономикалык чөйрөнүн дээрлик көпчүлүгү эми мамлекетке карабаган соң, борбор калаанын экономикалык субъекттери шаардын Генпланын иштеп чыгуу жана ишке ашырууга өзүнүн акчалай салымын кошуушу керек. Анткени, алар Бишкектин турмуш-тиричилигинин негизинде акча табууда. Балким, Бишкек өлкөнүн туристтик жана финансылык-банктык борбору экенин, анын кызматтары менен сырттан келген ишкерлер, туристтер жана шаар меймандары колдонуп жатканын эске алып, Бишкектин өнүгүүсүн колдоо (борбордун Генпланын ишке ашырууга жана шаардык чөйрөнү жасалгалоого көмөктөшүү) боюнча Эл аралык фонд түзсө туура болор эле.

Борборубуздун тагдыры баарыбызга тиешелүү. Демек,. эгемендүү Кыргызстандын борбору бизди кубантып туруусу үчүн,, бирге аракетибизди бириктирели!

**К. МОЛДОБАЕВ, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор; Т. САДЫКОВ, Кыргыз Республикасынын Көркөм-өнөр академиясынын ректору, СССРдин Эл сүрөтчүсү; Т. КОЙЧУЕВ, Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин алдындагы**

**Экономикалык жана социалдык реформалар борборунун директору, Кыргыз Республикасынын УИАнын академиги; С. ИСКАКОВ, «Кател» ЖЧКнун башкы директору; И. ФЕДОРОВ, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курулушчусу; А. ИСАЕВ, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген архитектору; Г. КУТАТЕЛАДЗЕ, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген архитектору.**

**("Слово Кыргызстана" гезити, 01.08.2003)**

# АЧЫК ТЕРЕЗЕЛҮҮ ҮЙ

**4-6-октябрда Бишкекте "Дүйнө цивилизациялары ичинде түрк цивилизациясынын орду жана ролу" аттуу экинчи эл аралык конгресс болуп өтөт. Бул конгресстин уюштуруучусу Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Түрк цивилизациясын изилдөө борбору.**

**"Түрк цивилизациясы үчүнчү миң жылдыктын босогосунда" аттуу экинчи конгресс төрт жыл мурун ушул күндөрү болуп өткөн.**

**Биздин маектешибиз "Манас" университетинин ректору, философия илимдеринин кандидаты Карыбек МОЛДОБАЕВ.**

**- Карыбек Молдобаевич сиздердин университетиңиздерде Түрк цивилизациясын изилдөө борборун куруунун жана бул багытта конгресстерди өткөрүүнүн кандай зарылдыктары бар эле?**

- Түрк цивилизациясы менен байланыштуу болгон тарыхый жана филологиялык изилдөөлөр бар. Бирок, түрк цивилизациясынын өзүн эч ким изилдеген эмес, ал тургай илимий термин катары илим дүйнөсүнө да кирген эмес.

Өзүн өзү баалабоо жана кемсинтүү оорусуна кабылбас үчүн биз бай тарыхыбыздын жана тегибиздин бар экенин сезишибиз жана билишибиз керек. Бул үчүн "түрк цивилизациясы" деген феномендин реалдуулугун далилдешибиз зарыл. Деги эле бардык цивилизациялар өздөрүндө төмөнкүдөй баалуулуктарды камтыйт: мамлекеттүүлүктүн, жазуу маданиятынын, шаар жана рухий маданияттын өнүгүшү, мына ушунун бардыгы түрк цивилизациясында VII-VIII кылымдардын аралыгында калыптанып бүткөн.

**- Биринчи конгресстен кийин бул сиздер кызыккан темага дүйнө илимпоздорунун көңүлүн бура алдыңыздарбы?**

- Ооба, биринчи конгресске, көбүнесе, Россия, Түркия жана Орто Азия мамлекеттеринен келген окумуштуулар катышкан болсо, ал эми боло турган экинчи конгресске Франция, Улуу Британия, АКШ, Германия, Япония, Израиль, Китай, Иран, Пакистан, Индия жана башка 32 өлкөдөн катышуучу келет.

**- Сиздин докладыңыз конгресстин негизги баяндамасы болуп эсептелет. Эмнелер жөнүндө кеп саласыз?**

- Эки полярдуу системанын кулашы менен дүйнөлүк тарыхтын авансценасында эки тенденция: ааламдашуу жана цивилизациялардын кайра жаралуусу өкүм сүрүп жатат.

Бир мезгилде бул эки багыттын келечеги жөнүндө айыгышкан талаштар жүрүп жатат. Дүйнөлүк илим коомчулугунун көңүл борборунда эки карама-

каршы көз караштар турат. Биринчисин америкалык тарыхчы Френсис Фукуяма сунуштап жатат. Аталган окумуштуу "Конец истории" аттуу эмгегинде коммунизмдин кулашы менен Батыш цивилизациясы үстөмдүк кылган доордун башталганын жазат. Ошону менен бирге ал адамзаттын эң жакшы жаратмандыгы катары түбөлүккө калат. Башка бир америкалык окумуштуу Семьюэл Хантингтондун илим дүйнөсүнө чуу салган "Конфликт цивилизаций" аттуу эмгегинде карама-каршы ой-пикир айтылган. Анын концепциясы боюнча дүйнөнүн цивилизациялуу көп түрдүүлүгү тарыхта болуп келгендей келечекте да болот. Ал эми алардын ортосунда күчтүү айырмачылыктар болгондуктан, араларында конфликттер болбой койбойт.

Кыскача айтканда, азыркы күндө цивилизациялар маселеси дүйнөлүк илим коомчулугунун, ошондой эле саясий чөйрөнүн көңүл борборундагы негизги маселелерден жана ошол эле убакта бул кыйынчылык менен чечилүүчү маселелер болуп эсептелет.

Ошондон улам, цивилизация кубулушун изилдөөдө бири бирин жокко чыгарган парадигмалар пайда болууда.

Менин оюмча ал парадигмаларды төмөнкүчө түшүндүрүүгө болот:

- Биринчиден, цивилизациялардын тагдырын аныктоо мүмкүн эмес, анткени алар көптөгөн белгисиздиктер мененкоштолгон;
- Экинчиден, алардын бүгүнкүсү жана келечеги адамзаттын тагдыры менен байланышкан.

Кадам сайын жолуккан турмуш чындыктары азыркы дүйнөнүн ааламдашуу жана цивилизациялардын кайра жаралуусу сыяктуу эки карама-каршы тенденциянын диалектикалык бүтүндүгүнөн турганын көргөзөт. Алар бир жагынан бири бирин толуктаса, бир жагынан араларында жашоо аймагы үчүн болгон туруктуу күрөш жүрүп жатат..

Ааламдашуу менен цивилизациялардын ортосундагы тең салмактуулукту сактоо XXI кылымдын тагдыр чечүүчү маселеси. Бул маселенин оң жакка чечилиши тарыхтын талабына татыктуу жооп болот. Буга барчу жол узак жана татаал.

Ушул тапта илим коомчулугунун көңүлү, негизинен, дүйнө түзүлүшүнүн геосаясий аспектисине багытталган. Албетте, бул кокустук эмес. Эки полярдуу системанын жок болушу "кандай система келип кириш керек? бир полярдуубу же эки полярдуубу?" деген суроону жаратты. Цивилизациялардын тагдыры жөнүндө түздөн-түз сөз болбосо да көмүскөдө ар дайым бул суроо жаңырып турат. Чындыгында, дүйнөнүн тагдыры цивилизациялардын тагдырынан бөлүнгүс. Ошондон улам, буларды эки башка бөлүп карабаш керек жана кароо да мүмкүн эмес. Себеби, дүйнө аркылдуулугу жана көп түрдүүлүгү менен кооз. Ал эми, дүйнөнүн аркылдуулугу цивилизациялардын орток өзгөчөлүктөрүнөн башка кайталангыс, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнүн болушу менен шартталат.

Ошону менен бирге, бул ар кылдуулук футурология салаасындагы авторитеттүү окумуштуу О. Тофлердин пикири боюнча прогресске тоскоолдук эмес, тескерисинче, таяныч болот. Ал төмөнкүлөрдү өзгөчө

белгилеген "...биз экономиканын "үчүнчү толкунуна" (бул термин аркылуу маалыматтык доорду белгилейт - К.М) канчалык жакындаган сайын, маданият ошончолук мааниге ээ болууда. Ушундан улам, бир расалык же улуттук маданият, бир эле дин же улут "үчүнчү толкун" экономикасы талап кылган жөндөмдүүлүктөрдүн бардыгына жооп бере албайт. Ар бир маданият, батыш, алжир, куба же корей маданияты болобу, бардыгы "үчүнчү толкунга" кылымдар бою калыптанып келе жаткан өздүк психологиясы, коомдук табияты менен багыт алат".

Эгер ушундай боло турган болсо, анда илим үчүн ааламдашуу доору талап кылган шарттарда конкреттүү маданият жана цивилизациядардын кандай жолдор жана механизмдер аркылуу жашай турганын изилдөөдөн артык милдет жок. Муну ишке ашыруудан мурун, бул же тигил маданият, цивилизациянын ал маданиятка, цивилизацияга тиешелүү адамдар жана башкалар үчүн эмнеси менен кымбат экенин аныктоо зарыл. Маалыматтык төңкөрүш доорунун талаптарына ылайык, алардын жооп катарында кайра жаралуусу үчүн кандай шарттар бар.

**- Бирок, баарынан мурун цивилизациялардын кайра жаралуусу жана сакталышы үчүн эң негизги шарт ааламдашуунун гумандашуусу эмеспи?**

- Ооба. Ансыз күч алып бара жаткан массалык маданияттын үстөмдүгүнүн жана экономикалык атаандашуунун жыйынтыгы катары дүйнөнүн ар кыл аймагында пайда болгон маргиналдашуу тенденциясы кайтарылгыс мүнөз алып өсөт.

Бул же тигил цивилизациянын, анын ичинде түрк цивилизациясынын азыркы абалы жана келечеги жөнүндө сөз болгондо, биздин көз карашыбызда, анын жашап кетиши жана кайра жаралуусу үчүн керек болгон ички жана тышкы шарттарга көңүл бөлүүбүз абзел. Эгер түрк цивилизациясынын ички өбөлгөлөрү жөнүндө кеп салсак, анда ички оңтойдун жакшы абалда экенин ишенимдүү айта алабыз. Себеби, биринчиден, түрк элдери кылымдар бою созулган тарыхында көптөгөн коомдук катаклизмдерди башынан өткөрүп, өздөрүнүн цивилизациялык иденттүүлүгүн сактап гана калбастан андан ары чыңдашкан. Бул алардын генетикалык кодуна айланган. Натыйжада, сырттан кирген терс таасирлерге болгон туруктуулугу өтө жогору.

Экинчиден, совет империясынын тарых сахнасынан сүрүлүп чыгышы менен түп-тамырынан өзгөрүлгөн геосаясий абал учурунда бөлүктөргө ажыраган бүтүн түрк цивилизациясын бириктирүү келечегин ачты.

Үчүнчүдөн, түрк цивилизациясы өзгөчө тарыхый шарттардан улам башка цивилизациялардын жаңылыктарын тез кабыл алат. Ошол эле учурда, бул жаңылыктарды механикалык түрдө болгонун болгондой эмес, өз баалуулуктарынын призмасы аркылуу өткөзүп кабыл алат.

Ал эми түрк цивилизациясынын уланышы жана кайра жаралуусунун тышкы шарттарына келе турган болсок, ал жогоруда айтылгандай түздөн-түз ааламдашуунун гумандашуусуна байланыштуу.

Жасалган анализдер цивилизациялардын кайра жаралуусунун жүрүп

жатканын, бир жагынан цивилизациялардын кайра өзүнө кайрылуусунун, ошол эле учурда жаңылануусунун болуп жатканын көргөзөт.

**- Сиздин пикириңизче дүйнөлүк сценада түрк цивилизациясынын кайра өзүнө кайтуусунун жана жаңылануусунун өрнөгү барбы?**

- Албетте, Түркия Республикасы. Ататүрк башында турган революциялык жаңылануу учурунда эң алгач улуттук маданий кыртышты империялык мурастан тазалоо жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, теократиялык империя улуттук светтик мамлекетке айланды, империянын расмий тили болгон осмон тили түрк тилине орун бошотту. Бардык тармактарда ушундай өзгөрүүлөр жүргөн.

Бирок, бул өзүнө кайрылуу өткөнгө чегинүү эмес, улуттун жаратман күчүн бардык эски, иши бүткөн нерселерден арылтуу менен келечекке багытталган кадам болгон. Бул иш-аракеттердин канчалык деңгээлде туура болгонун убакыт көргөздү. Түркия Республикасы сөздүн түз да, өтмө да маанисинде күлдөн көтөрүлүп чыккан Феникс кушуна окшош. Бүгүн бул өлкө убакыт менен тең өскөн өлкөлөрдүн алдыңкы катарында.

Азыркы тапта Борбордук Азия жана Кавказдагы жаш түрк мамлекеттери да так ушундай цивилизациялык кайра жаралуу процесстерин башынан өткөзүп жатат. Бардык эле терең өзгөрүүлөр сыяктуу бул жараяндар өзүн өзү таанууга жана ааламдашкан дүйнөдө өз ордун аныктоого багытталган оор изденүүлөр түрүндө жүрүп жатат.

Өзүн өзү аныктоо, табуу иш-аракети эки себептен улам оордошууда. Биринчиси, улуттук цивилизациялык баалуулуктардагы Совет доорунан калган жаралар. Коммунисттик доктрина аларды бир бүтүндүн бөлүктөрү катары эмес, бири бирине көз каранды болбогон антагонисттик, башкача айтканда, карама-каршы элементтердин конгломераты, жыйындысы катары караган. Коммунисттик идеологиянын темир чеңгелине туура келбеген баалуулуктардын бардыгы ырайымсыздык менен түп-тамырынан жок кылынган.

Ушундан улам, кайрадан көз карандысыз мамлекеттүүлүккө жеткен түрк республикаларынын калкы өздөрүн кайрадан ачууга, цивилизациялык иденттүүлүгүн аныктоого аргасыз болушту. Бирок, бул өзүн ачуу өткөндү кайталоо үчүн эмес, бүгүнкүсүн жана келечегин билиш үчүн. Бул болсо, элдердин кылымдарга созулган тарыхында топтолгон улуттук баалуулуктарга учурдун талабына ылайык сын көз караш менен кароону талап кылат.

Тилекке каршы, жасала келгенде бардыгы ойдогудай ишке ашпай келет. Айрым учурда өзүн актап бүткөн бир баалуулуктун туткуну болуп калган учурларыбыз бар.

**- Кыргызстанды алсак, кандай мисал бере аласыз?**

- Мисалы, урууларга бөлүнүү. Бүгүн бул көрүнүш Совет мезгилине караганда да аябай күч алды.Бул жерде бийлик муну менен ойнобошу керек эле. Бирок, бийлик элди алаксытыш үчүн уруулук бөлүнүү менен ойноп жатат.

Түрк цивилизациясынын келечеги бардык эле цивилизациялардыкы сыяктуу ааламдашууга жана башталган жакшы көрүнүштөрдү канчалык деңгээлде чыгармачылык менен ишке ашыраарына байланыштуу. Биринчи

иретте булардын башында демократиянын, базар экономикасынын механизмдери жана албетте, маалымат технологиялары турарынан кеп болуп жатат..

Эгер сактоо жана өркүндөтүү багытында кечиктирилгис натыйжалуу чаралар көрүлбөсө ааламдашуунун күчтүү толкундарынын цивилизациялык баалуулуктарды жууп кетүү коркунучу бар. Бүгүн улуу ойчул Махатма Гандинин: "Мен үйүмдүн бардык терезелеринин бекем жабык болушун каалабайм. Тескерисинче, менин үйүмдүн ар кыл элдердин маданияттары менен желденип турушун каалайм. Бирок, ошол эле учурда, алардын бирөөсүнүн толкуну менин маданиятымды түп-орду менен жулуп алышына эч жол бербейм"-деген эскертүүсү болуп көрбөгөндөй олуттуу:

Белгилүү болгондой, цивилизациялык баалуулуктар эки топко бөлүнөт. Биринчиси, өтүп кеткен күндөрдүн эстеликтери. Түрк цивилизациясынын улуу архитектуралык эстеликтери, коло доорунун уникалдуу табылгалары бар. Бул баасы ченемсиз реликвияларды консервациялоо жолу менен сактоо керек.

Экинчи топко азыркы жашап жаткан, тирүү баалуулуктар кирет. Кыргыз улутунун генетикалык кодуна толеранттуулук, башка элдердин маданиятына ачыктык жана кыйынчылыктарды жеңе билүү жөндөмдүүлүгү киргизилген. Бул баалуулуктарды мезгилдин талабына ылайык жандандыруу жана өнүктүрүү жолу менен гана сактоо мүмкүн. Белгилүү болгондой, кайсы бир мезгилде абдан өнүккөн цивилизациялардын тарых сахнасынан чыгарылганы маалым. Алардын бир азы гана бардык сыноолордон, тарыхтын чоң өзгөрүүлөрүнөн аман өтүп, жашоосун өнүктүрүп жатат. Бул жашоого чыдамдуу цивилизациялардын арасында түрк цивилизациясы да бар. Ааламдашуу доорунун келиши менен башка цивилизациялардай эле түрк цивилизациясы да тарыхтын жаңы чакырыгына бетме-бет келди. Түрк цивилизациясынын келечеги анын бул чакырыкка берген жообуна байланыштуу.

**(К. АСКЕРОВА. "Слово Кыргызстана" гезити, 17.09.2004)**

## «АЙГАЙГАК ТАЛААСЫ» ӨКСҮК КОМПЛЕКСИ ЖЕ УЛУТТУК КОНСОЛИДАЦИЯ БОЮНЧА ОЙЛОР

**Кандай аталса да (революция же төңкөрүш) өлкөдө болуп өткөн окуялар, бардык тармактарда, саясатта, экономикада жана коомдо олуттуу өзгөрүүлөрдүн жүргүзүлүшү керек экенин көргөзүп турат. Азыркы учурдагы башкы маселе мезгилдин чакырыгына адекваттуу жооп табуу. Бирок, буга бирдиктүү, ынтымактуу жана күчтүү улут гана жөндөмдүү. А биз болсо бириктирүүнүн ордуна чачып жатабыз. Мындай абал мынчалык узун сүрбөшү керек. Улут тагдыры үчүн өлүмгө алып келе турган жана "такалуучулук" деп аталган вирусту эртерээк жок кылуу зарыл. Такалып туруп калуучулук- түпкүлүктүү, жалпы элдик кызыкчылыктарды коротуу менен, утурумдук жеке кызыкчылыгын көздөп, жердешчилик, уруучулук талаага такалуу.**

**Кызыгы, бул кубулуш элдик акылмандык тарабынан эчак эле ачыкка коюлуп табаланган.**

Тээ жаш кезде мен Тянь-Шань тоосунун бир ашуусунда жалгыз жайгашкан Сары-Камыш айылында болгом. Ал жерде мен Айгайгак аттуу талааны көргөм, эң негизгиси, ал жөнүндөгү уламышты угуп, эсимден эмдигиче чыгара элекмин. Бул талаанын өзгөчөлүгү ошол аймактын жалгыз түз жери. Аянты өтө деле чоң эмес. Бул жерге бир короо койду гана жаюу мүмкүн .

Бул уламышта башка дүйнөдөн жолсуз жана бийик тоолор менен бөлүнгөн бул айылдын жашоосундагы сейрек окуя айтылат. Бир жолу бул айылга чоочун саякатчылар келет. Таанышуудан кийин алар өздөрү, саякаттарынын багыты, канчалык көп жерлерди басып өткөндөрү, эми каякка жол тартары жөнүндө баяндап беришет. Ошондо айыл тургундарынын ичинен бир өткүр жигит мындай деп сурайт: силер айткан жерлердин ичинде биздин Айгайгактан өткөн чоң жана кооз талаа барбы? Бул уламыш бүгүнкү күндө да актуалдуу. Так ушул өзүнүн жери, өзүнүн "Айгайгак талаасы" менен чектелүүлүүчүлүк биздин улуттук бүтүндүгүбүздү камсыз кыла турган табигый байланыштарды үзүп жатат.

Бүгүн, улут кезектеги президенттик шайлоонун алдында гана эмес, өзүнүн мындан кийинки өнүгүү жолун аныктоо алдында турганда, биз "Айгайгак талаасы" өксүктүк оорусунун улуттук консолидация үчүн канчалык зыян экендигин сезишибиз керек. Улуттук консолидациясыз өлкөнү өнүктүрүү жолунда кыйынчылыктардан ашып өтүп мамлекетти жаңылап куруу мүмкүн эмес..

Айта кетчү нерсе, бул жерде улут термини, салттык совет түшүнүгүндөй,

бул же тигил этникалык топту эмес, азыркы учурдагы бардык цивилизациялуу дүйнөдө кабыл алынган маанисинде, тагыраак айтканда, өлкөдө жашаган бардык элди, өлкө атуулдарынын бардыгын билдирген маанисинде колдонулууда.

Эгер ушундай боло турган болсо, биздин улуттук көп түрдүүлүгүбүз (себеби өлкөбүздө 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашап жана эмгектенип жатат) – биздин маанилүү байлыгыбыз жана артыкчылыгыбыз. Ушундай эле сөздү этникалык көп түрдүүлүгүбүзгө карата да айтуу мүмкүн. Туура, бул жерде көп түрдүүлүк билинер билинмексен. Бирок, көп түрдүүлүк бар. Мисалы, кеп түштүк жана түндүк кыргыздары тууралуу болуп жатат.

Бирок, булар алардын консолидация болушуна тоскоолдук жаратпайт. Тескерисинче, бирин-бири тартуу, толуктоо жаңа байытуу үчүн фактор болуп берет. Натыйжада, консолидация процессине оң таасирин тийгизет.

Албетте, улуттук консолидациянын деңгээли экономикалык интеграциянын деңгээлине жана коммуникативдик, маданий байланыштын тыгыздыгына абдан көз каранды. Бул болсо, бир саатта ишке аша турган иш эмес. Мунун чечилишинин ачкычы табигый жана адамдык ресурсту эске алуу менен өндүрүштү республиканын аймактарына тең салмакта жайгаштырууда жатат.

Белгилей кетчү нерсе, мындай программа совет доорунда эле түзүлгөн. Бүгүн болсо бул программаны азыркы учурдун шарттарын эске алуу менен кайрадан иштеп чыгуу керек.

Ал эми, кечиктирилбестен аткарылышы керек маселе- бул улуттук консолидациянын саясий багытын жолго коюу. Анын өзөгүндө мамлекеттин кадр саясаты жатат. Бул маселе көз карандысыздыктын биринчи күнүнөн бери турат. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Белгилүү болгондой, совет доорунда республикадагы бардык маанилүү кызматтар Москва тарабынан тандалып коюлчу. Эл болсо кадрдык дайындоолорго эч катышчу эмес. Бүгүн болсо эл, өлкөнүн ээси катары кандай ыкмалар жана талаптардын негизинде кадрлардын дайындалганын билгиси келет жана билүүгө да укуктуу. Кадрдык дайындоолордогу ачыктык жана айкындуулук бийликке болгон ишенимдин негизги шарты.

Тилекке каршы, мурунку бийлик өлкөнүн региондору арасындагы тең салмактуулукту сактаган кадрдык концепцияны иштеп чыгып, мунун негизинде жаңы типтеги кадрларды даярдоого багытталган максаттуу иш-аракетти жүргүзө алган жок. Буга барынан мурда үй-бүлөлүк негизге такалуучулук себеп болду. Мындай жөрөлгөдө, албетте, биринчи орунга жалпы мамлекеттик эмес, жеке кызыкчылыктар чыгат.

Биздин оюбузча, көптөгөн карама-каршы пикирлерди жаратып, ансыз деле толкуп турган коомдук абалды курчуткан бул маселенин олуттуулугун эске алуу менен тезинен элдин талабына жооп берерлик кадрдык саясаттын принциптерин иштеп чыгуу жана жарыялоо зарыл эле.

Мен кайсы бир киши кандайдыр бир маанилүү кызматка коюлганда, элдин азыркыдай болуп анын уруусуна, жерине эмес, анын кызматка жарай турганына, чыгармачылык потенциалына кызыккан мезгилди кыялданам. Түрдүү региондордун кызыкчылыгынын тең салмактуулугу жөнүндө сөз

болгондо, региондор боюнча аткаминерлердин саны эмес, ар бир региондон таланттуу кадрларды өстүрүп чыгуу эске алыныш керек. Улуттук кызыкчылыктарды сезүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, таланттуу кадрлар гана региондор арасындагы адамдык көпүрө боло алат.

Мына ушунда эсиме совет мезгилиндеги кадрдык дайындоолор келет. Ал мезгилде, айрым гана учурларды эске албасак, область башына башка областтан чыккан адамдар коюлчу. Бул жагдай өзүн толук актачу. Бүгүн, улуттук консолидация маселеси кырынан коюлган мезгилде бул ыкманы колдонуу керек.

Кадрдык саясат, башка саясаттардай эле, баарынан мурда өзүнүн умтулушунда кайсы маселени чечиши керек болсо, ошол багытта жүргүзүлүшү зарыл. Азыркы учурда, менин оюмча, эң негизги маселе улуттук консолидацияга кызмат кылуу.

Биз, адам кайсы чөйрөдө иштебесин, кандай кызматты ээлебесин таланттын, жаратмандыктын, адеп-ахлактын тазалыгынын культун жаратышыбыз керек. Биздин урааныбыз мына бул принцип болуш керек: ар бир таланттуу кадр, ар бир таланттуу жетекчи – улуттун байлыгы. Ооба, бул ойлор жаңы эмес. Бирок, биздин замандын драмасы бул принципти эч ким жокко чыгарбайт, ошол эле мезгилде эч ким аткарбайт.

Аргасыздан акылга Аристотелдин “белгилүү аз кишиге гана белгилүү” деген парадоксалдуу ою келет. Бул ойдун маңызы мында. Кандай гана керектүү же маанилүү болбосун ар бир идея качан гана керек болгондо адамдардын акылына келет. Бүгүн адамдардын акылын башка кызыкчылыктар ээлеген окшойт. Менин оюмча, адамдар шарттардын продуктусу дегендер туура окшойт. Бүгүнкү реалдуулук, жумшартып айтканда, бийик баалуулуктарды өтө деле жактырбайт окшойт.

Ушундан улам, көпчүлүгүбүз утурумдук, майда, ал тургай, эфемердик кызыкчылыктарга такалып калуудабыз. Бул оору жакында болуп өткөн Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодо толук көрүндү. Бул шайлоодо депутаттыкка талапкерлердин көпчүлүгү шайлоочулардын адамдык касиетин тепселөө менен добушун бир мүшөк картошкага, жарым мүшөк унга ж.б.у.с. сатып алышты.

Бирок, булардын бардыгына карабастан пессимизмге алдыруу да кечиримсиз.

Себеби, шарттар гана адамды жаратпайт, кезегинде, адамдардын өздөрү шарттардын жаратуучусу болот.

Кыргыз эли – бардык жаңылыктарга, прогрессивдүү өзгөрүүлөргө ачык, билимдүү, жетишээрлик жаратман күчкө ээ, байыркы эл. Ушундан улам, өзүнүн өксүктөрүн жеңип, улуттук консолидация жолуна түшөт деген ишенимим чоң. Антпесе, жакшы жана цивилизациялуу жашоого жетүү мүмкүн эмес.

Мына ушул багытта республикада өтө турган президенттик шайлоонун бир бурулуш мезгил болушун каалайт элем. Бүгүн гезит беттери, теле жана радиолор ар түрдүү, ал тургай бир жактуу божомолдорго толгон. Албетте, алардын божомолдорунда өздөрүн пиар кылуу максаты да бар. Бирок, биз

үчүн эң негизгиси – боло турган шайлоолордун улут биримдигин камсыз кыла турган өзгөчөлүктөрүн алып чыгып, бардык күчүбүз менен андан ары өнүктүрүп кетүү. Мына ушул жагдайда шайлоо алдындагы эки маанилүү фигуранын, К. С. Бакиев менен Ф. Ш. Куловдун тутуму чечүүчү мааниге ээ. Көпчүлүк эл үмүттөрүн мына ушул эки кишиге байланыштырышкан. Ушундан улам, аларда улуттук биримдиктин бекем пайдубалын куюу мүмкүнчүлүктөрү бар жана ал пайдубалды куруу боюнча бир пикирге келишет деп ишенебиз.

**(К. МОЛДОБАЕВ, профессор, КТМУнун ректору.**
**«Слово Кыргызстана» гезити, 20.05.2005)**

# КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ: КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН РЕПУТАЦИЯСЫ ТАЗА

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биринчи “тоголок” юбилейи. Университетке 10 жыл толду. Жашы бардык өлчөмдөр боюнча балалык. Бирок, көз карандысыз Кыргызстандын эң алдыңкы университеттеринин катарына тез кошулуу менен университет республиканын билим берүү жана илим айдыңында олуттуу абройго ээ болду.**

**Юбилейдин алдында университеттин ректору, философия илимдеринин кандидаты , профессор Карыбек Молдобаев менен маектештик.**

**- Карыбек Молдобаевич, Кыргыз-Түрк «Манас» университети кантип жана кандай себептер менен курулду?**

- Бишкекте Кыргыз-Түрк «Манас» университетин куруу идеясы ошол мезгилдеги өлкө башчылары Аскар Акаев менен Сулейман Демирелдин жолугушуусу учурунда пайда болду. Бирок, идеянын ишке ашышы эки жылга созулду. Мени жаңы курулган университетке ректор кылышканда эч нерсе: имарат да, кадрлар да жок эле. Бардыгын башынан куруу керек болду.

Барынан мурда келечектеги окуу жай үчүн ылайыктуу имарат табуу керек болду. Биз жылуулук системасы өчүрүлгөн, суу түтүктөрү жана канализациясы жок, чатыры такыр эле жыртылган, талкаланган имаратты таптык. Мына ушундай шартта биздин университетти кура баштадык.

Башынан заманбап батыш стандарттарына жооп бере турган университет куруу максатын коюп алганыбыз да абалдын курчушуна себеп болду. Бир жагынан аябагандай оорчулуктар болду. Экинчи жагынан бардыгын таза барактан баштаганыбыз артыкчылык болду. Себеби айрым стереотиптерге кабылган жокпуз.

**- Бирок, Сиздин бул багытта эч тажрыйбаңыз жок эле да?**

- Бул туура. Ошондуктан, биз университетибиздин концепциясы үстүндө көпкө иштедик. Ошол мезгилде, эсиңизде болсо керек Кыргызстандын билим берүү тармагында өзүнчө бир бум болуп жаткан. Жогорку окуу жайлардын саны болуп көрбөгөндөй өсүп жаткан. Бирок, басымдуу көпчүлүгүндө талапка жооп берген материалдык-техникалык база, академиялык кадрлар болгон эмес. Алгач, университетибиздин моделин аныктадык. Өнүккөн батыш өлкөлөрүнүн ЖОЖдорунун моделин алууну чечтик. Бул окутуу прогограммасына, башкаруу моделине жана материалдык-техникалык камсыздалышына да тиешелүү.

Бүгүнкү күндө Евробиримдиктин бардык мүчө өлкөлөрү билим берүү стандарттарынын кандай болушу керектиги боюнча бир пикирге келишти.

**- Университетиңиздерде окутуу процессин уюштуруудагы эң негизги максат эмне?**

- Негизги көңүлдү кредит-саат системасы боюнча окутууга коюп жатабыз. Айта кетчү нерсе, бул азыр абдан мода болуп кетти. Биздин бардык университеттерибиз батыш кредит-саат системасында окутуу жүргүзүп жатышканын жарыялап жатышат. Бирок, көпчүлүк учурда үстүртөдөн иш жүргүзүлүп жатат. Батыш стандарттарында кредит саат деп аталган аудиториялык иштерге окутуу убактысынын үчтөн бири, студенттин өз алдынча иштөөсүнө үчтөн экиси бөлүнөт. Студент көпчүлүк убактысын өз алдынча талап кылынган билимди алууга жумшашы зарыл. Бул өтө оор тапшырма. Бирок, эң натыйжалуу жол. Себеби, адамдын өзүнүн күчтүү аракети менен жеткен билиминен өткөн ишенимдүү жана бекем билим жок.

Студенттин өз алдынча билим алышы үчүн сөзсүз түрдө үч шарт болуш керек. Биринчиси, жогорку деңгээлдеги жана сапаттагы окутуучулар. Эгер окутуучу өзү жаратман, таланттуу инсан болбосо кантип студенттерине бул сапаттарды үйрөтө алат. Окутуучулар көпчүлүгү илимий жаңылыктардан кабардар болбостон бир топ жыл мурун жазылган лекцияларын окушары белгилүү. Ошондуктан, биринчи талап чыгармачыл, изденүүчү окутуучуларга ээ болушубуз зарыл.

Экинчи шарт –студенттердин өздөрүнүн деңгээли жана сапаты. Бардык студенттердин чыгармачыл сапатка, өз алдынча тыкыр изилдөө ишин жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө ээ экенин айта албайбыз. Биздин милдетибиз абитуриенттерди тандоо учурунда эң жакшыларын алууга, аларга киреше булагы эмес, билим алуучу субьект катары карашыбыз керек.

Үчүнчү маанилүү шарт – ЖОЖдо талапка жооп берерлик материалдык-техникалык база болуш керек. Студент өз алдынча билим алышы үчүн эң акыркы үлгүдөгү жабдыктар менен жабдылган лабораториялар, талапка ылайык китепкана жана албетте, натыйжалуу өндүрүштүк практика жүргүзүү үчүн керектүү шарттар зарыл.

**- Университетиңиздер ушул шарттарды канчалык деңгээлде аткарган?**

Биздин университет материалдык - техникалык база жагынан талапка толук жооп берет дкп айта алам.. Бизде физикалык, химиялык, микробиологиялык, тамак-аш инженериясы жана албетте, компьютердик лабораториялар иштейт. Бардыгы эң акыркы үлгүдөгү приборлор менен жабдылган. Жабдыктардын көбү АКШ жана Германиядан алынып келген.

Китепканабыздын фонду орус, кыргыз, түрк, англис жана немец тилдериндеги китептерден турат. Биздин окутуу имараттарыбыз, жатаканаларыбыз батыш стандарттарында салынган. Айта кетчү нерсе, эски аэропорттун аймагындагы имараттарыбыз архитектуралык жасалгаланышы жана ишке ашырылышы боюнча бир канча эл аралык конкурстардасыйлыктарга ээ болду.

Биздин университеттин кампусун куруу - бул аябай кымбат долбоор экенин айта кетүү керек. Сметалык баасы 231 млн. АКШ долларын түзөт. Бүгүнкү күнгө чейин эки негизги корпус, сырттан келген окутуучулар үчүн үй, жатакана, стадион жана типография сыяктуу обьектилер курулуп бүттү.

Кампус жалпы жонунан 85 гектар жерге курулат.

Талапка ылайыктуу материалдык - техникалык базага ээ болбой туруп, кабыл алуу жүргүзбөйбүз жана жаңы адистиктер боюнча студенттерди даярдабайбыз.

Академиялык кадрларга келе турган болсок, бизде республикада эң алдыңкылар чогулган. Биринчиден, биздеги шарт башка, көпчүлүк ЖОЖдор менен салыштырууга болбой тургандай мыкты. Экинчиден, айлык акы өлкөдөгү эң жогоркулардан.

Окутуу программасына келсек, ал башынан батыш стандарттарына негизделген. Шарттар жөнүндөгү кепти толукташ үчүн эми технопарк куруу боюнча даярдык этабын бүтүргөнүбүздү белгилегим келет. Бирөөсү программалык продукция чыгарууга арналса, экинчиси тамак-аш инженериясына, жөнөкөй айтканда, айыл-чарба продукциясын кайра иштетүүгө арналган.

**- Бул технопарк кандай максатта, кандай милдеттерди аткаруу үчүн курула турганын айта кетесизби?**

- Технопарктын биринчи милдети белгилүү бир илимий долбоорлорду өндүрүштүк технологияга айлантуу. Экинчиси, дүйнөдөгү жаңы технологияларды өлкөбүздүн шартына ыңгайлаштыруу.

Технопаркта чыгармачыл кызматташтыкта биздин окумуштуулар, студенттер ошондой эле кызыкдар фирмалардын өкүлдөрү иштешет.

Биз технопаркты Түркиядагы америкалыктар тарабынан салынган Орто Чыгыш Техникалык университетинин технопаркынын үлгүсүндө куруп жатабыз. Бул университет америкалык типтеги университет жана окутуу тили англисче. Бир аз мурда биздин технопарк менен кыматташкысы келген бир канча фирманын жетекчилери келип кетишти. Алар биздин бул багытта жасаган иштерибизге колдоо менен мамиле кылышты. Бүгүн эң негизги маселе технопарктар боюнча мыйзамдын кабыл алынышы. Долбоорун биз даярдадык. Эми калган иш тиешелүү министрликтерде калды. Өлкөбүздүн Финансы министри А. Жапаров менен Өнөр жай, соода жана туризм министри А. Атамбаев келе турган жылы өкмөт аркылуу Жогорку Кеңештин кароосуна кое тургандыктарын белгилешти.

Белгилей кетчү нерсе, бул мыйзамдын кабыл алынышын биз гана эмес Түркиянын көптөгөн фирмалары күтүп жатат. Алар биз менен кызматташууга абдан кызыкдар. Себеби, Кыргызстан аркылуу Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнүн базарына киргилери келип жатат.

Биз бул долбоорду ишке ашырып алсак, адистерди даярдоодо өтө чоң алга жылуу менен бирге өлкөнүн экономикасына олуттуу салым кошо алабыз.

**- Карыбек Молдобаевич, мага сиздин сыймыгыңыз өзүңүз тарабынан түзүлгөн жана жетектелген Түрк цивилизациясын изилдөө борбору деп айтышты эле.**

- Чындыгында да ушундай. Борбор менин чыгармам. Ал гана эмес, «түрк цивилизациясы» түшүнүгүн илимий колдонууга биз кийиргенбиз. Бул маселеге арналган эки Эл аралык конгресс өткөрдүк. Экинчи конгресс өткөн жылы 30 өлкөдөн келген 100 чакты окумуштуулардын катышуусу менен өттү. Көпчүлүгү батыш өлкөлөрүнөн келди. Конгресстин резолюциясында

"түрк цивилизациясынын" илимий категория экендиги белгиленип, расмий илимий колдонууга киргизилиши жана ушундай жол менен тарыхый адилеттүүлүктү калыбына келтирүү сунушталды.

Университеттин 10 жылдык юбилейине карата "Ааламдашуу жана түрк цивилизациясы" аттуу эл аралык симпозиум өткөрөбүз. Бүгүнкүгө чейин 20 өлкөдөн катышууну каалаган адамдардан өтүнүч – кат келип калды.

Негизи мен университеттер илимсиз, илимий изилдөөлөрсүз мезгилдин талабына жооп бере албай турганына терең ишенем. Илимий иштер өз орбитасына жогорку потенциалга ээ окутуучулар менен студенттерди тартышы менен баалуу. Илимий изилдөө жүргүзбөгөн окутуучу чыгармачыл боло албайт жана келечектин чыгармачыл адистерин тарбиялай албайт.

**- Сиздин айткандарыңыздын бардыгы кызыктуу жана каршы пикир айтуу мүмкүн эмес. Бирок, ЖОЖдун сапатынын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири анын бүтүрүүчүлөрүнө болгон суроо-талап эмеспи. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде бул багытта абал кандай?**

- Эң жакшысы сандарды караш керек. Жакында, Билим күнүндө жасаган докладында президент К. Бакиев өлкө боюнча университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн 10 пайызы гана жумушка орношорун белгиледи.

Биз ар бир бүтүрүүчүбүз боюнча/кылдат эсеп кылабыз. Жыл сайын бүтүрүүчүлөрүбүздүн 85-90 пайызы иш менен, болгондо да биринчи эле жылда камсыз боло алышат. Бул жалпыланган көрсөткүч биздин университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн сапатын көргөзүп турат. Негизгиси,-бул биз даярдаган адистерге болгон суроо-талап чоң.

**- Мага белгилүү болгондой, көптөгөн потенциалдуу абитуриенттерди университетиңиздерде окутуу тилинин кыргызча жана түркчө болушу үркүтөт. Мүмкүн бул илимге жөндөмдүү жаштар менен университетиңердин ортосундагы тоскоол болуп жүрбөсүн. Сизди бул ойлондурбайбы?**

- Биринчиден, билим алуу үчүн жетишээрлик деңгээлде кыргыз жана түрк тилдерин үйрөтө турган бир жылдык даярдоо курсу бар. Экинчиден, үч факультетте англисче окутууну кийирдик. Бүгүн орто мектепти бүтүргөндөрдүн арасында англисчени жакшы билгендердин саны арбын. Ошондой эле, жакында бул тилди үйрөтө турган курстарды ачтык. Айтмакчы, белгилей кетчү нерсе, бардык "иши илгерилеген" деп биз атап коюуучу мыкты студенттер англисче окугулары келет.

**- Сиздердин университетке тапшыргысы келгендерди бир жылдык окуу акысы кызыктырат болуу керек?**

- Эч кандай акы жок. Биз студенттен акча алмак турсун, стипендия төлөйбүз. Болгондо, да башка университеттерге караганда өтө жакшы. Бизде орточо стипендия 700 сом болсо, миң сомдон ашык алгандары да бар. Ал эми, «иши илгерилеп» өтө жакшы окугандар айына үч миң сом алат. Албетте, мындай студенттердин саны аз, жалпы атмосфера түзүлбөсө да бирок, башкаларга үлгү боло алат.

Бул мыйзам ченемдүү деп ойлойм. Айталык, биздин учурда лениндик стипендианттар деген болгон. Мындай стипендианттар бир гана ЖОЖдо

эмес, бүтүн республикада саналуу гана болчу. Бирок, мындай стипендиянын болушу көптөгөн студенттерге, ага жетүү үчүн аракеттендирген стимул, бир максат болчу.

**- Карыбек Молдобаевич, республиканын партиялык иштериндеги көп жылдык чогуу кызматташтыгыбыздан улам сизди таза репутациялуу, терең тартиптүү киши катары жакшы билем. Ошентсе да сурабай кое албайм. Тилекке каршы, реалдуулук ошондой, ЖОЖдордо кабыл алуу сынактары абитуриенттердин билимин эмес, ата-энелеринин капчыктарынын жана таасирдүү тааныштарынын конкурсуна айланып кетет. Кабыл алуу сынактарынын учурунда республиканын ЖОЖдорунда коррупция атасын тааныбай калат. Бул абал университетиңиздерде кандай?**

- Сиз айткан баш оорусунан алыс болгондугум үчүн өзүмдү бактылуумун деп эсептейм. Биз студенттерди биринчиден, жалпы республикалык тестирлөөнүн, экинчиден, өзүбүздүн университетке тапшыруу сынагынын учурунда компьютердик тестирлөө менен кабыл алабыз. Абитуриент тирүү сынакчы менен эмес, компьютер менен иш алып барат. Тестирлөөнүн жыйынтыгы ошол эле күнү чыгат.

Ачык айтайын, кабыл алуу сынактары жүрүп жаткан күндөрү мага Жогорку Кеңештин депутаттары, министрлер, Президенттик администрация менен Өкмөт аппаратынын жооптуу кызматкерлери кайрылып тигил же бул тууганынын же таанышынын баласын окууга өткөзүп коюуну суранат. Мындай учурларда мени менен сүйлөшүү мүмкүн эмес экенин кесе айтам. Эгер компьютер менен сүйлөшө алышса, андан балдарына көңүл буруп коюуну сурана алышса, анда аракет кылып көрүшсүн.

Бул бир жагы. Экинчи жагы бизде толугу менен ачык башкаруу. Эң жогорку орган болуп Камкорчулар тобу эсептелет. Ректор катары мен ал топко кирбейм. Бул топтун укуктарына ректорду шайлоо, бюджетти бекитүү, ректораттын жана университеттин ишине баа берүү кирет. Мындан башка башкаруу кеңеши, сенат жана ректорат бар. Студенттер да кирген башкаруу кеңеши университеттин кадр маселесин, студенттерди кабыл алуу, чыгаруу маселелелерин карайт. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде бир дагы маанилүү маселе бир адам тарабынан чечилбейт.

Олуттуу себептердин бири окутуучулардын бардыгынын контрактык негизде иштеши болуп эсептелет. Контракт кызыкдар тараптын, студенттердин пикири эске алынуу менен бир жылга түзүлөт Барынан мурда студенттер окутуучулардын ишине баа беришет. Студенттердин ишенимине ээ боло албаган мугалим иштен чыгарылат. Ушундан улам бардык академиялык кызматкерлерибиз өздөрүнүн ишкердик, кесиптик жана адамдык репутациясын жогору кармоого аракет кылышат. Пара алуу менен студенттердин алдында кадырын түшүрүү алар үчүн өтө коркунучтуу.

Бул багытта Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин репутациясынын таза экенине толук ишенем.

**(Маектешкен Вячеслав ТИМИРБАЕВ. «МСН » газетасы, 09.11.2005)**

## КАРЫБЕК МОДОБАЕВ: БИЗДИН КЕМЧИЛИГИБИЗ – РАЦИОНАЛИЗМДИН ЖОКТУГУ

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору Карыбек Молдобаевди орто жана жогорку жаштагы бишкектиктерге тааныштыруунун кажети жок. Бирок, эгемендүүлүк жылдарында 1973-1985-жылдары К. Молдобаевдин борбор шаарыбыздын партиялык комитетинин биринчи секретары, андан кийин эки жыл Кыргызстан Компартиясынын БКнын идеология боюнча секретары болуп иштегенин билбеген муун өсүп чыкты. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргыз-Түрк "Манас" университетин негиздөөчү жана биринчи ректору болуп азыркыга чейин эмгектенүүдө.**

**Кайсы жерде иштебесин чынчылдыгы, принципиалдуулугу жана ишке берилгендиги менен бекем беделге жана сый-урматка ээ. Бул адам кол алдындагыларга жогорку талап коюу жана урматтоо менен мамиле кылууну айкалыштыра билет.**

**Бүгүн Карыбек МОЛДОБАЕВ биздин маектешибиз.**

**- Маегибиздин өзөгүнө өтөрдөн мурун шаардык комитетти жетектеген жылдарыңыз эмнеси менен эсиңизде калды, бул жылдары ошол мезгилдеги Фрунзеде эмнелер жасалган жана курулган деп сурагым келет?**

- Мен өзүмдү аябай жолдуумун деп эсептейм. Так ошол 1973-1985-жылдары Фрунзеде шаардын келечектеги экономикалык жана архитектуралык бейнесин аныктаган өнөр жайдагы чоң өнүгүү жүргөн. Бул жерде өз ролун машина куруу жана өзгөчө коргонуу өнөр жайындагы чоң секирик ойноду. Себеби, бул өнүгүү шаардык инфраструктуранын курулушу менен реконструкцияланышында өзүнчө бир донор сыяктуу түрткү болгон. Бул тармактар артыкчылыктуу тармактар катары материалдык жана финансылык жактан жетиштүү болгондуктан шаарга да жардам бере алышкан. Мисал катары, бардык борбордук автомагистралдардын так ушул ири машина куруу ишканаларынын жардамы менен реконструкцияланганын айтсак жетиштүү болор. Алсак, Тынчтык жана Манас проспектилери азыркы абалына Ленин атындагы коргонуу заводунун жардамы аркылуу жеткен. Гранит бордюрлар (жол жээктери), темир жол өткөн көпүрөнүн реконструкциясы, азыркыга чейин көчөнүн кооздугу болгон электр зымдарынын болот тирөөчтөрү ушул ишкананын күчү менен жана анын каражатына жасалган.

Учурунда ошол мезгилдеги заводдун директору А.И. Дмитриев экөөбүз

СССРдин коргонуу өнөр жай министри Финогеновго барып, бул көчөнүн реконструкциясы үчүн акча каражатын жана материалдарды аталган министрликтин фондунан алганбыз.

Шаардын өнүгүшү үчүн электрондук өнөр жайдын ири ишканасы болгон "Ала-Тоо" бирикмеси да чоң салым кошту.

Ошол мезгилде шаарда Чыгыш өнөр жай зонасы пайда болгон. Мына ушул жерде электрондук эсептөө машиналарынын, электровакуум машина куруу жана башка заводдор түптөлүп, ири индустриалдык ишканаларга айланышты. Буга жанаша жеңил жана тамак-аш өнөр жайы да өнүктү. Продукциясы өлкө ичинде гана эмес, чет өлкөдө да талапка ээ болгон Кыргыз камволдук-нооту комбинаты долбоордук кубаттуулугуна жетти. "Октябрдын 40 жылдыгы" тигүү фабрикасынын жана "Илбирс" тор кийимдер бирикмесинин продукциялары республикада гана эмес, анын чеке белинде да суроо-талапка ээ болгон. Кыргызстандыктардын дээрлик көпчүлүгү "Чолпон" бирикмесинин бут кийимдерин кийишчү.

Ушул мезгилдерде шаарда курулуш тармагы да аябай өнүккөн. Тездик менен шаардык курулуш тресттери, үй куруу комбинаты, курулуш-индустрия трести өдүрүштүк кубатын күчөтүшкөн. Мындан башка, министрлик жана ири ишканалардын алдында да курулуш уюмдары жана башкармалыктар түзүлгөн. Ушунун бардыгы шаарга иштеген. Кыргыз тоо кен комбинатынын, Ленин, Фрунзе заводдорунун, Прибор куруу, ЭВМ ишканалары менен "Ала-Тоо" бирикмесинин Фрунзеде канча үй курушканын эстегилечи. .

Ошол жылдары ар бир жылы 300-350 миң квадрат метр турак-жай курулчу. Анын 100 миң квадрат метри завод, фабрика жана башка ишканалардын эсебинен болчу. Мындан башка бала бакча, клуб сыяктуу башка да коомдук-тиричилик багыттагы обьектилер салынган. Ишканалардын коомдук тармактын өнүгүүсүндөгү салымы үчтөн бирин түзөт.

Так ошол жылдары шаардын генералдык планынын иштелип чыгып бекитилгени да өтө маанилүү. Бул долбоордун иштелип чыгышында Москванын төрт долбоорлоо институту катышкан. Ушундан улам, шаар азыркы заманбап архитектуралык бейнесин ошол жылдары алганын кайталагым келет.

**- Генпланга келсек, 60-70-жылдары шаар кичирайондордун эсебинен тездик менен өскөн, жаңылбасам азыр мындай кичирайондордун саны он алтыга жетет. Тилекке каршы, эгемендүүлүк жылдарында борбор шаардын тегерегинде жыйырмадай жаңы конуш деп аталган айылдар пайда болду. Албетте, эч кандай генплан жөнүндө сөз болгон жок. Курулуш иштери басып алгандардын мүмкүнчүлүгүнө жараша жүрүп жатат. Мындай шартта кандайдыр бир инфраструктура жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Бул абалды мурунку шаар башчы катары кандай баалайсыз?**

- Буга мен шаардын трагедиясы катары карайм. Дүйнөдө, бир дагы мамлекетте борбор шаардын «конституциясын», генералдык планын көңүлгө албаган учурду билбейм. Себеби, көркөмдөп айтканда ал, биринчиден, шаар организминин көтөрүүчү конструкциясын, экинчиден, шаардын жеке өзүнүн эмес, бардык агломерациянын өнүгүү параметрлерин аныктайт эмеспи. Бул

«конституцияны» сактабагандар шаардын эң ыйыгын бузуп жатышат.

Борбор шаар - өлкөнүн жүзү. Чет өлкөлүк коноктор биринчи борбор шаарга карап, өлкөнү, анын өнүгүү деңгээлин, атуулдарынын телегейи тегиз жыргалчылык жашоо шартын андан баалайт. Эгер борбор шаар өзүнүн маданияты, архитектуралык-долбоордук жана пландык чечимдери менен ишеним жаратса, инвесторлордун көп келери жашыруун эмес.

Тилекке каршы, шаар бийлиги Бишкекте чаржайыт курулуштарга уруксат берүү менен биринчиден, шаардын бирдиктүү организмин бузушту, экинчиден, эч кимдин маселесин чечишкен жок. Мурунку мезгилде мындай курулуштарды "Шанхай" деп атачу. Себеби, ал жерлерде элементардуу мүмкүнчүлүктөр, эч кандай инфраструктура жок. Үйлөр эч кандай долбоорсуз кези келгендей салынып жатат. Эсиңиздерде болсо керек, учурунда мына ушундай "шанхай", "нахаловкалар" менен кандай күрөшүп, канчасын түрттүрдүк эле? Бул шаардын баш оорусу болчу. Эми минтип XX-XXI кылымдардын кеслишинде жаңыларын куруп жатабыз.

Эгер нормалдуу жашоо үчүн элементардуу мүмкүнчүлүктөр болбосо, адамдар үчүн бул шаардын эч ыйыктыгы болбосо, бул жагдай анын чөйрөсүнө, ички дүйнөсүнө чагылбай койбойт. Мына ушундай азап!

**- Бул маселенин башка тарабы да бар. Бишкектин тегерегиндеги жаңы конуштардын негизги тургундары айылдан келгендер экени жашыруун эмес. Айылдыктардын шаарга келиши менен алар айылдык өздүк маданияттан ажырашат, ошол эле мезгилде шаардык маданиятка кошулууга физикалык мүмкүнчүлүгү болбогондуктан мигранттар эки маданияттын өзгөчөлүктөрүн камтыган "барактык" өздүк маданиятты жаратышат. Бишкектин улгайган тургундары бир добуштан шаардын акыркы он жылдыкта кирдеп, тазаланбай калганын, таштандыларга толгонун, мурунку жашыл өңүн жоготуп бара жатканын белгилешет.**

- Сиз абдан туура белгиледиңиз. Адамды маданият адам кылат. Ал эми маргинализация урбаністтик маданияттын өзөгүн бузат. Бул өзгөчө маданият. Буга талапка ылайык шарттар болгондо гана кошулуу мүмкүн. Бирок, эгер алар айылдагы шарттан жаман шартта жашап жатышса, кечеки айылдыктардын урбанисттик маданиятка кошулганын кантип айта алабыз. Айылдык маданияттын терең элдик, улуттук тамырга ээ экенин унутпашыбыз керек. Айылдык жашоо ыңгайы- бул улуттун өздүк маданиятынын көлөмдүү катмары. Айылдык жашоочулар элдин рухий маданиятынын ташуучулары. Качан алар эне сүтү менен таанышып, бала чактан көнгөн көнүмүш чөйрөсүнөн ажыраганда, ошол эле мезгилде шаардык жашоо ыңгайына кире албай урбанисттик маданиятка чоочун калышканда, мына ушул олуттуу маселе. Ал тургай чоң трагедия деп айтар элем. Албетте, эгер алар бул жерде өздөрүн, бактысын табышса сонун болор эле. Бирок, тилекке каршы, алар бул жерде эчтекеге ээ болушкан жок, тескерисинче, жоготууга учурашты. Ошону менен бирге алардын массалык түрдө келишинен шаар да, өздөрү да жоготууга учурашты.

**- Мүмкүн, мына ушуну менен жаңы конуштардын тургундарынын агрессивдүүлүгүн жана мыйзам бузуучулугун түшүндүрүүгө болот го.**

**Бир жагынан көңүлүнө жаккан, туруктуу жана жашоого жетерлик акы төлөнгөн жумушту таба албоо. Экинчи жагынан, аларга караганда жакшы, “кооз” жашоодо жашаган, бардарыраак шаардыктардан келген терс таасир.**

- Тилекке каршы ушундай. Бул көптөгөн кыргызстандыктардын трагедиясы.

**- Шаардык комитеттен кийин БКнын идеология боюнча секретары болдуңуз. Бирок, Союздун кулашы жана КПССтин бийликтен кетиши менен мурунку СССРдин аймагында иш жүзүндө идеология жок болду. Бул фактыны кандай баалайсыз?**

- Реалдуу, тирүү идеология коомдук кыртыштан өсүп чыгат. Идеологияны жасалма түрдө ойлоп чыгуу, күчтөп элге таңуулоо коомго пайда алып келбейт. Эгер бийлик коомчулуктун, өлкөнүн талабын терең түшүнүп, бул талапты так формулировка кылып сунуштаса, көпчүлүктүн көңүлүн бура алат жана ээрчите алат. Мына ушундай гана идеология туруктуу тамырлап жана жакшы идея бере алат.

Биз үчүн азыркы учурдагы эң негизги маселе улуттук биримдик. Айта кетчү нерсе, бул жерде улут термини, салттык сталиндик аныктамадагы бул же тигил этникалык топту эмес, азыркы учурдагы бардык цивилизациялуу дүйнөдө кабыл алынган маанисинде, тагыраак айтканда, өлкөдө жашаган бардык элди, өлкө атуулдарынын бардыгын билдирген маанисинде колдонулууда. Эгер биз улутту биримдикке чакыра алсак (бул болсо жаратман идея аркылуу гана мүмкүн), эгер биз жаратман идеяны чыгара алсак, анда сөз жок көпчүлүк муну кабыл алат. Бирок, мунун ишке ашышы үчүн, эң негизгиси, азыркы күндөгү турмуштук чындыктан, өзүбүздүн кыртыштан келип чыккан жөнөкөй жана ачык идея болуш керек.

Менин байкашымча эл акыркы жылдардагы турмушубузду коштоп келген куру талаштан тажады. Политикандар менен политикандыктан тажады. Бүтпөгөн уруу-уруктарга, региондорго бөлүү бул политикандардын чыгарганы.

**- Эгер политикандарга элден упай топтоого мүмкүн болуп жатса, алардын идеялары белгилүү чөйрөдөатуулдардын колдоосуна ээ болуп жатса, демек, алардын иш-аракети жана идеялары убакыттын талабына, элдин күткөнүнө жооп берип жатат да?**

- Билесиңерби, мен айыл өкмөтүн шайлоо учурунда да таң калам. Шайлоочуларды алар жактаган талапкердин алар, алардын айылы үчүн эмне иш кылары кызыктырбайт, башкысы, өздөрүнүн уруусунан болсо болду. Бул анык өзүн-өзү өлтүрүү.

Негизи эле, бардык деңгээлдеги, масштабдагы талант бул – улуттун байлыгы. Эң башкы талап катары шайланып жаткан адамдын жаратмандык потенциалына караш керек. Ким гана болбосун. Кыргыз айылдарында сөзсүз эле кыргыз башчы болушу керек эмес. Эң негизгиси жакшы уюштуруучу болсо болду. Эгер адам таланттуу, таза, акыйкат болсо, ал өзүнө эмес, эл үчүн иштеп берет. Эгер анын жардамы менен айыл бир кадам алдыга жылса, бул бардыгы, анын ичинде көпчүлүктү түзгөн клан же уруу үчүн да жакшы

болот. Жок. Айылдыктар айыл өкмөтүнүн башчылыгына өздөрүнүн жалкоосун жана зээнсизин коюп алышат да, мындан өздөрү эле жапа чегерин ойлонуп коюшпайт.

Биздин кемчилигибиз рационализмдин жоктугу. Биз бийлик деңгээлинде да, катардагы атуулдардын деңгээлинде да маселелерибизди рационализм жолу менен чече алабыз. Тилекке каршы, бизде бул рационализм жок. Кадрларды тандоодо да жок. Республикалык деңгээлдеги кадрларды тандоодо биринчи иретте иштин кызыкчылыгы эске алынса, бул айылдыктарга да өрнөк болмок. Себеби, алар бийликтин жогорку органдарына карата түздөнүшөт, көрсөткүч кылат, аларды туурайт.

Башкысы, эл өзүнүн кызыкчылыгын, пайдасын билсе жана көрсө. Бул болсо, рационализмдин жолу, айкын жана обьективдүү анализ жасоо жолу менен гана мүмкүн.

**- Ушуга байланыштуу, сиз Карыбек Молдобаевич, республикада болуп жаткан абалды кандай баалайсыз? Бүтпөгөн пикеттер, мезгилсиз митингдер, бийликти себептүү жана себепсиз шантаж кылуу, ыраазы болбогон айылдын же адамдар тобунун президенттин, премьер-министрдин, парламенттин отставкасын талап кылышы?**

- Буларга кайгыруу менен көз чаптырам. Мен бул жерде бүгүн коомчулуктун басымдуу бөлүгүн каптап алган адеп-ахлактын түшүшүн, элементардуу ой-жүгүртүүнүн жоктугун, дегерадацияны көрүп жатам. Муну түрмөлөрүбүздөгү абал ачык көргөзүп турат. Ооба, ал жерде мыйзамды бузган адамдар отурат, бирок алар өлкөбүздүн атуулдары, биздин жердин балдары да. Мен бардыгынын адамдык түстөн айрылып калганына ишенбейм. Мыйзамды бузуп, жазасын алышты. Колониялардагы адамдар коомчулукка карата жасаган кылмышы үчүн жооп берүүлөрү, күнөөлөрүн тартуулары керек экенин билиш керек. Бирок, ошол эле учурда, адам чыдагыс шарттарда кармалбашы зарыл.

Мен колонияларда болуп өткөндөргө жалгыз эле камактагылар күнөөлүү деп эсептебейм. Олуттуу күнөө ГУИН кызматкерлеринин да мойнунда. Себеби, наркотик, курал, жана башка көп тыюу салынган нерселер бийик дубалдардан алар аркылуу өтүп жатканы жашыруун эмес да. Эгер ГУИН системасы коюлган талаптардын деңгээлинде иш алып барганда көптөгөн жагымсыз окуялар болбойт эле. Мен буга терең ишенем.

Албетте, мыйзамды бузгандарды кечирүү мүмкүн эмес. Бирок, негизгиси эмне үчүн мындай болгонун аныктоо, түбүнөн жок кылуу. Тилекке каршы, бүгүнкү коомчулуктан байкалган коомдогг зомбулук, пикир келишпөөчүлүк бул – туңгуюкка бара турган жол.

**(Маектешкен Вячеслав ТИМИРБАЕВ. «МНС» газетасы 25.11.2005)**

...

## ИДЕОЛОГИЯ ОЙЛОНУП ТАБЫЛБАЙТ, ТОЛГОНУУ МЕНЕН ИШТЕЛИП ЧЫГАТ

**Президент Курманбек Бакиевдин буйругу менен Кыргызстандын улуттук идеологиясын жана мамлекеттик концепциясын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлдү. Бул идеологиянын негизги милдети – жалпы атуулдук биримдиктин, коомчулуктун рухий-адеп-ахлактык жана коомдук-маданий өнүгүүсүн камсыз кылуу. Жумушчу тобунун башына республиканын мамлекеттик катчысы Дастан Сарыгулов коюлду. Министрлерден, Жогорку Кеңештин депутаттарынан, көрүнүктүү окумуштуулардан, коомдук ишмерлерден турган топтун мүчөлөрү ушул жылдын 20-февралына чейин концепцияны президенттин жана парламенттин кароосуна коюшу керек.**

Ооба, биз чындыгында бардыгыбызды бириктирген жаңы башталышты сагындык. Идея боюнча мындай башталыш биздин мамлекеттик көз карандысыздыгыбыз болуш керек эле. Себеби, бул улутка жогорку статус тартуулаган, ошол эле учурда чоң жоопкерчилик жүктөгөн тагдырдын уникалдуу белеги да. Ошондуктан, буга татыктуу болуш үчүн улуттун күчтүү, биримдиктүү болушу зарыл. Анткени, жалпы мамлекеттик деңгээлдеги маселени чечүүдө элдин биримдиктүү эрки керек.

Тилекке каршы, көз карандысыздыгыбызды алгандан кийин күтүлгөн улуттук биримдиктин ордуна урууучулдукка, жердешчиликке бөлүнүү башталды. Мунун себеби, мамлекеттик көз карандысыздыктын кандайдыр бир күрөшсүз келип калышы болду окшойт. Натыйжада, төрөлүү алдындагы кыйынчылыкты тарткан жокпуз. Күтүүсүздөн келип калган көз карандысыздыктын бириктирүүчү таасири болгон жок. Ошондуктан, коомду бириктирүүгө, бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө аракет кылуунун ордуна тескерисинче, өз көмөчүбүзгө күл тарта баштадык. Муну менен сөөгү ката элек мамлекеттик көз карандысыздыгыбызды алсыздандырдык.

Көз карандысыздык жылдары башыбыздан өткөн сабактарды тыкыр анализдөө, ойлонуу жана мамлекеттин өзөгүн түзгөн улуттук консолидация үчүн керектүү болгон жаңы энергияны камсыз кыла турган баалуулуктарды аныктоо мезгили келди. Ушундай баалуулуктардын бирин албетте, идеология түзө алат. Эгер ал мезгилдин талабына ылайык толгонуу менен иштелип чыкса. Маселенин өзөгү биз жакынкы өткөн замандын сабактарынан туура жыйынтык чыгара алабызбы жана мезгилдин талабына адекваттуу жооп берүү керек экенин акыл менен түшүнүп, жан-дилибиз менен сезе алабызбы мына ушунда жатат. Сөзсүз, мына ушул жакынкы өтмүштүн сабактары

мезгилдин талабына жооп табууга багыт берет.

Сөз баарынан мурда фундаменталдуу мүнөздөгү артыкчылыктарды аныктоодо, тажрыйба көргөзгөндөй, утурумдук, популисттик кызыкчылыктардан жана жеке кишилердин, кландардын, топтордун кызыкчылыктарынан жолго чыгуу мүмкүн эмес экендигинде болуп жатат.

Өзгөчө, заманбап доордун азыркыдай олуттуу тектоникалык өзгөрүүлөрүнүн мезгилинде.

Азыркы мезгилдин бир өзгөчөлүгү катары эгемендүүлүк аларыбыз менен башталган жана азыр да уланып жаткан генеологиялык чуунү айтар элем. Бул негизинен, совет мезгилинде айрымдардын бай-манаптык тегин жашыруусунан улам келип чыкты. Качан гана жумушчу-дыйкандык тек саясий артыкчылыктын фактору болуудан түшөрү менен тескери процесс башталды. Өздөрүнүн тукумунан, өзгөчө, алыскы ата-тегинен легендарлуу баатырларды жана акылмандарды издөө жана "табуу" иши кызыды.

Бул генеологияга болгон чоң кызыгууну депутаттыкка талапкерлер жана шайлоого аттангандар өздөрүнүн кызыкчылыгына аябагандай ийгиликтүү колдонуп жатышат. Ошону менен бирге генеологияга болгон кызыгууну күчөтүп жатышат. Мурунку өлкө башчылары да урууЛук аристократиянын өкүлдөрүнүн урматына чоң тойлорду өткөрүү менен муну колдоого алышкан.

Албетте, ата-тегин, алардан калган тарыхый мурасты эсинен чыгарбоо, өткөнүн эстеп, кадырлоо тирүүлөрдүн милдети. Бирок, мезгил аябастан өзүнүн талаптарын коюуда. Эгер биз өнүгүүдөн артта калгыбыз келбесе, мезгил менен тең жүрүшүбүз керек.

Ооба, бул оңой эмес. Ооба, бул абдан оор. Бул бардык: интеллектуалдык, физикалык, нравалык күчтөрдүн чыңалуусун талап кылат. Мындан башка, өзүбүздү, көндүм болгон жашообузду ашышыбыз да керек болуп калат. Себеби, жашоо ыңгайынын бардыгы түбүнөн өзгөрөт. Буга ылайык биздин баалуулук багыттарыбыздын көрсөткүчтөрү да өзгөрүшү керек. Тилекке каршы, бул процесс абдан жай, өзгөчө, өтө оор жүрүүдө. Биздин драмабыз биз бир бутубуз менен жаңы доор- базар экономикасы доорунда турсак, бир бутубуз менен да патриархалдык доордун калдыгында турабыз.

Жогоруда айтылгандар идеологияга кандай тиешеси бар? Түздөн-түз. Уруу, урук же улут, эл болобу, ар бир идеология белгилүү бир максатка ылайык элдерди бириктирүү талабынан келип чыгат. Коомдук-экономикалык түзүлүштүн тарых сахнасынан сүрүлүп чыгышы менен идеологиялык системанын да өзгөрүшү жүрөт. Бул жалпы мыйзам ченемдүүлүк. Бирок, бул бир заматта ишке ашпай турган аябагандай оор процесс.

Мунун айкын далили идеологиялык өзүн өзү иденттештирүү жолунда биз тушуккан коллизиялар. Бир жагынан, мезгилдин «заманбап чындыгы, базар мамилесинин жана демократиялаштыруунун белгилеринин пайда болушу, биздин аң-сезимибизде акырындан рационалдуу көз караштыкалыптандырууда. Экинчи жагынан, бизде али, бардыгынын жакшы жашоосу уруу-уруктун биримдигине байланыштуу болгон мезгилдин идеологиясынын калдыктары жашап келет.

Бирок, ал мезгил артка кайткыс болуп өткөн чакта калды. Ал мезгилдин

идеологиясы да баалуулугун жана маанисин жоготту. Бирок, ал мезгил жөнүндөгү эскермелер легенда, миф түрүндө сакталып калды. Алар бүгүн эчак өткөн күндөрдүн баалуулуктарын реанимация кылууда колдонулуп жатат. Өзгөчө, терс максаттарда колдонулууда. Депутаттыкка талапкерлердин көпчүлүгү шайлоо алдында өздөрүнүн кланына, уруулаштарына, урукташтарына таянгандары белгилүү да. Натыйжада, шайлоочуларды өз жана чоочун деп экиге бөлүшүүдө. Шайлоочулар да бул кылтакка илинишүүдө.

Бул жерде жашап жаткан мезгилдин талабы менен сөз болуп жаткан баалуулук багыттарынын көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы ажырым ачык көрүнүп жатат. Биз бул ажырымды аттап өтмөйүнчө дайыма баягы эле калпыстыктарды жасап, парламентке, мамлекеттик кызматтарга татыктуу эмес, бирок, "өзүбүздүн" кишилерди коюп жүрө беребиз.

Белгилүү болгондой, агрардык реформа учурунда ири чарбалардын, колхоз, совхоздордун ордуна көп сандаган кичинекей жеке чарбалар пайда болду. Бирок, кийин белгилүү болгондой, алардын эффективдүүлүгүн жана бакубаттуулугун камсыз кыла турган жалгыз жол- кооперативдерге биригүү экени анык болду. Тилекке каршы, бул процесс өтө жай жана оор ишке ашууда. Себеби, ар бир уруу тиешелүү жөндөмдүүлүктөргө ээ болуп-болбогонуна карабай эле, кооперативдин башында өз кишисин көргүсү келет. Эң башкысы, өз киши болсо болду. Мына ушул "өз баласына" такалып калуу кооперативдик кыймылга болгон умтулууну жайлатып жатат.

Мындай өксүктөр адамдарды көр кылып айкын нерселерди көрүшүнө, мезгилдин чакырыгын угушуна тоскоолдук жаратууда. Кайсы уруудан болбосун, ал тургай башка планеталык болбосун тубаса таланттуу уюштуруучунун, деги эле таланттуу адамдардын бардык коомчулуктар үчүн эң керектүү, эң пайдалуу экени белгилүү эмеспи. Себеби, тубаса таланттуу адамдар өзүндө иштин алга жылышына керек болгон күчтүү чыгармачыл потенциалды камтыйт. Ошондуктан, өнүккөн өлкөлөрдө ушундай адамдарга талап жогору. Бекеринен, бардык методдорду колдонуу менен аларды өздөрүнө тартууга аракет кылышпайт да.

Аргасыздан акылга байыркы философтордун "бардык кризистер адамдардын башында башталып, башында бүтөт" деп айтканы келет: Чындыгында эле, биз бизди артка тарткан кемчиликтерден кутулмайынча мезгилдин көлөкөсүндө кала беребиз. Ал эми мезгил бардык багыттарында рационалдык баалуулуктардан түзүлгөн.

Заманбап дүйнөгө толугу менен кириш үчүн биздин аң-сезимибизде, ички дүйнөбүздө, менталитетибизде түбүнөн өзгөрүүлөр жүрүш керек. Мезгилдин талабына жооп берип жатып биз өзүбүздү жана менталитетибизди өзгөртүшүбүз зарыл. Бул үчүн эң биринчи бардык белгилери менен бирге трайбализмди тарыхка көмүшүбүз, өзүн актап бүткөн каада-салт менен эмес, мезгилдин талабына ылайык акыл менен жашашыбыз керек.

Биз заманбап цивилизациянын баласына эмес, тең укуктуу жаратманына айланышыбыз зарыл. Ал эми, заманбап цивилизация рационализмдин негизинде куралган. Мындай революциялык секирик үчүн күчтүү идеялык-

интеллектуалдык таяныч керек. Улуттук идеологиянын өзөгү жана милдети мына ушунда жатат.

Биздин улуттук идеологиянын өзөгү рационализм гана боло алат. Себеби, мезгилдин талабына прогресс жолундагы кыймылыбызды тездете турган күчтүү курал менен гана жооп бере алабыз. Рационализм биздин жашообуздун бардык тармактарында болуш керек. Ал экономикалык саясатта да, коомдук саясатта да жана кадрдык саясатта да аракетке жетектөөчү болуусу абзел.

Рационализм улуттук биригүү процессин тездетүүчү ачкыч катары да маанилүү. Себеби анын кыртышына бекем турсак, консолидация жолунда учурай турган тоскоолдуктарды женүү үчүн керек боло турган эгинди самандан айыра билүүгө, туура чечим кабыл алууга жардам берет.

**(Карыбек МОЛДОБАЕВ, КТМУнун ректору, профессор)**

# АДАМТААНУУНУН НЕГИЗДЕРИ

**Адамда ИНСАНДЫ, анын руханий абалын көрө билүү жана окуучулары менен досторунун көзүнөн ички дүйнөсүн көрө билүү кылымдардан бери физикалык абал эмес, бийик руханий максат менен аныкталып келген адамгерчиликтин көрсөткүчү болуп эсептелет. Көп киши ыраазычылык менен өзүнүн устаты деп эсептеген Молдобаев Карыбек Молдобаевич дайыма адамгерчиликти сактоо жана абийир алдында таза болуу өзгөчөлүгүнө ээ.**

Чынында эле, Карыбек Молдобаевичтин бүт өмүрү жаштарды тарбиялоо менен байланыштуу. Башында ал өзү ассистенттиктен философия кафедрасынын жетечилигине чейинки тепкичтерден өткөн, Улуттук мамлекеттик университеттин студенттерин тарбиялоого салымын кошкон. Анан, партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп турганда, жаш кадрларды чыгарды. Бүгүн болсо, ректор болуп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттерин тарбиялоодо.

Молдобаев, СССРдин Министрлер Кеңешинин Диний иштер боюнча мамлекеттик комитетинин биринчи орун басарына чейинки жогорку мансаптарда кызмат өтөп келгенине карабастан, Бишкек менен университетти өзүнүн жашоосунун негизги түркүгү катары кабыл алат. Анткени, жашоодо адамга багыт алган жолдон башка жол жок жана адамдан качуу – өзүн өзү өлтүрүүгө тете. Бул философия болушу мүмкүн, бирок, Карыбек Молдобаевич үчүн четке кагылгыс факт – адамдарды башкаруудагы философиянын зарылдыгы.

Ошондо эле, Фрунзени башкарып турганда, ал өзү үчүн: чыныгы жетекчи адамтаануучу болушу керек деген жыйынтык чыгарып койгон. Себеби, ар бир адам – оор басырыктуу жана кыймылдуу, сезимтал жана социалдык жактан активдүү, өтө уникалдуу личность. Эгер муну эске албаса, шаардын стабилдүү өнүгүшүнө таасири бар маанилүү мансаптардагы адамдар бир бүтүн организм болуп бириге алышпайт. Борбор калаа болсо убагында кайра куруу дооруна чейин өз алдынчалыгы менен айырмаланып турган Фрунзедей шаар боло албайт.

Карыбек Молдобаевич үчүн ошондогу Фрунзе дайым личность эле. Дал ошондуктан, шаардын кийинки мезгилдеги маданий жана руханий өзгөчөлүгүнүн зыян тартышы анын зээнин кейитет. Молдобаевдин ою боюнча, адамзат маданиятынын негизин эмгек маданияты жана өздүк гигиена түзөт. Так ушул маданият Фрунзени СССРде белгилүү шаар-паркка айландырган. Анын жетекчилигиндеги партиянын шаардык комитети, ар бир тургунду борбор калааны жасалгалоо ишине тартып, дал ушундай

эмгек маданиятын түзө алышкан.

Бул иште саясий кыйкырыктар эмес, өзгөрүү зарылдыгына, бийик максатка жана ага жетүү мүмкүнчүлүгүнө ишенүү маанилүү ролду ойногон. Анан да – жеке үлгү, анткени, Карыбек Молдобаевич үчүн адам мамилелеринин негизин сөз эмес, иш-аракет түзөт. Бул өзгөчөлүк ага беш баланы жалгыз тарбиялаган апасынан өткөн. Апасы эс алууну билген эмес, балдары болсо, аларды эч ким зордобосо да, такай үй тиричилигине аралашып, эң башкы сыйлыкка – кошуналардын мактоосуна татып турушкан.

Анан да балалыктан жайлоого болгон сүйүү жана адамды жаратылыштан айырбоо керек деген терең ишеним калган. Табийгат гана адамдын ички дүйнөсүнө жабышкан кирди тазалап, маргиналдашуудан да сактай алат. Карыбек Молдобаевичтин пикиринде, адам социумдан, өзүнүн генетикалык коддорунан, анын ичинде санжырадан ажырап жаткан бүгүнкү күндө маргиналдашуу өзгөчө күчөп баратат. Руханият дайым генетикалык коддун ролун аткаргандыктан, санжыра ар бир коомдун өзөгүн түзөт.

Мына ошондуктан, дүйнөлүк цивилизациядагы эң байыркы элдердин бири болгон өз элинин генетикалык кодунун жоюлушун токтотууга аракет кылуу үчүн, ал Түрк цивилизациясын изилдөө борборун башкарып турат. Элдин тарыхын сактап калуу аракети анда дайым болуп келген. 70-80-жылдары Фрунзеде Каармандар аллеясынын пайда болушу, атактуу адамдарга монумент жана эстеликтердин ачылышы да кокусунан эмес.

Албетте, бул иштер гана борборубуздун жылдыздуу сааттарын негиздеген эмес. 70-жылдардан баштап Фрунзе машине жана шайман куруу борбору катары өнүгө баштаган. Ал убакта илимге таянган өндүрүшкө, анын ичинде электр тармагына басым жасалган. Албетте, бул шаардын келбетин өзгөртпөй койбойт болчу. Анткени, турак жай комплекстерин куруу менен бирге, шаар көчөлөрүнүн жана проспекттеринин реконструкциясы башталган. Бул иштердин көпчүлүгү ири заводдор тарабынан каржыланып турган.

Мындан тышкары, шаар өнүгүшүнүн Генпланынын иштелип чыгышы да маанилүү роль ойногон. Молдобаевдин оюнча, шаар конституциясы болгон мындай Генплан болмоюнча, эч бир шаар өнүгө албайт. Убагында ал жаңы Фрунзени пландаштырууга Москванын төрт долбоорлоо институтун тарткан. Бул планда жыйырма жылдык өнүгүү, өндүрүштүн өсүшү жана экология сактоо зарылчылыгы каралган. Планда шаар калкынын өсүшү да эске алынган. Тилекке каршы, булардын ишке ашышына кайра куруу тоскоол болду.

Бүгүн шаар кандайдыр бир план боюнча өнүгүп жатат деп айтуу өтө кыйын. Платон айткандай, бүгүнкү жакшы план эртеңки мыкты пландан артыгыраак да. Натыйжада, инженердик коммуникациялары жана инфраструктуралары жок райондор пайда болду. Мындан тышкары, жакын жайгашкан аймактардын маселеси жана коркунучтуу мүнөзгө ээ болуп келе жаткан миграция маселелери ойлондурбай койбойт. Убагында Молдобаев шаар маселелерин чече ала турган адистерди, архитекторлорду чогултуп, Бишкектин өнүгүү келечегин белгилөө сунушу менен А. Акаевге да кайрылган. Бирок... Шаар маселелери көбөйгөндөн көбөйүп баратат...

Коомдо болсо шаарга болгон мамиле сууп, анын маселелерин чечүү үчүн

биригүү кызыкчылыгы азайып барат. Бул айтылгандар, эң оболу, Карыбек Молдобаевичтин пикиринде мамлекет негизин түзгөн ортоңку класска тиешелүү. Бул ортоңку класстын калыптанышы мезгил чакырыгына жооп болгон өндүрүштүк жана маданий Фрунзенин өнүгүүсү менен барабар түрдө жүргөн. Ал убак ошондогу кандайдыр бир социалдык, генетикалык коддун негизин, ошол коомдун, ортоңку классты жандандырууга аракет кылган санжыранын негизин түзгөн кесипкөй кадрлардын мезгили эле.

Бул жандануу өз ичине көп нерсени камтыйт– ар бир адамдын татыктуу жашоосу, руханий маданиятты, чыгаан адамдардын аттары менен чагылдырылган мурасты сактап калуу жана да, акыркы он бир жыл ичинде Карыбек Молдобаевич үчүн эң башкы нерсеге айланган, жаштарды тарбиялоо маселеси. Ал «Манас» университетин жетектей баштаган 1995-жылдан баштап, өзүнө жаңы ЖОЖдун тибин түзүү максатын койгон.

Бул үчүн жаңы университеттин имараты үчүн болгон катаал талаш-тартышка туруштук берүүгө туура келгени чындык. Мурунку долборлоо институтунун имаратынын жарымы менчиктештирилип, ээлери менчик укугунан пайдаланууну каалап жатышкандыктан, Молдобаев окуучуларын жана досторун жардамга чакырып, Кыргызстандын эгемендүүлүк тарыхында биринчи жана акыркы жолу реприватизацияга жетише алган. Бул ишке көп күч жана нерв корогон, себеби, арбитраждык сот ишти үч жолу караган.

Ал турмак Молдобаевдин тарапташтары да университетти колдо бар шарттар менен ачууну сунушташкан. Бирок, Молдобаев өзүнүкүн берген эмес – студенттерге болушунча ыңгайлуулук тартууланышы, университет болсо татыктуу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек. Натыйжада, «Манас» бүгүн республиканын алдыңкы ЖОЖдорунун катарына кирип, алардын көбүнөн айкындуулугу менен айырмаланып турат. Белгилей кетчү нерсе, билим берүү системасында жемкорлук көнүмүш адат болуп турган маалда эле, Карыбек Молдобаевич айкындуулукту университеттин өнүгүү келечегине киргизген. Мына ушул себептен улам, Молдобаев кадр жана каржы маселелерин чечүүгө окутуучулардан турган атайын башкаруу кеңешин түзгөн. Муну менен бирге, ЖОЖдун кеңештеринин көбүнүн курамына студенттер да киргизилген.

Чыгармачыл атмосфера бул университетте эле эмес, Карыбек Молдобаевич өзүнүн өмүрүндө кылган бардык ишинде сезилип турат. Аны дайым ыраазычылыктарын билдирген шакирттери тегеректеп жүргөндүгү бекеринен эмес. 2002-жылы болсо убагында анын жетекчилиги менен гүлдөп-өскөн шаарыбыз да Молдобаевге Ардактуу тургун наамын ыйгарды. Адамтаанууну дайыма коомдун, шаардын, мамлекеттин негизи катары караган философ Молдобаев Карыбек Молдобаевич партиянын шаардык комитетин башкарып турганда берилген ордендер үчүн, Бишкек өз «рахматын» айтты.

**(«Слово Кыргызстана» газетасы, 20.06.2006)**

Тубаса жупунулугу, өзү жөнүндө ашыкча айткысы келбегендигинен улам, республикалык, шаардык масштабда же Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коомдук-саясий жана чарбалык-экономикалык турмушундагы өзүнүн орду, ойногон ролу, жана маанилүүлүгүн баса белгилегиси келбей, Карыбек Молдобаев кыска жана жөнөкөй мемуарында өзү жөнүндө көп жазбаптыр. Ал тургай китептин аталышы «Мезгил жана өзүм жөнүндө ой жүгүртүүлөр» болсо да, жеке персонасын жупуну гана баяндаган. Ошондуктан анын замандаштарынын ой-пикирлерине да, бул жерден, орун берүүнү туура көрдүк.

## ЧЫНДЫКТЫН СУБЪЕКТИВДҮҮ СӨЗҮ

Мына, короого маараке ээсинин кербени жакындап келе жатат, достору жана аны сыйлап-урматтаган замандаштарынын баардыгы тосуп алууга даярдык көрүүдө... Айтмакчы, бул идиллия чындыктан өтө алыс эмес, анткени эгер мындайча айтсак, торколуу той – мааракелик туулган күндү белгилеп жаткан кишинин тууган-туушкандарына жана коомчулук өкүлдөрүнө дагы бир жолу таанытуу болуп эсептелинет. Ошондон улам, учурдун талаптары жана маселелери алкагында эң оболу ушундай уникалдуу мүмкүнчүлүк берген тагдырга миң мертебе ыраазычылык билдирүү зарыл. Себеби ал мекендештеринин алдында мезгилдин көйгөйлөрүнүн жана олуттуу маселердин кесилишинин алкагында кайрадан учур талап кылган сапатта, учурга кандай жооп берген бейнеси менен чыгып жатат. Кыскача айтканда, өмүр өтүп кеткен жылдардын натыйжасын чыгарып жатат... Мааракенин күнөкөрүнө жакшы тилектер, каалоолор, куттуктоолор ушундан улам айтылып жатат... Ошондой эле болсун!

А эгерде чындап, конкреттүү түрдө, жеке аспектиде айта турган болсок, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин учурдагы ректору Карыбек Молдобаев, коомдогу жаш муундарга аты калган инсан, 70 жашка чыккан маарекесине байланыштуу адаттагы куттуктоолордон тышкары да тарыхый өнүгүүбүздүн советтик жана постсоветтик доорундагы улуттун кадыр-барктуу кишиси катары өтө кылдат жана олуттуу мамилени талап кылат.

Албетте, ар бир улуттун өзүнүн тарыхы, атактуу кишилери, аларга байланыштуу уламыштары жана болумуштары бар. Бирок мен азыр, көңүлүңүздөрдү К. Молдобаевдеги жаратмандык касиетке ээ, адамдык эркке бөлгүм келип турат. Ал кишинин партиянын лидери катары советтик доордун көптөгөн жылдарында республикабыздын борбор шаарына, анын урбанисттик

өзгөрүшүнө жана кадыр-баркынын өсүшү үчүн кошкон салымы үчүн атайлап көңүл бурушубуз керек. Анан жасаган эмгегин мекендештерибиздин бүтүндөй бир нече муундары билген жана азыр дагы күбө болуп келишет.

Саясий жетекчилик кызматта иштеп жатып, К. Молдобаев ошол жылдары деле борбор шаардын курулуш, коомдук жана маданий тармактарында өнүгүүсүнүн көрүнүктүү уюштуруучусу, практик шаар башчысы болуп келген. Бул мезгилдерде бүтүндөй «молдобаевдин» кичи райондору пайда болуп, чоң өндүрүштүк ишканалар, шаардын ошол жылдардагы заманбап спорттук жана маданий имараттары курулган... Ала-Тоонун этегинде ошол жылдарда курулуп, тургузулгандарга көз чаптырсак, бул жөн гана ийгилик эмес, курулуштагы жөн гана алдыга чыгуу эмес, борбордун урбанизациядагы жеңиши экендигин айтууга болот..

Мына азыр 21-кылымдын түзүүчүлүк жаратмандарын жана жаңыдан коюлган максаттарын биргелештирип көз чаптыра турган болсок, Молдбоаев сыяктуу инсандардын тарыхий ролу жана ишмердүүлүгүн глобалдык деңгээлде түшүнүү, – менин оюм боюнча, мында инсандар өтүп кеткен совет доорунда да жана азыркы жаңыча демократиялык негиздерди орнотуу мезгилинде дагы өнүгүү үчүн, прогресске бирдиктүү кызмат кылуу үчүн өзүндө ар кыл идеологияны бириктире камтый алган тарых кураторлору деп эсептер элем.. Мен муну дайыма айтып келемин...

Ооба, мындай ишмерлерди тарыхтын кураторлору катары кабыл алышыбыз керек жана ошол убакыттагы көнүмүш болгон партиялык саясий догманын жармаштырган амплуасынан сырткары, аларды таанып жана адилеттүү мамиле жасашыбыз керек. Менин оюмча, 60-жылдардагы биздин муундун көпчүлүгү Молдобаевди Москваны дүйнөлүк коомчулуктун көз алдында өзгөртүп жаткан Юрий Лужков катары тарыхтын куратору деп атоого макул болушат. Москва азыркы учурда дүйнөлүк шаар куруунун өзөк негизи болууга жетишти.

Бул типтеги ишмерлердин жаратмандык касиети учурдагы өкүм сүрүп турган саясий режимдерден көз каранды болбостон дайыма майнаптуу жалпылыгы менен баркталып келет. Дүйнөдөгү цивилизациялык жашоочулардын көпчүлүгү дүйнөлүк заманбап тиричилик жатаканасынын негизин түзгөн бул типтеги практикалык ишмерлерге жана уюштуруучуларга көп нерсеси менен карыз. Ар кыл мамлекеттерди, өлкөлөрдү, маданияттарды жана ар кандай геосаясий жараяндарды чагылдырып келген бул сыяктуу инсандары өз табияттары боюнча тарыхтын кураторлору Ооба, алар трибуналардан сүйлөп, өзүн өзү даңазалап көнгөн виртуалдуу популисттер сыяктуу эмес, калайык калкка көп таанылбаган кураторлор, реалисттер жана саясатчылар катары өлкөнү даңазалап атын чыгарууга билинбей жетишишет.

Бирок дүйнө ушундай куралган экен – кимдир бирөө саясий баатырсынууга шашат, кимдир бирөө болсо жашоонун негизин түзгөн эмгек жана акыл менен иш кылат...

Ушуга байланыштуу биз унутпашыбыз керек: советтик түзүлүш, советтик режим арты чуулуу, империялык тоталитардык болгону менен, тырышкандык менен иштөө потенциалына (стахановчулук, ударник болуу

сыктуу) ээ эле. Муну менен бирге эле жалпы тартип фактору өкүм сүрөр эле. Баса белгилеп өтчү жагдай – идеологиянын алкагында болсо дагы, илимий жаңылыктарды өнүктүрүүгө жана маданиятты таанып-билүүгө зор дайыма жана туруктуу көңүл бөлүнөр эле..

Менин бул айткандарым, азыркы учурда 70 жашка толуп жаткан, мен аны жарым кылымдык убакыт ичинен бери тааныган Молдобаевке арналат. Бул ой-пикиримди өлкөбүздүн маданиятына жана илимине зор салым кошкон муниципалдык уюштуруучу гана эмес, ошондой эле стратегиялык саясатчы жана кесиби боюнча философ окумуштууну таанытып-билдирүү максатында айтып жатам.

Тарыхтын ошол айдыңынан бери жылдар өтүп, алар менен кошо баарыбыз кайра ойгонуп, жаңыча ойлонуу, реформалоо жана демократияга умтула баштаган легендарлуу «кайра куруу» мезгили да өттү. Мына дал ошол убакытта Молдобаевди Москвадан чакыртышты. Бул эң туура чечим болду деп ойлойм. Ал Москвада диний иштери башкармалыгында иштеди, бул багыт Советтер Союзунда жаңы дем алып турган эле. Андан соң СССР менен коштошуу убагы жана КМШ өлкөлөрүнүн пайда болуш убактысы келди. Кылымдардын тогошуусунда 90-жылдар өттү, 20-кылым 21-кылым менен алмашты. Башкача айтканда, демократиялык жаңылануулардын чордону, кишилердин жашоо образын гана эмес, коомчулуктун аң-сезимин да, тажрыйбасын да өзгөрттү, бул өзгөрүүлөрдүн алкагында маданияттардын жана цивилизациялардын жаңы тенденциялары да пайда болду. Мына дал ушул көз караштан замандаштарыбыздын жеке тагдырларынын жана дүйнө таануу сезимдеринин трансформациясын талдоо керек деген ойдомун.

Сөз К.М. Молдобаев жөнүндө болуп жаткандыктан улам, жогоруда айтылгандардын бардыгы, албетте, анын тагдырына, иштерине жана эмгегине тиешелүү. Бул киши жаратмандык табияты, рационалдуу тажрыйбасы менен интеллектуал катары, илимпоз-философ жана жетекчи катары баарынын бирдигинде абдан керек болуп турган учурда чыга келгени бизди шыктандырат жана толук жөндүү. Баса белгилей кетчү жагдай – ал чыныгы классикалык инсан – ал дал ушундай классик катары совет доорунда да жашап келген. Азыр дагы дал ошондой классик бойдон калууда, – башка замандаштарыбыздын көз караштарынан жана жөнөкөй эле мамилелеринен байкалып турган, өзүндө эки доорду бири-бирине конфликтте эмес, карама-каршы койбостон, өнүгүү жолунда айкалыштырып келген тарыхтын жаратуучусу жана куратору. Бул жалаң гана сөздө эмес, иште көрсөтүлүп келген.

Учурдун талаптарына ылайык, жаңы ааламдашуу доорундагы дүйнөлүк түзүлүштөгү прогресске бараткан жолдо бирге өнүгүүгө, дүйнө жүзүндөгү интеллектуалдык жараяндарга жана технологиялык өнүгүүгө жетишүү жолу кошулуп, билим берүү жана илим тармактарынын талыкпастан жакшыртылышында, жаш муундарды 21-кылымдын жүүрүлүштарына ылайык тарбиялоодо жатат!

Мына дал ушул иш майданында Молдобаев өзүн көрсөтө алды. Ал Түркия жана Кыргызстандын президенттеринин орток идеясы жана

программасы болгон, эң бараандуу заманбап Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүү идеясынын ишке ашыруучусу болду. Баардыгы жайдак жерден башталган, ал эми азыр бул окуу жайына жаштар тынымсыз агылууда, бул жерде жаңы интернационализмдин күчү жана муундардын модернизминин негизи түзүлүп жатат.

Мына эми, жаңы окуу имараттары, анын ичинде студенттер үчүн кампус курулду жана бул жерде доордун универсалдуу жалпылыгы топтолууда. Башкача айтканда, ар кыл кесипкөй тармактарда билим берүү төрт тилде – орус, кыргыз, англис жана түрк тилдеринде жүргүзүлүп жатат.

Мунун баардыгында Карыбек Молдобаевдин эмгеги зор, ал өзүнүн миссиясын – өзүнүн доорунун тарыхынын куратору болууну улантып жатат. Азыркы кырдаалда жаш муундарды ырааттуу өстүрүү жараяны ишке ашырылып жатат.

Чындыктын субъективдүү сөзү, эгерде бул чындык болсо, калп айтпайт,... Муну айтып жаткан киши да, ушуга ишенет.

**(Чыңгыз Айтматов, Кыргыз Республикасынын Бельгиядагы Толук ыйгарымдуу элчиси.)**

# «АЛТЫН КӨПҮРӨНҮН» АРХИТЕКТОРУ – КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетин түзүүчү тунгуч ректору, көрүнүктүү илимпоз, мамлекеттик ишмер, профессор Карыбек Молдобаевдин 80 жылдык өмүрү Мекенине, эл-журтуна, өзгөчө Түрк Дүйнөсүнө жасаган иш-аракеттери менен бай келет. Ал боордош кыргыз элинин ХХ кылымдагы тарыхында, ошол кыйын мезгилдерде тарбиялап өстүргөн сейрек инсандардын катарына кирет. Анын адамдык сапаттары, тууралыгы жана жөнөкөйлүгү, илимпоздугу, келечекке болгон көз карашы башкаларга өрнөктүү үлгү боло алат. Ал эми анын өлкөсү, эли үчүн жан дили менен аткарган иштери саналып бүткүс. Балалык чагында атасынан ажырагандан кийин апасы жана агаларынын камкордугу менен чакан айылдан сапарга чыгып, ошол кездеги турмуштук татаал шарттарга карабастан ийгиликтүү окуган студент болуп, андан ары окутуучу, жетекчи жана мамлекеттик ишмер болгонго чейин басып өткөн өмүр жолу кийинки муундарга татыктуу өрнөк болууга арзыйт. Апасына болгон сүйүүсү, кусалыгы жана ошондой эле мамлекетине, элине, туулуп-өскөн айылына, табиятка болгон кызыгуу сезимдери бул китептин алгачкы бөлүмдөрүнөн эле туйулат. Энеге жана мекенге болгон сүйүүнү эч нерсе менен өлчөөгө болбойт. А бирок, анын ички дүйнөсүнүн түпкүрүндө катылуу жаткан сезимдерин түшүнгөндөр, анын кандай адам экенин туура биле алышат.

Урматтуу Карыбек Молдобаев, өтмүштө болгондой эле бүгүнкү күндө да уланып жаткан социалдык жана саясий татаал жараяндарда өзүнүн энергиясын, билимин жана тажрыйбасын өлкөнүн пайдасына, элинин бакдөөлөттүү жашоосуна жана жаш муундардын келечекте өнүккөн деңгээлдеги турмушка жетүүлөрү үчүн арнап келет. Анын эмгектеринен ХХ кылымдагы эки полярдуу саясий түзүлүштүн күч алып турган, өзгөчө көз караштарды жана ой-пикирлерди билдирүүгө мүмкүнчүлүк болбой турган мезгилинде, ал мамлекеттик кызматтарды аткарып турган учурдагы саясий режимдин ар түрдүү кысымдары өкүм сүрүп турганда да, ал бардык күчүн Бишкек шаарынын өнүгүшүнө жана кыргыз элине арнагандыгын билсек болот.

1995-жылы Түркия республикасы менен Кыргызстандын ортосундагы бир туугандык мамилелердин түбөлүктүү символу, эки өлкөнү бириктирип турган «алтын көпүрө» болуп калган Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин түзүлүшү менен, анын ректору болуп Карыбек Молдобаевдин дайындалышы абдан таамай чечим болгон. Ал он жыл ректорлук кызматта турганда «академиялык тазалык» деген жаңы түшүнүктү киргизип, «Түрк цивилизациясы»

аттуу илимий категорияны далилдеп, эл аралык илимий чөйрөгө тараткан, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин окутуу жараянына өнүккөн өлкөлөрдүн эң алдыңкы долбоорлору пайдаланылган пилоттук долбоорду баштагандыгы, бул жогорку окуу жайынын Кыргызстанда алгачкы кампус тибиндеги университет статусунда иштешине кошкон салымдары ченемсиз, унутулгус эмгектер катары бааланат.

Биз ал түптөгөн бул көрүнүктүү окуу жайдын пайдубалын бекемдеп, жакынкы келечекте билим берүүдө эл аралык деңгээлдеги маркага, илимий беделдүү борборго айландырып, коом жана иш чөйрөсүндө чыныгы баркка ээ, үлгүлүү жогорку окуу жай болуусу үчүн, Түрк дүйнөсүнүн биригүүсүндө жана өнүгүүсүндө таасирдүү күчкө ээ, жыйынтыгында дүйнөлүк илимге жана адам баласына кошкон салымдары менен абройлуу университет катары Түрк дүйнөсүнө түбөлүккө кызмат кылган жаштарды жана мыкты адистерди тарбиялоо үчүн болгон аракетебизди жумшап жаткан кезибиз. Урматтуу Карыбек Молдобаев агайыбызга 80 жылдык мааракесинде өзүнө бекем ден соолук, бакыт-таалай жана бейпил өмүр каалайбыз.

**(Проф., докт. Себахаттин Балжы, КТМУнун ректору**
**январь айы, 2012-жыл)**

# К. М. МОЛДОБАЕВДИН «МЕЗГИЛ ЖАНА ӨЗҮМ ТУУРАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР» КИТЕБИ ЖӨНҮНДӨ

Ар бир жаңы китептин жарык көрүшү – айрыкча ал китепте замандаштарга жана кийинки муунга айтайын деген асыл ойлор камтылган болсо, өзүнчө олуттуу окуя болуп эсептелет эмеспи,. К. М. Молдобаев, дүйнө таанымы менен турмуштук принциптеринин калыптанышы 20-кылымдын 60-70-жылдарына, согуштан кийинки катаал мезгилге жана экономикалык, социалдык дүркүрөп өнүгүүнүн мезгилине туш келген кыргыз интеллигенциясынын өкүлү болуп саналат. Тилекке каршы, ал өкүлдөрдүн саны күн санап азайып барат. К.М. Молдобаев, 80-жылдары өлкөбүздөгү бийликтин туу чокусунда туруп, качандыр бир мезгилде күчтүү болуп турган Советтер Союзу ураганга чейин бийликте болуп, мындай драмалык марага эмнелер алып келгендигин өз көзү менен көргөн инсандардан. Жогорку окуу жайдын окутуучулугунан өлкөнүн жогорку бийлигине чейин бардык карьералык тепкичтерди басып өткөн К.М. Молдобаевбин бай турмуштук тажрыйбасы эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстандын калыптанышына абдан керектүү болуп турган. Ошондон улам ал Кыргызстан менен Түркиянын биргелешип курган жаңы типтеги окуу жайынын, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Биринчи проректору болуп дайындалган. Менин жеке пикирим боюнча, К.М. Молдобаевдин бул кызматка дайындалышы эң эле туура жана ийгиликтүү болгон, анткени ал өзүнүн бай турмуштук тажрыйбасы жана сиңириген аброй-бедели менен университетибизди Кыргызстандагы жана Орто Азиядагы эң алдыңкы орунга алып чыга алды. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түптөлүшү жана өнүгүшүнө арналган расмий түрдө жазылган жана жарык көргөн маалымат азырынча жок. Ошондуктан бул китептеги Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин негизделишине орун берилген бөлүмдү алгачкы булак катары эсептесек, чындыгында туура болчудан.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде чогуу иштешкен жылдары К.М. Молдобаев менен баарлашуу бир эле учурда жагымдуу жана пайдалуу өтөр эле. Аны менен иштешкен кыска убакыттын ичинде мыкты адис жана мыкты инсан болуп калыптаныш үчүн кандай сапаттарга ээ болуш керектиги жөнүндөгү маанилүү нерселерди билип алганга мүмкүнчүлүк ала алдым.

Авторго таандык кыска жана нуска стиль менен жазылган бул китеп, өлкөбүздүн акыркы он жылдыктардын ичинде башынан өткөргөн окуяларды жарыктандырган шоола болуп бере алат деген ишеничтемин. Өзгөчө келечегибиз колдорунда болгон жаштарыбызга абдан пайдалуу болот деп

эсептейм. Бул китепке пикир жазуу мен үчүн сыймык деп билем жана ушундай сунуш менен мага кайрылгандыгы үчүн учурдан пайдаланып К.М. Молдобаевге терең ыраазычылыгымды билдирүү менен өзүнө жана жакындарына бардык жакшылыктарды каалайм.

**(Проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, КТМУнун Биринчи проректору)**

# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ К.М. МОЛДОБАЕВДИН РОЛУ

Менин Карыбек Молдобаевич менен болгон биринчи жолугушуум 1995-жылы Түркиянын борбор шаары Анкарада Кыргыз Республикасынын элчилигинде кеңешчи болуп иштеп турган кезде болуп өттү. Маалым болгондой, 1995-жылдын жазында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесин белгилөө алкагында Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университети түзүлгөн. Ошондо эле, Кыргыз Өкмөтүнүн буйругу менен университеттин биринчи ректору болуп, Кыргызстандын көрүнүктүү илимпозу, коомдук саясий ишмери К.М. Молдобаев дайындалган. К.М. Молдобаев бул кызматка дайындалган күндөн тартып, кыргыз жана түрк элдеринин ортосундагы жогорку окуу жайынын түзүлүшүнө тиешелүү мамлекеттер аралык документтерди даярдоого кызуу катышып келген.

1995-жылдын жайында Анкара шаарында эки боордош мамлекеттинин өкмөттүк делегациялардын жолугушуусу болуп өттү. Бул жолугушууда «Манас» университетин куруу жөнүндө мамлекеттер аралык келишимдин долбоору талкууга алынган. Кыргызстандык делегациянын курамына Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү менен кошо К.М. Молдобаев да бар эле. Мен болсо эки тараптуу жолугушууга Кыргыз Республикасынын элчилигинин өкүлү жана ошол убакта эле котормочу катары катышкам. Мына дал ошол учурда мен К.М. Молдобаев менен жакыныраак таанышууга мүмкүнчүлүк алдым. Молдобаевдин бул жолугушуулар учурунагы сөздөрү принципиалдуу жана конструктивдүүлүгү менен айырмаланып, өкмөттөр аралык келишимдин долбоорун 1 жума ичинде даярдоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мисалга алганда, К.М. Молдобаев сүйлөшүүлөр учурунда университетти каржылоо эки тараптан тең укуктуулукка негизделиши керектигин жана башкаруу орток негизде ишке ашырылышы керектигин баса белгилеп, бул жоболорду келишимдин долбооруна киргиздирген эле.

Аталган жолугушуулардын натыйжасында университетти тең укуктук негизде башкаруу органдарын түзүү принциптери макулдашылды. Бул приниицптердин алкагында, университеттин эң жогорку башкаруу органы болгон Камкорчулар кеңеши 8 мүчөдөн түзүлөт, ар бир тараптан төрттөн өкүл дайындалат, кеңештин төрагасы Түркия тарабынан, төраганын орун басары – кыргыз тарабынан дайындалат. Ошол эле убакта, Камкорчулар кеңешинин сунушу менен университеттин ректору Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан, ал эми Биринчи проректор – Түркия Өкмөтү тарабынан

дайындала турган болду. Университеттин ишмердүүлүгүнүн алгачкы этабында артыкчылыктуу тармактардын белгиленишинде К.М.Молдобаев Кыргызстандын өткөөл учурда кайсыл тармактагы адистерге керектөөлөрү болсо, ошол адистиктер эске алынышы керек экендигин баса белгилеген. Түркия делегациясы К.М. Молдобаевдин бул сунушун түшүнүү менен кабыл алды. Ушундан улам, тараптар алгачкы учурда университетте экономика, компьютердик технология, айыл-чарба продукциясын кайра иштетүү жана сактоо, туризм тармагындагы менеджментке негизги көңүл буруларына макулдашышкан эле. Ушул эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында эки мамлекеттин ортосундагы өкмөттөр аралык келишимдин макулдашылган тексти баардык делегация мүчөлөрүнүн колу менен тастыкталган эле. (мындан аркы процедураларды өтүү үчүн тапшырылган.)

Кийин, 1995-жылдын 31-сентябрында Измир шаарында Түрк тилдүү мамлекеттердин жана коомчулуктардын кезектеги курултайынын алкагында Түркия Республикасынын Президенти Сүлейман Демирел, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Түндүк Кипр Республикасынын мамлекеттик делегацияларынын жетекчилеринин катышуусунда салтанаттуу түрдө келишимге кол коюлган. Мамлекеттер аралык келишимдин кол коюу аземине университеттин ректору К.М. Молдобаев да активдүү түрдө катышкан.

1996-жылдын жазында К.М. Молдобаев Түркиянын Жогорку билим берүү боюнча комитетинин чакыруусу менен университеттин структурасын жана материалдык-техникалык базасын түзүү үчүн даярдык көрүү жана түрк тилин үйрөнүүнүн интенсивдүү курсун өтүү үчүн кайрадан Анкарага келди. Бул Түркияга болгон узак мөөнөттөгү иш сапарынын алкагында К.М. Молдобаев бул өлкөнүн жогорку билим берүү системасы менен жакындан таанышуу мүмкүнчүлүгүн алды жана Анкарада жайгашкан ар кыл университеттерге дайыма барып турду. Анын көңүлүн европалык жана америкалык стандарттарда түзүлгөн түрк жогорку окуу жайларынын кампустары бөлдү. Бул кампустарда окуу имараттарынын жанында китепканалар, спорттук комплекстер, маданият жана көңүл ачуу борборлору, соода борборлору, ошондой эле турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар, жатаканалар жана мейманакалар бар эле.

Мына дал ошол убакытта К.М. Молдобаев Бишкекте өрнөк болуучу университеттик кампусту куруу идеясын ишке ашырууга белсенди жана Кыргызстанга кайтып келгенден баштап, республиканын жетекчилигин бул максатты ишке ашыруу үчүн Бишкек шаарынын ыңгайлуу жакшы аймагынан жер тилкесин бөлүп берүүгө ынандырган.

Муну менен бирге, 1996-жылдын апрель айынын ортосунда Кыргыз Республикасынын Иран Ислам Өлкөсүндөгү элчиликке кеңешчи болуп дайындалганымдан улам, мен Тегеранга кетип, Бишкекке 1998-жылдын аяк ченинде келдим. Ата-Мекениме кайтып келгенден соң кайрадан окутуучулук карьерамды улантууну чечтим. Мага Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин эл аралык байланыштар боюнча проректорлук кызматын сунушташты, ал кызмат ордунда 2001-жылдын апрель айына чейин эмгектендим. Ошол убакытта К.М. Молдобаев мени Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин сту-

денттерине саат маяналуу статуста лекция окуу үчүн чакырды, ошентип бул жогорку окуу жайынын жетекчилери жана кызматкерлери менен тыгыз байланышта болуп калдым. Дал ошол убакытта, К.М. Молдобаев университеттин базасында илимий изилдөөнүн жаңы багытын түзүү керектигин түшүнүп, түрк цивилизациясын изилдөө боюнча илимпоздор тобунун негизин түзө баштады. Бул олуттуу илимий теманын аймактык масштабынын кеңейиши жана хронологиясынын тереңдеши менен, жогоруда аталган илимпоздор тобун бекемдөө зарылчылыгы келип чыкты. Мына ошондой учурда К.М. Молдобаев мени Кыргыз-Түрк «Манас» университетине толугу менен өтүшүмдү суранды. Мен университетке келип иштеп баштагандан кийин, К.М. Молдобаев мени проректордук кызмат ордуна дайындады, бул кызматта мен илимий-изилдөө жана таалим-тарбия маселелерине жооп берчүмүн.

Бул иезгид унвиерситеттин материалдык-техникалык базасынын чыңдалышынын, окутуу жана методикалык документациясынын иштелип чыгышынын жана көп улуттуу профессордук-окутуучулук жамааттын түзүлүшүнүн жылдары болду. К.М. Молдобаевдин жетекчилигинин алдында Болонья процессинин стандарттарына дал келгидей иштелип чыккан окуу пландарынын комплексин камтыган «Манас» университетинин Пилоттук долбоору даярдалды. Аталган Пилоттук долбоор Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында бекитилип, Кыргызстандын жогорку билим берүү системасындагы окуу процессинин жаңы формасын түзүүнүн алгачкы тажрыйбасы болду.

Түрк цивилизациясынын маселелерине тиешелүү илимий изилдөө иштеринин көбөйүшү менен биргеликте, К.М. Молдобаевдин демилгеси менен бүткүл дүйнө жүзүнөн келген көрүнүктүү илимпоздор катышкан илимий симпозиумдар, конференциялар жана конгресстер уюштурула баштады. Бул илимий форумдарда илимий изилдөө тобунун иштеринин жыйынтыктары активдүү түрдө сыноодон өткөрүлүп турду. Бул илимий иш-чаралардын эң орчундулары болуп «кыргыз» этнониминин 2200 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конгрессти (2001-ж.), Түрк цивилизациясынын экинчи эл аралык конгрессин (2004-ж.) ж.б. айтып кетүүгө болот. «Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча материалдар» илимий сериясынан китептер, жаңы «Түрк цивилизациясы боюнча изилдөөлөр» мезгилдүү басыламалары, ж.б. илимий эмгектер жарыкка чыга баштады.

Натыйжада Кыргыз-Түрк «Манас» университети Кыргызстандын алдыңкы окуу жайларынын бири болуп калыптануу менен бирге, Евразия аймагындагы түрк калктарынын маданияты менен кыргыз элинин тарыхынын олуттуу маселелери боюнча мазмундуу илимий изилдөөлөр ишке ашырылган маркабалуу илимий изилдөө борбору болууга жетишишти. К.М.Молдобаев, ушуну менен бирдикте эле, университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоого абдан чоң аракеттерди жасады. Университетке жер тилкесин бөлүп берүүгө тиешелүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими 90-жылдардын экинчи жарымында эле чыгарылгандыгына карабастан, Бишкек шаарынын мэриясы бул чечимди ишке ашырууга шашылган жок. К.М. Молдобаев бул татаал маселени ийгиликтүү чечүү үчүн эбегейсиз чоң күч-аракет жумшады.

Жасалган зор күч-аракеттердин натыйжасында, жер тилкесин бөлүп берүү маселесин Кыргызстандын Президенти А.А. Акаевдин өзү менен жолугушуу аркылуу чечүүгө туура келди. Бул жолугушуудан кийин, 2001-жылдын декабрь айында Өкмөт Бишкек шаарынын эски аэропортунун жанынан Кыргыз-Түрк «Манас» университетине жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндөгү жаңы токтомун кабыл алды. Аталган маселенин чечилишинен кийин гана, Бишкек шаарынын «Жал» кичи районунда университеттин Кампусун курууга Түркия Өкмөтүнүн көп күтүүгө туура келген тиешелүү инвестициялык долбоорунун ишке ашырыла баштоосу мүмкүн болду. К.М.Молдобаев жаңы курулуп баштаган Кампустун инженердик-техникалык коммуникацияларын, суу жана электр жарыгы менен камсыз кылуу системаларынын курулушун чечүүдө аябагандай чоң салым кошту. Аталган маселелердин баардыгы Бишкек шаарынын мэриясы, тиешелүү министрликтер жана башкармалыктар менен иштөөдө К.М. Молдобаевдин өзүнүн катышуусун талап кылчу эле. Көпчүлүк маселелер К.М. Молдобаевдин жеке байланыштары жана бараандуу бедели аркылуу чечилген, анткени жогорку баскычтагы кызматкерлердин арасында К.М. Молдобаев Фрунзе шаарынын биринчи жетекчиси болуп иштеп жүргөн учурларда аны менен кошо иштешкен кесиптештери жана карамагындагылары көп эле. Көпчүлүк учурда бул маселелрди чечүү үчүн К.М. Молдобаевдин шаар же мамлекеттик деңгээлдеги кызматкерге бир гана телефон чалуусу жетер эле. Ошол телефон сүйлөшүүлөрүнөн кийин гана мен мэрияга же министрликке керектүү процедураларды же документтерди бүтүрүүгө барар элем.

Эми, кээде өткөн убакытка көз чаптырып: «эгерде ошол учурда ректор болуп башка киши иштесе, биздин университеттин курулушу жана бутуна туруп кетишиндеги бул же тигил маселелерди чечүү канчалык убакытты алар эле?» деген ой келип кетет. Мен, К.М. Молдобаевдин жетекчилиги астында бул маселелердин чечилишинде түздөн-түз жана дайыма иштеген киши катары, кээ бир маселелердин, өзгөчө жер тилкесин бөлүп берүүгө тиешелүүсү, анын өзүнүн киришүүсү болбосо чечилбейт эле деген ойдомун. Чечилген күндө да, университеттин Кампусу кеч башталып, Бишкек шаарынын эң жакшы деп эсептелген райондорунан бири болгон «Жал» кичи районунда эмес, Бишкек шаарынын мэриясынан алдындагы Курулуш жана архитектура башкармалыгынын, Жогорку Кеңештин айрым депутаттары сунуштагандай «Кара-Жыгач» конушунда курулмак деп ойлойм.

Ошондон улам, мен азыр К.М.Молдобаев өзү жетектеген Кыргыз-Түрк «Манас» университети Кыргызстанда гана эмес бүтүндөй Борбордук Азия аймагындагы өрнөктүү материалдык-техникалык базасына ээ болгон, академиялык ак ниеттүүлүк принцибине таянган, Кыргызстан жана Түркиянын ортосундагы «алтын көпүрө» идеясынын негизин түзгөн улуттар аралык чыныгы достук руху өкүм сүргөн жогорку окуу жайы болушу үчүн мүмкүн болгон баардык күч-аракетин жумшады деп терең ишеним менен айта алам.

**(Проф., докт. Анварбек Мокеев, КТМУнун проректору)**

Karıbek MOLDOBAYEV

# BİR DEVRİN TANIĞI

Bişkek-2012

İÇİNDEKİLER


ÖNSÖZ ..... 125
ÇOCUKLUĞUM ..... 126
ÖĞRENCİLİK YILLARIM ..... 128
KIRGIZ DEVLET ÜNİVERSİTESİNDEKİ ÇALIŞMA HAYATIM ..... 132
SİYASÎ KARİYERİM ..... 136
Frunze; Benim Şehrim ..... 140
Kırgız Sovyet Sosyalist Cumhuriyeti Komünist Partisi Merkezi Komitesi Sekreterliği Mevkiindeyken ..... 145
SSCB Din İşleri Yüksek Konseyindeki Faaliyetlerim ..... 148
KARDEŞ ÜLKELER KIRGIZİSTAN İLE TÜRKİYE'NİN ORTAKLIĞIYLA "ALTIN KÖPRÜ"NÜN KURULUŞU ..... 152
Üniversite Gelişim Planı Yürürlüğe Girdi ..... 159
Üniversitede Eğitim Hayatı ..... 160
AİLEM ..... 166
EDİTÖRDEN ..... 168
"BİZİM ALANDA DA REKABET ORTAMI OLUŞSUN" BAŞKENTTE BİR ÜNİVERSİTE ..... 169
BENİM KÖKÜM; ANNEM VE TABİAT ..... 174
TARİHİN AVAZI VE BİZİM VURDUMDUYMAZLIĞIMIZ ..... 178
BAŞKENTİMİZ İNCİ TANESİNDEN BEZELYEYE Mİ DÖNÜŞÜYOR? ..... 182
BAŞKENT İÇİN PLAN, KUŞ İÇİN KANAT GİBİDİR ..... 185
AÇIK PENCERELİ EV ..... 188
"AYGAYGAK MEYDANI" KOMPLEKSİNE DEVAM YA DA MİLLÎ BİRLİK VE BERABERLİK HAKKINDA DÜŞÜNCELER ..... 192
KARIBEK MOLDOBAYEV: KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ MÜKEMMEL BİR İTİBARA SAHİPTİR ..... 195
İDEOLOJİ İCAT EDİLMEZ, ANCAK ÇOK ISTIRAP ÇEKİLEREK OLUŞTURULUR ..... 200
İNSANI TANIMANIN ESASLARI ..... 203
GERÇEĞİN SUBJEKTİF İFADESİ ..... 206
"ALTIN KÖPRÜ"NÜN MİMARI KARIBEK MOLDOBAYEV ..... 209
KARIBEK MOLDOBAYEV HAKKINDA KISACA DÜŞÜNCELERİM ..... 210
KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİNİN KURULUŞUNDA KARIBEK MOLDOBAYEV'İN ROLÜ ..... 211

## ÖNSÖZ

Ailem ve arkadaşlarım çoktan beri anılarımı yazmam için ısrar ediyorlardı. "İlginç olaylara tanıklığın, yaratıcılığın neticesinde büyük emek ve birikimle oluşan bir çok eserin ve ilginç insanlarla birarada geçen dopdolu bir hayatın var. Gelecek nesillere bunlardan bahsetmek lazım." diyerek beni ikna ettiler. Nihayetinde elime kalemi almaya karar verdim. Beyaz bir kâğıt parçası önümde dururken hangi konuda yoğunlaşmam, hatıralarımı kime ve neye doğru yöneltmem gerektiği üzerinde düşündüm. Aradığım cevabı da yükseköğretimde çalıştığım 13 yıllık tecrübemde buldum. Büyümekte olan neslin kendilerinden önceki devirleri tüm kolaylık ve karmaşıklıklarıyla bilmesi şarttır. Çünkü geçmiş, onu gerçekleştiren insanlarla beraber yok olmuyor ki. Geçmiş, şu veya bu şekilde ondan sonraki devirlere yansıyor. İşte bu yüzden yeni nesiller nerden geldiklerini, geleceğe bakarken kimin omuzlarında oturduklarını, geçmişten beraberlerinde neyi almaları, neden tamamen kurtulmaları gerektiğini bilmelidirler.

Bu güne kadar yaşamış olduğum 80 yıl içinde bizim nesil, ilk olarak sosyalizmi ve serbest piyasa ekonomisi gibi iki farklı devri yaşadı ve toplumun zihnini alt üst eden 2. Dünya Savaşının da üstesinden geldi. Ülkemizin egemenliğini kazanması da bu devrin en önemli olaylarından biridir.

Alnımıza çok karmaşık, ama bunun yanısıra çok ilginç bir dönemde yaşama şansı yazılmıştır. Geçmişimizi sadece ya açık ya da koyu bir renkle yansıtamayız. Her bir karmaşık olay gibi aykırılıklardan ibaret olup, bünyesinde hem olumluları hem de olumsuzlukları içermektedir. XX. asrın önde gelen İngiliz tarihçisi, toplumbilimcisi ve düşünürü olan Arnold Joseph Toynbee'nin "Toplumlar gelişim istikametinde birçok meselelerle karşılaşır ve onları kendine en uygun bir biçimde halleder" biçimindeki sözlerini buraya yazmayı uygun gördüm: "Bunun gibi her bir mesele, aslında tarihe meydan okumaktır" ve her bir yeni gelen kuşakların, bu çağrılara cevap ararken atalarının mirasından nelere kulak vermeleri ve nelerden uzak durmaları gerektiğini bilmelidirler.

Birçok "kabul" ve "red"leri" (zıtlıkları) karşılaştırarak geçen ömrüme bir göz atıp, hayatımın geçtiği devirlerin temel sınırlarını belirlemem mümkündür. İşte bu maksat uğruna bu eserime başlamaya karar verdim.

# ÇOCUKLUĞUM

Hayatımın ilk yıllarını hatırladığımda, ruhumu hiçbir zaman eskimeyen iki manevî değer aydınlatmaktadır. Bunlar, anılarımda ömür boyu içimde yaşattığım annemin ve memleketimin imgeleridir. Annem mütevazı ve istidatlı bir hanımdı. İsmi Uulcan idi. Bu isim Kırgız halkı arasında epeyce yaygındır. Torunlarımın birisinin ismini benim isteğimle çocuklarım Uulcan koydular. Babamı ise pek iyi hatırlayamıyorum. Babam vefat ettiğinde ben 6 yaşındaydım. Maalesef, babamın tek bir fotoğrafı bile yok. O yıllarda halk arasında, "Kuran-ı Kerim, insan suretini tasvir etmeyi yasaklıyor." diye bir inanç vardı. Babam çok inançlı birisiydi, Arapça okumayı bilmediği halde Kuran-ı Kerim'i evde en kutsal bir değer olarak saklardı. Kendisi bir at çobanıydı, ama ailemize maddî bakımdan hiçbir şeyin eksikliğini de yaşatmamıştı. Babam 42 yaşındayken 1939 yılında vefat etti. Zatürreye yakalanıp yatağa düştü ve bir daha kalkamadı. Annemin anlattıklarına göre 10 çocuğu vardı, ama beşi küçükken vefat etmişlerdi. O dönemlerde çocuk ölüm oranı çok yüksekti. Ailemiz babamızı erken kaybetmesine rağmen, annem sayesinde hiçbir şeyden geri kalmadık ve hiç bir şeyin eksikliğini yaşamadık. Annem çok çalışkandı. Boş oturduğunu hiç hatırlamıyorum. Köyde anneme herkes saygı duyardı. O, uzun uzun nasihat etmeyi asla sevmezdi, bizlere kendisi örnek olurdu ve affetmeyi bilen bilge bir insandı. Aklıma bir olay geldi. Kocasının ölümünden sonra 3 küçük çocukla dul kalmıştı. Diğer 2 büyük çocuğu ise bizden uzakta yaşıyordu En büyüğümüz Tokuş ağabeyim, başka ilçede çalışıyordu, diğer ağabeyim Cumabek ise şehirde meslek okulunda okuyordu. Bizi annemin kardeşi olan Kıdıralı dayım himayesine aldı. Çiftlik reisi olan dayım köylülere göre epeyi zengin birisi sayılırdı. Evinde yaşarken kendimizi çok rahat hissederdik. Dayım bize çok iyi davranırdı. Bir bahar günü annem üçümüzü çağırdı ve temeli atılmış bir eve götürdü ve "Babanız burada ev yapmak istemişti. Maalesef, bunu yapmaya ömrü yetmedi. Biz bu evi yapıp, buraya taşınmalıyız" dedi. Biz ise "Dayımızın evinde çok rahatız, orada kalamaz mıyız?" diye sorduk. Ama annem "Orası öyle de, sizin kendi aile ocağınız olmalıdır, kendi ocağı olmadan insan mutlu olamaz." diye cevap verdi. Bu sözler bizi çok sevindirdi. Ondan sonra biz her zaman annemizin sözlerini tekrarlardık "Kendi ocağımız, evimiz olacak!" derdik. Daha sonra annem ağabeylerimi çağırdı ve düşüncelerini paylaştı. Ağabeylerim ve Kadıralı dayımız el birliğiyle ev yapmaya karar verdiler. Sonbahara doğru evimizin yapımı bitti ve yayladan dönünce yeni evimize taşındık.

Olgunlaştığımda annemin bu davranışını bir daha düşündüğümde, onun bu kararının çok mantıklı olduğu kanaatine vardım. Meğer annem köklerimizi unutmadan ve geçmişten koparmadan büyümemizi istemişti.

İkinci Dünya Savaşı başladığında ben henüz 9 yaşıma basmıştım. Böylece çocukluğum en zor savaş günlerine denk geliyordu. Ama bu zor günlerde bile sevindiğimiz zamanlar da olmuştu. Bu güzel zamnaların arasında şüphesiz yazın yaylaya göçümüz de var. Biz çocuklar için yaylaya göç ve orada yaşamak âdeta bir bayram sayılırdı. Her zaman sabırsızlıkla bekler, bir gece önceden gözlerimizi bir an bile kapamazdık. Yaylaya mesafemiz bir günlük yol idi ve nihayet otlaklara ulaştığımızda muhteşem bir manzara görürdük. Ruhumuz coşkudan âdeta şarkı söylerdi. Sayısız dağ çiçekleri, yemyeşil ot gözlerimizi, ruhumuzu büyülerdi. Biz sanki büyük bir coşku ve sevinçle bu otlardan ibaret olan kadife halının üzerinde debeleniyor gibiydik. Bunları unutmak asla mümkün değil! İşte güzellikle, iyilikle ilgili olan ilk yaşantılarım böyleydi. Onlar ruhumda ömrüm boyunca kalıcı iz bıraktılar ve bunun için memleketimin tabiatına minnettarım! Tabiî ki, o zamandan beri çok şey değişti. Günümüzde insan ayağının değmediği yer yok ne yazık ki.... Bilim ve teknolojinin gelişmesiyle birlikte gerçekleşen değişiklikler hâlâ gittiğim ve sevdiğim yüksek dağlardaki yaylaları da etkiledi. Her seferinde yüreğime sızı veren şey, büyüyen çiçeklerin, otların artık eskisi gibi coşku ve heyecan verici olmadığını görmektir.

sahip olduğunu söyleyerek, "Mezun olduktan sonra doktora yapmak mı istiyorsun, yoksa işe girip sonra mı doktora yapmak istersin" diye sordu. Ben ise, üniversiteyi bitirdikten hemen sonra doktoraya girmek istediğimi ifade ettim, o da bana kendisine her konuda danışabileceğimi, yardımcı olacağını söyledi.

İşte o günden sonra, felsefe üzerine, özellikle de estetik konusundaki eserlere daha çok çalışmaya başladım. Maksud Cunusov'un bölümünde düzenlenen bilimsel literatüre uygun yeniliklerinin tartışıldığı toplantılara fiilen katılmaya başladım.

Hakikatleri arayış içinde olan insanların etrafında oluşan hayat beni son derece etkiledi. Tartışmalar sırasındaki eleştirel konuşma ve yaklaşımlar benim için resmen bir buluş gibiydi ve bu yüzden de onları hayranlıkla dinlerdim. Yavaş yavaş canlı tartışma grubuna alışmaya başladım ve onlara eleştirel açıdan bakmayı öğrendim. Zamanla değişik meselelerle ilgili kendi görüşlerimi de ifade etmeye başladım.

M.Cunusov, benim egemen ve kritik bir düşünce tarzımın oluşmasında katkıları çok büyüktür. O her zaman benimle konuşmaya vakit ayırırdı. Bölüm tarafından düzenlenen bilimsel tartışmalara beni devamlı olarak davet ederdi. İşte o tartışmaların benim için tüm ders, seminer vb. çalışmalarımdan daha çok faydalı olduğu kanaatindeyim. Değerli hocama bundan dolayı çok minnettarım.

Bu çalışmalar sayesinde özgün düşünme kabiliyeti edindim ve yüksek okulu bitirdikten sonra doktorayı kazanmam gerektiği konusundaki kararlılığım gün geçtikçe pekişiyordu. Hayat işte böyle derslerle geçiyordu. 1952 yılının Haziran ayında mezuniyet sınavlarımız başladı, sınavlardan "pekiyi" derece ile geçerek "Üstün Başarı Diploması"yla mezun oldum. O yılın güz mevsiminde yapılacak doktoraya giriş sınavları beni bekliyordu artık.

Sınavlar başlamadan önce aday sayısının yüksek olduğunu öğrendim ve bu yüzden sınav öncesinde psikolojik gerginliğim çok yükselmişti. Benimle birlikte adayların hepsi sonuçları sabırsızlıkla bekliyordu. Sonuçlar açıklandığında ben çok sevindim, çünkü tüm sınavları "pekiyi" derece ile kazanmışım. Kısacası, kendimi artık doktora öğrencisi kabul ediyordum, ama zorluklar bununla sınırlı kalmadı. O dönemlerde okuduğum Devlet Üniversitesi doğrudan SSCB Eğitim Bakanlığı'na bağlı olduğundan Bakanlık onayı 2 ay sonra çıktı ve nihayet, 20 Ekim 1952'de derslerimiz başladı.

Teorik derslere verilen 1.5 yıllık süre oldukça çabuk geçti. Yeterlilik sınavlarını zamanından önce verdim, çünkü planlarım değişmişti. Ben M.V. Lomonosov Moskova Devlet Üniversitesinde doktora programına yatay geçiş yapmaya heveslendim. Ama benim acemiliğim ve titizliğim yüzünden bu çok zor oldu. Sonunda Moskova Devlet Üniversitesi Felsefe Bölümüne asistan olarak alındım. Doktora danışmanım olarak Prof. Dr. Mihail Feodotoviç Ovsyannikov atandı. O bu bölümdeki Estetik dersinin tek uzmanıydı. Daha sonra bölümdeki ortama alıştım, hocalar çok iyi niyetliydi ve ben de çabucak alıştım.

Lenin tepecikleri üzerindeki Moskova Devlet Üniversitesinin binası beni son derece etkilemişti. Çünkü bu kadar muazzam binayı daha önce görmemiştim. Moskova'da bile bu bina kadar güzel yapılmış bina az idi ve hergün binayı görmek için uzun uzun kuyruklar oluşuyordu. O dönemlerde Üniversite binası Sovyet

vatandaşları tarafından resmen bir mucize olarak kabul edilirdi. Bizler, Üniversite öğrencileri olarak bu eşi benzeri olmayan binada eğitim gördüğümüz için son derece memnunduk. Çünkü fakülteler ve yurtlar da aynı alandaydı.

Yavaş yavaş Moskova'nın görmeye değer diğer yerlerini tanımaya başladım. Opera ve Bale Tiyatrosu, Moskova Akademi Tiyatrosu, V. Mayakovski Tiyatrosu, B.B. Vajtangov Tiyatrosu, Küçük Tiyatro, Tretyakov Resim Galerisi ve diğer yerler beni son derece etkilemişti.

